КЫРГЫЗ БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ 2018

Бишкек-2019

*Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жыл үчүн жылдык отчету*

Улуттук банктын 2018-жыл үчүн отчету Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-декабрындагы №206 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамынын 54 жана 55-беренелерине ылайык даярдалган.

Жылдык отчет Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 20-мартындагы № 2019-П-10/13-2-(ВД) токтому менен бекитилген.

Улуттук банктын 2018-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчету Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-апрелиндеги № 2019-П-15/18-1-(ВД) токтому менен бекитилген.

Улуттук банктын 2018-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн өзүнчө финансылык отчету Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-апрелиндеги №2019-П-15/18-1-(ВД) токтому менен бекитилген.

**Редакциялык кеңеш:**

| | |
|---|---|
| Төрага | Н. Жениш |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Джусупов Т. Дж. |
| | Айдарова А. К. |
| | Акулуева М. А. |
| | Алыбаева С. К. |
| | Карабаева А. М. |
| | Каракожаев А. М. |
| | Султанкулов И. Дж. |
| Жооптуу катчы | Сырдыбаева Н. М. |

Жылдык отчет Улуттук банктын Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун кызматкерлери тарабынан мамлекеттик тилге которулган.

Басылманын мазмунуна жана аны таркатууга байланыштуу суроолор менен 720001, Бишкек шаары, Чүй проспекти 168 дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын Басылмалар тобуна кайрылуу зарыл.

| | |
|---|---|
| телефону: | (996 312) 61 08 59 |
| факсы: | (996 312) 61 09 92 |
| электрондук почта: | nsyrdybaeva@nbkr.kg |
| расмий интернет-сайт: | www.nbkr.kg |

Сандардын тегеректелишинен улам, акыркы катарда чагылдырылган суммалар дал келбей калышы мүмкүн.

Басылманы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен гана кайра басууга жол берилет, ал эми шилтеме келтирүүдө булагын милдеттүү түрдө көрсөтүү талап кылынат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2019-жыл.

Бишкек шаары, К. Тыныстанов атындагы көчө, 197/1 дареги боюнча жайгашкан "M-MAXIMA" ЖЧКсы тарабынан басып чыгарылган.
Басып чыгарууга 2019-жылдын 23-апрелинде кол коюлган.
2019-жылдын 30-апрелинде 250 нускада чыгарылган.

# МАЗМУНУ


**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын кириш сөзү ....................................................5**

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2018-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2018-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮҮ БАГЫТЫ....................................................8

1.1. Экономиканын реалдуу сектору ....................................8

1.2. Мамлекеттик финансы сектору ....................................10

1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми................12

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2018-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ.............................16

2.1. Акча-кредит саясатынын максаты жана милдеттери 16

2.2. Акча-кредит саясатын ишке ашыруу .........................17

2.2.1. Ачык рынокто ишке ашырылган операциялар....19

2.2.2. Банктар аралык акча рыногунда ишке ашырылган операциялар.......................................20

2.2.3. Банктарды кайра каржылоо операциялары .........22

2.2.4. Ички валюта рыногунда ишке ашырылган операциялар ....................................................................23

2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар................................25

2.3. Эл аралык камдарды тескөө........................................26

2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары ....................28

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ ЖАНА АЛАРДЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ ................................................................32

3.1. Коммерциялык банктардын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу .....................................32

3.1.1. Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама .32

3.1.2. Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо .42

3.1.3. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө ...43

3.1.4. Таасир этүү чаралары ...........................................46

3.1.5. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы .................................46

3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу ......................................48

3.2.1. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү боюнча баяндама .............................................48

3.2.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо ....................................................................52

3.2.3. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө ...........................................................54

3.2.4. Таасир этүү чаралары ...........................................54

3.2.5. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы..55

3.3. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо ...........................56

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ ..................................57

4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү....................................57

4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр ........................................57

4.1.2. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары .....................................................62

4.1.3. Төлөм системасынын ишин көзөмөлдөө (оверсайт) .........................................................................63

4.1.4. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар.........................................................63

4.2. Нак акча жүгүртүлүшү ................................................64

5-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ ...................71

5.1. Эл аралык кызматташуу .............................................71

5.2. Коомчулук менен иш алып баруу жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу .........................73

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР.......78

6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү .................................................78

6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдагы иши................................88

6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү..................................90

6.4. Финансылык консультанттын милдетин аткаруу ......91

6.5. Ички аудит жана ички контролдоо системасы ...........95

**III. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. 2018-жылы акча-кредит чөйрөсүндө болуп өткөн негизги окуялар хронологиясы .................98

2-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер).......................................109

3-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары .....134

4-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси.............139

**Урматтуу окурмандар!**

2018-жыл өлкөбүздүн улуттук валютасы – кыргыз сомунун жүгүртүүгө чыгарылышынын 25 жылдыгы менен белгилүү болду. Эгемендүү мамлекеттин чейрек кылым мурда өзүнүн валютасын колдонууга киргизүү жөнүндө кабыл алган чечими акча-кредит саясатын өз алдынча жүргүзүүгө негиз салган чечимдерден болгон. Өнүгүү жолунда бүгүнкү күнгө чейинки басып өткөн жолубуз – валюталык режимдин, монетардык саясат тармагында кабыл алынган чаралардын туура тандалганын, финансы-кредит уюмдары менен нак эмес формада төлөм жүргүзүү системаларынын туура багытта өнүгүп жатканын айгинелеп турат.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк макроэкономикалык туруктуулукту жана инфляциянын төмөнкү чекте сакталышын колдоо багытында иштерди уланткан. Жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясаты өлкөдө баанын туруктуу сакталышын камсыз кылуу менен катар эле экономикалык активдүүлүктү колдоого багытталган. Борбордук банктын кабыл алган чаралары акча-кредит саясатынын инструменттерин өркүндөтүү, ошондой эле экономиканын артыкчылыктуу тармактары менен региондорун рынок чененен төмөн ченде кредиттөө максатын көздөйт.

Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча кабыл алынган мамлекеттик программа да региондорду өнүктүрүүгө жана көмүскө экономиканы кыскартууга багытталган. Анын үчүнчү баскычын жүзөгө ашырууга Улуттук банк 2018-жылы киришкен. Жалпысынан алганда, банк жана төлөм кызматтарын кеңири жайылтуу боюнча иштер активдүү жүргүзүлүп, рынок катышуучулары тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн кеңейгендигин белгилөөгө болот.

Кыргыз Республикасынын финансы-кредит уюмдары финансылык ортомчулук деңгээлин жогорулатуу үчүн негизги көрсөткүчтөрдүн жана потенциалдын алгылыктуу динамикасын көрсөтүү менен өздөрүнүн туруктуу өнүгүүсүн улантышкан. Акыркы жылдар ичинде байкалган кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин жана долларлашуу деңгээлинин төмөндөө тенденциясы уланган. 2018-жыл ичинде банктардын капиталдарынын минималдуу өлчөмдөрүн жогорулатуу банк системасынын туруктуулугун бекемдөөгө жана ишенимдүүлүгүн арттырууга өбөлгө түзгөн.

Коммерциялык банктардын ишин жөнгө салуу ыкмаларын өркүндөтүү жагында Улуттук банк 2018-жылы жаңы сапаттуу деңгээлге кадам шилтеген, атап айтканда, тобокелдиктерди системалык түрдө алдын алууга багытталган, эл аралык алдыңкы тажрыйбаны тартуулаган көзөмөлгө толук өткөн.

Улуттук банктын 2018-жыл үчүн жылдык отчету Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык даярдалды жана жүктөлгөн функцияларды аткаруу жагындагы борбордук банктын аткарган ишин чагылдырат, ошондой эле көз карандысыз эл аралык аудит тарабынан тастыкталган финансылык отчетту камтыйт.

Улуттук банк ушул отчетту даярдоодо ачык-айкындуулук, тактык жана маалыматтарды толук чагылдыруу принцибине таянган.

**Ишиңиздерге ийгилик каалап,**

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2018-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# 1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2018-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮҮ БАГЫТЫ

2018-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасынын алгылыктуу өсүш арымы сакталып турган. Инфляция орточо деңгээлде орун алып, Улуттук банктын максаттуу көрсөткүчүнөн жогорулаган эмес. Экономикалык өсүш экономиканын негизги секторлорунун эсебинен камсыздалган. Ошондой эле акча которуулардын алгылыктуу агымы жана түрткү берүүчү акча-кредит саясаты тарабынан колдоого алынган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тең салмакта жүргүзгөн бюджет-салык саясаты мамлекеттик бюджет тартыштыгын төмөндөтүүгө өбөлгө түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик бюджеттин күндөлүк тартыштыгын каржылоонун негизги булагы катары суроо-талаптын кыйла жогорулоосунан улам МКОлорду жигердүү жайгаштыруу саналган.

Тышкы экономикалык сектордо соода балансынын терс сальдосунун жогорулашы күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгынын кеңейишине өбөлгө түзгөн. Күндөлүк эсеп тартыштыгы капиталдын агылып киришинин жана финансылык операциялардын эсеби боюнча каржыланган. Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу терс мааниде түптөлгөн. 2018-жылдын акырына карата дүң эл аралык резервдер көлөмү келечекте товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 4,5 айын камсыз кылуу үчүн жетиштүү болгон.

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору[1]

2018-жыл жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын экономикасы алгылыктуу өсүш арымга ээ болгон. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (Улуттук статистика комитети) алдын ала маалыматына ылайык күндөлүк бааларда ички дүң өнүм (ИДӨ) көлөмү реалдуу мааниде алганда 3,5 пайызга жогорулоо менен 557,1 млрд сомду

***1.1.1-таблица.***
Ички дүң өнүмдүн түзүмү

| | 2017-жыл | | | 2018-жыл | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүшкө салым, *п.п.* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүшкө салым, *п.п.* |
| **ИДӨ** | **100** | **4,7** | **4,7** | **100** | **3,5** | **3,5** |
| Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 12,5 | 2,2 | 0,3 | 11,6 | 2,7 | 0,3 |
| Өнөр жай | 18,7 | 8,9 | 1,6 | 18,6 | 5,5 | 1,0 |
| *Пайдалуу кендерди казып алуу* | 1,0 | 58,4 | 0,4 | 1,0 | 8,1 | 0,1 |
| *Иштетүү өндүрүшү (Кайра иштетүү өнөр жайы)* | 15,0 | 6,7 | 1,0 | 15,2 | 5,0 | 0,8 |
| *Электр энергиясы, газ, буу жана тазаланган аба менен камсыздоо (жабдуу)* | 2,5 | 10,1 | 0,2 | 2,2 | 5,0 | 0,1 |
| *Суу менен камсыздоо, калдыктарды тазалоо, иштеп чыгуу аркылуу кайра пайдалануучу чийки затты алуу* | 0,3 | 5,3 | 0,01 | 0,3 | 27,7 | 0,1 |
| Курулуш | 8,6 | 7,9 | 0,7 | 8,8 | 7,8 | 0,7 |
| Кызмат көрсөтүү | 47,1 | 3,3 | 1,6 | 46,8 | 2,1 | 1,0 |
| *Дүң жана чекене соода; автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо* | 17,8 | 7,1 | 1,3 | 18,2 | 5,1 | 0,9 |
| *Транспорт иш чөйрөсү жана жүктөрдү сактоо* | 3,9 | 9,4 | 0,4 | 4,0 | 3,9 | 0,2 |
| *Маалымат жана байланыш* | 3,1 | -16,7 | -0,6 | 3,0 | -7,5 | -0,2 |
| *Жана башкалар* | 22,3 | 2,3 | 0,5 | 21,7 | 0,6 | 0,1 |
| Азык-түлүктөн таза (субсидияларды эсептен алып салуу менен) салыктар | 13,1 | 4,7 | 0,6 | 14,1 | 3,5 | 0,5 |

*Булагы: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети*



[1] Маалыматтар алдын ала алынган жана дүң кошумча нарк боюнча келтирилген.

түзгөн (2017-жылы өсүш 4,7 пайызды түзгөн). ИДӨ дефлятору 2017-жылдагы 6,3 пайызга каршы 1,5 пайыз деңгээлинде түптөлгөн. Өлкөнүн экономикасынын өсүшү, негизинен, өнөр жай, соода, курулуш жана айыл чарба секторлорундагы өндүрүштүн жигердүүлүгүнүн эсебинен түптөлгөн. “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда ИДӨнүн өсүшү 3,5 пайызды түзгөн (2017-жылы – 5,1 пайыз).

*Өнөр жай*

2018-жыл жыйынтыгы боюнча өнөр жай секторунда 5,5 пайызга өсүш белгиленген. “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, өнөр жай продукциясын өндүрүү көлөмү жыл жыйынтыгында 7,3 пайызга жогорулаган. Экономиканын өсүшүнө өнөр жай тармагынын салымы алгылыктуу болуп, 1,0 пайыздык пункт чегинде катталган, бул 2017-жылдагы ушул эле мезгилге салыштырганда 0,6 пайыздык пунктка аз.

Өнөр жай продукциясынын көлөмүнүн жогорулашы негизги металлдарды жана даяр металл буюмдарын, азык-түлүктөрдү (суусундуктарды кошо алганда), тамекини, резинадан жана пластмассадан жасалган буюмдарды, металл эмес башка минералдык заттарды, тазаланган мунай заттарын, текстиль өндүрүшүн, кийим-кече жана бут кийимди, булгаарыны жана булгаарыдан башка буюмдарды чыгаруу, пайдалуу кендерди өндүрүү, электр энергиясы, газ жана буу менен камсыздоо көлөмүнүн өсүшү менен камсыздалган.

ИДӨ түзүмүндө өнөр жайдын салыштырма салмагы 2018-жылы 18,6 пайызды түзүү менен 2017-жылга салыштырганда анчалык өзгөргөн эмес.

***1.1.1-график.***

ИДӨнүн экономикалык иш багыттары боюнча түзүмү




*Айыл чарба*

Отчеттук мезгил ичинде алгылыктуу аба-ырайы шарттары айыл чарба секторунун өндүрүш көлөмүнө таасирин тийгизген. Бул сектордо реалдуу өсүш 2017-жылдагы 2,2 пайызга каршы 2,7 пайызды түзгөн. Айыл чарбанын ИДӨнүн өсүшүнө салымы 2017-жылы сыяктуу эле 0,3 пайыздык пунктту түзгөн, бул өсүмдүк өстүрүү (3,4 пайыз), ошондой эле мал чарбачылыгы (2,2 пайыз) тармактарында өндүрүш көлөмүнүн жогорулашы менен шартталган.

ИДӨ түзүмүндө айыл чарбанын салыштырма салмагы 2018-жылы 11,6 пайызды түзгөн.

*Соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү*

Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө 2,1 пайызга өсүш байкалган, ал негизинен дүң жана чекене соода жүргүзүү көлөмүнүн, автоунаа жана мотоциклди ремонттоо көлөмүнүн (5,1 пайызга), ошондой эле транспорттук жана жүк сактоо иш көлөмүнүн (3,9 пайызга) өсүшүнүн эсебинен камсыздалган. Мында байланыш кызматтарын (7,7 пайызга) сунуштоодон түшкөн кирешелердин олуттуу төмөндөшү маалымат жана байланыш (7,5 пайызга) чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр секторунун өсүшүнө ооздуктоочу таасир тийгизген.

Дүң жана чекене соода жүргүзүүнүн, автоунааларды жана мотоциклдерди ремонттоонун жалпы көлөмүнүн өсүшү бул тармактын бардык түзүүчүлөрүнүн, атап айтканда, автоунааларды жана мотоциклдерди сатуудан тышкары дүңүнөн соода жүргүзүүнүн көбөйүшүнүн эсебинен шартталган.

*Курулуш*

2018-жылы курулуш секторунун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 2017-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 7,8 пайызга жогору түптөлгөн, бул негизги капиталга инвестициялар көлөмүнүн өсүшү менен шартталган. Аталган сектордун ИДӨнүн калыптанышына салымы 2017-жылы катталган деңгээлде сакталуу менен 0,7 пайыздык пункт деңгээлинде түптөлгөн.

*Инвестициялар*

Кароого алынган мезгил ичинде өздөштүрүлгөн негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 3,3 пайызга өскөн (2017-жылы ушул эле көрсөткүчтүн өсүшү 6,6 пайызды түзгөн), бул банктардын кредиттеринин (2,0 эсе), чет өлкө гранттарынын жана гуманитардык жардамдын (1,4 эсе), ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын (35,7 пайыз) жана калктын каражаттарынын (18,9 пайыз) эсебинен каржыланган инвестициялардын артышынан улам шартталган. Ошол эле учурда, негизги капиталга инвестициялардын өсүшүн кармап туруучу таасирди чет өлкө кредиттеринин (42,2 пайызга), республикалык бюджеттин (26,4 пайызга), тике чет өлкө инвестицияларынын (25,5 пайызга) жана жергиликтүү бюджеттин (18,8 пайызга) эсебинен каржыланган инвестициялардын төмөндөөсү тасирин тийгизген.

## 1.2. Мамлекеттик финансы сектору[1]

*Бюджет-салык саясаты*

Кыргыз Республикасында жана соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүндө алгылыктуу экономикалык өсүш арымы, ошондой эле бюджеттик чыгашаларды төмөндөтүү чаралары 2018-жылы фискалдык консолидация жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берди. Чыгашалардын белгилүү бир түрүн кыскартуу жана мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин алгылыктуу өсүш арымы мамлекеттик бюджет тартыштыгынын 2017-жылдагы ИДӨгө карата 3,1 пайыздан 2018-жылы ИДӨгө карата 1,1 пайызга чейин төмөндөшүнө алып келген. Бюджеттин баштапкы балансы[2] жыл ичинде ишке ашырылып келген күчөтүлгөн бюджет-салык саясатынан улам алгылыктуу түптөлгөн.

Мамлекеттик бюджеттин операцияларды ишке ашыруу ишинен кирешелери 2017-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 1,3 пайызга жогорулоо менен 151,5 млрд сомду же ИДӨгө карата 27,2 пайызды түзгөн. Бюджеттик кирешелердин түзүмүндө негизги үлүштү ээлеген салыктык кирешелер бюджеттин ресурстук бөлүгүн толуктоонун негизги булагы бойдон калган. Жыл ичинде 2017-жылга салыштырганда салыктык түшүүлөрдүн көлөмүнүн кыйла жогору болгондугу байкалган, бул салыктарды администрлөөнү жакшыртуудан, ошондой эле ыңгайлуу тышкы экономикалык шарттардан улам түптөлгөн. Ошол эле учурда 2018-жылы жалпы кирешелердин өсүш арымына оздуктоочу таасирди салыктык эмес кирешелердин жана өткөн жылга караганда расмий трансферттердин кыскарышы таасирин тийгизген.

2018-жылы “Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, Улуттук банктын мамлекеттик бюджетке пайданы чегерүүсү 70 пайыздан 90 пайызга чейин жогорулатылган жана 2,1 млрд сомду түзгөн.

[1] Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдын ала маалыматтары.

[2] Баштапкы баланс – мамлекеттик карызды тейлөө боюнча пайыздык төлөм суммаларын эске алуусуз мамлекеттик бюджет тартыштыгы/профицити.

***1.2.1-график.***

Мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөр түзүмү




Отчеттук жыл ичинде мамлекеттик бюджеттин операцияларды ишке ашыруу ишине чыгашалардын өсүш арымы басаңдагандыгы байкалган, ал 3,3 пайызды түзгөн (2017-жылы – 7,7 пайыз), мындай басаңдоонун негизги фактору катары товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жана колдонууга сарптоолорду кыскартуу саналган.

Функционалдык классификация боюнча чыгашалар түзүмүндө жалпы чыгашалардын өсүшүнө негизги салым социалдык коргоого жана жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга сарптоолор тарабынан кошулган. Өз кезегинде, саламаттыкты сактоого, экономикалык маселелерге жана турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө чыгашалардын кыскарышы күндөлүк чыгашалардын өсүш арымына оздуктоочу таасирин тийгизген.

Негизги фондулардын, запастардын жана өндүрүштүк эмес активдердин бардык түрлөрүн сатып алууга, капиталдык ремонттоого жана түзүүгө байланыштуу чыгашаларга кирген мамлекеттик бюджеттин капиталдык чыгашалары жыл жыйынтыгы боюнча 29,9 пайызга же 12,3 млрд сомго төмөндөгөн.

2018-жыл жыйынтыгы боюнча мамлекеттик карыз 2017-жылдагы 312,5 млрд сомго же ИДӨгө карата 58,9 пайызга каршы 311,8 млрд сомду же ИДӨгө карата 56,0 пайыз чегинде катталган. Мамлекеттик карыз түзүмүндө тышкы карыздын жогору үлүшү – 85,7 пайызды, ал эми ички карыз үлүшү 14,3 пайызды түзгөн. Мамлекеттик карызды тейлөөгө чыгашалар 24,0 млрд сомду же ИДӨгө карата 4,3 пайызды, алардын ичинен пайыздык төлөөлөр 7,1 млрд сомду же ИДӨгө карата 1,3 пайызды түзгөн.

*МКВ жана МКО рыногу*

2018-жылы мамлекеттик бюджеттин күндөлүк тартыштыгы негизинен ички булактардын эсебинен каржыланган. Алсак, бюджет тартыштыгын каржылоо максатында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик казына векселдерин (МКВ)[1] жана мамлекеттик казына облигацияларын (МКО)[2] чыгарган. МКВларды жана МКОлорду баштапкы жайгаштыруу боюнча аукциондор аларды жайгаштыруу жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча агент болуп саналган Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн.

Мында, кароого алынган мезгил ичинде МКВлардын эсебинен мамлекеттик бюджет тартыштыгын каржылоо көлөмү 2017-жылга салыштырганда кыскарган, алсак, 2018-жылы МКВларды сунуштоо көлөмү 3,1 млрд сомду түзгөн, бул 2017-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 38,2 пайызга аз. Мында суроо-талаптын жалпы көлөмү 8,7 млрд сомдон 4,5 млрд сомго чейин төмөндөгөн. Натыйжада, МКВларды айкын жайгаштыруу көлөмү 2,6 млрд сомду, орточо салмактанып

[1] МКВ – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1 жылга чейинки жүгүртүү мөөнөтү менен кыска мөөнөттүү дисконттук мамлекеттик баалуу кагаздары.

[2] МКО – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1 жылдан жогору жүгүртүү мөөнөтү менен пайыздык кирешеге (купон) ээ узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздары.

алынган кирешелүүлүк – 5,6 пайызды түзгөн (2017-жылы – 4,2 млрд сом, орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк 5,0 пайыз чегинде катталган). 2018-жылдын акырына жүгүртүүдөгү МКВлардын көлөмү жыл башынан тартып 10,1 пайызга төмөндөө менен 2,6 млрд сомду түзгөн.

МКОлордун эсебинен мамлекеттик бюджет тартыштыгын каржылоо көлөмү отчеттук мезгил ичинде кыйла өскөн. Отчеттук мезгил ичинде МКОлорду сунуштоо көлөмү 15,2 млрд сомду түзгөн (жыл ичинде +63,9 пайыз). Эмитент тарабынан 2, 3, 5, 7 жана 10 жылдык жүгүртүү мөөнөтү менен МКОлор сунушталган. Инвесторлордун да МКОго суроо-талабы 30,1 млрд сомго чейин кыйла өскөндүгү байкалган (2017-жылы – 17,0 млрд сом). Жыйынтыгында МКОлорду[1] жайгаштыруу көлөмү 19,5 млрд сомду, орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк боюнча 11,8 пайызды түзгөн (2017-жылы – 13,1 млрд сом, орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк боюнча – 13,0 пайыз). 2018-жыл жыйынтыгында жүгүртүүдөгү МКО[2] көлөмү жыл башынан тартып 58,5 пайызга көбөйүү менен 37,6 млрд сомду түзгөн.

2018-жылы чет өлкө валютасында номинацияланган МКОлорду жайгаштыруу аукциону өткөрүлгөн эмес. Ушуга байланыштуу, жүгүртүүдөгү МКОлордун көлөмү биринчи аукциондон тартып өзгөрүүсүз калып, 49,4 млн АКШ долларын түзгөн.

## 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми

Алдын ала маалыматтар боюнча күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосу 2018-жылы жогорулап, 701,8 млн АКШ доллары же ИДӨгө карата 8,7 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (2017-жылы ИДӨгө карата күндөлүк эсеп тартыштыгы 6,2 пайызды түзгөн). Күндөлүк эсептин терс сальдосунун өсүшү күндөлүк трансферттердин таза агылып кирүүсүнүн орточо өсүшүнүн алкагында товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгынын көбөйүүсү менен шартталган.

***<u>1.3.1-график.</u>***

Күндөлүк операциялар эсеби




*Тышкы соода*

Отчеттук жылы импорттук сунуштоо жогорулап, ал эми экспорт 2017-жылы катталган деңгээлде сакталып калган. Натыйжада соода балансынын тартыштыгы 16,6 пайызга көбөйгөн (2,8 млрд АКШ долларына чейин).

[1] Кошумча жайгаштырууну эске алуу менен.
[2] Чет өлкө валютасында номинацияланган МКОлорду эске алуусуз.

Товарлар экспорту (ФОБ баасында) отчеттук жыл ичинде 0,1 пайызга өсүп, 1,8 млрд АКШ доллары[1] өлчөмүндө түптөлгөн. Экспорттун эң ири статьясы катары алтын экспорту катталууда, анын отчеттук мезгил ичиндеги нарктык көлөмү сунуштоонун айкын көлөмүнүн азайгандыгынан улам 5,2 пайызга төмөндөгөн. Мында алтынды эске алуусуз экспорт 3,4 пайызга өсүп, 1,2 млрд АКШ долларын түзгөн. Металл сыныктарын, кийим-кечени, портландцементти, мунай заттарын, пахтаны, көмүрдү жана бир катар башка товарларды сунуштоо көлөмүн жогорулагандыгы белгиленген. Ошону менен катар, жашылча жана жемиштерди, тамекини, электр тогун, бут кийимди жана товарлардын башка категорияларын экспорттоо көлөмүнүн кыскаргандыгы байкалган.

Отчеттук жылы ЕАЭБге экспорттук сунуштоо көлөмүнүн 5,0 пайызга жогорулагандыгы белгиленген, бул кийим-кечени, пахтаны, пластмасса буюмдарын, сүт жана сүт азыктарын сунуштоонун эсебинен шартталган.

Товарлар импорту (ФОБ баасында) отчеттук жыл ичинде 9,5 пайызга жогорулоо менен 4,6 млрд АКШ доллары чегинде калыптанган. Импорттун өсүшү кийим-кече, бут кийим, электр линиясындагы аппараттар, чоюн жана болот сыяктуу бир катар башка товарларды сунуштоо көлөмүн арттыруунун эсебинен камсыздалган. Ушуну менен катар, кездемени, дан эгиндерин, дары-дармектерди жана бир катар башка товарларды импорттоо көлөмүнүн азайгандыгы белгиленген. Мындан тышкары, отчеттук жылы сунуштоонун айкын көлөмүнүн азайгандыгынын эсебинен мунай заттарын алып келүү көлөмү 2,7 пайызга азайгандыгы байкалган.

ЕАЭБ өлкөлөрүнөн импорттук сунуштоо отчеттук жыл ичинде 4,5 пайызга төмөндөгөн. Мындай кыскаруу мунай заттарынын, дан эгиндеринин, дары-дармектердин, кант жана башка ушул сыяктуу товарлардын азайгандыгынын эсебинен импорт көлөмүнүн төмөндөшү менен шартталган.

2018-жыл жыйынтыгы боюнча алдын ала алынган маалыматтарга ылайык, кызмат көрсөтүүлөр экспортунун 1,2 пайызга, ал эми кызмат көрсөтүүлөр импортунун – 5,8 пайызга жогорулагандыгы байкалган. Натыйжада, кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгы 47,2 пайызга жогорулап, 135,5 млн АКШ долларын түзгөн.

*Акча которуулар*

Күндөлүк трансферттердин таза агылып кирүү көлөмү 2017-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2,2 пайызга жогорулоо менен 2,4 млрд АКШ долларын түзгөн. Күндөлүк трансферттер түзүмүнүн олуттуу көлөмү эмгек мигранттардын акчалай которуулары менен камсыздалган. 2018-жыл жыйынтыгы боюнча акча которуу системалары аркылуу жеке адамдардын акча каражаттарын которууларынын таза агымы 2,1 млрд АКШ долларын түзгөн (2017-жылы – 2,0 млрд АКШ доллары).



[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен.

***1.3.2-график.***
Акча которуу системалары аркылуу жеке адамдардын акча которуу динамикасы




Кирешелердин терс сальдосу 44,0 пайызга кыскарган (208,1 млн АКШ долларына чейин), бул резидент эместерге төлөөгө чегерилген тике инвестициялар боюнча кирешелердин төмөндөөсүнөн улам түптөлгөн.

*Капиталдын жылышы эсеби*

Отчеттук жыл ичинде капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин сальдосу 16,0 пайызга жогорулап, 557,8 млн АКШ долларын түзгөн. Финансылык эсеп боюнча капиталдын келип түшүүсүнүн олуттуу бөлүгү тике жана башка инвестициялардын эсебинен камсыздалган. Өлкөгө тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсү 48,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн, ал эми 2017-жылы 78,1 млн АКШ доллары өлчөмүндө каражаттардын таза агылып чыгуусу байкалган.

“Башка инвестициялар” статьясынын сальдосу 2017-жылдагы деңгээлден 59,8 пайызга төмөн калыптанган (179,7 млн АКШ доллары), бул Кыргыз Республикасынын резиденттеринин чет өлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин төмөндөөсү астында жүргөн.

*Жалпы баланс*

2018-жыл жыйынтыгы боюнча “каталар жана калтырып кетүүлөр” статьясынын алгылыктуу сальдосу 139,2 млн АКШ долларын түзгөн, бул операцияларды каттоо учуруна, маалыматтардын толук камтылбагандыгына же болбосо ар башка булактардан алынган маалыматтарды пайдаланууга байланыштуу статистикалык айырмачылыктар бар экендигин тастыктайт.

Төлөм теңдеминин сальдосу 4,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн (2017-жылы 147,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө алгылыктуу баланс).

Дүң эл аралык камдардын (резервдердин) көлөмү отчеттук жылдын акырына карата 2 155,5 млн АКШ доллары эквивалентин түзгөн, бул келечекте товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 4,5 айынын ордун жабууга ылайык келет.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2018-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# II

# 2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

2018-жыл ичинде Кыргыз Республикасында инфляция орточо төмөн деңгээлде сакталып турган жана 0,5 пайыздан 3,5 пайызга чейинки диапазондо өзгөрүлүп турган. Ички сыяктуу эле, импорттолуучу өндүрүштө да азык-түлүк товарлар сунушунун жогору болушу баалардын өсүш арымынын төмөн болушун шарттаган.

2018-жылы товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баанын бир калыпта кармалып өсүшү жана орто мөөнөттүү мезгилге инфляция боюнча болжолдоолордун алгылыктуу түптөлүшү Улуттук банкка өбөлгө түзүүчү акча-кредит саясатын жүргүзүүгө шарт түзгөн.

Улуттук банк жылдын май айында эсептик ченин 5,00 пайыздан 4,75 пайызга чейин төмөндөтүү менен өз пайыздык саясатын жеңилдеткен, мындай деңгээл отчеттук жылдын акырына чейин сакталып турган.

Улуттук банк кароого алынып жаткан мезгил ичинде экономиканын артыкчылыктуу тармактарын, анын ичинде өлкө региондорун өнүктүрүү максатында каржылоону уланткан.

2018-жылы акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында монетардык саясаттын инструменттерин өркүндөтүү жана оптимизациялоо боюнча чаралар көрүлгөн.

Борбордук банк өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу режиминин негизинде, 2018-жыл ичинде алмашуу курсунун кескин өзгөрүшүнө жол бербөө максатында ички валюта рыногуна катышып келген.

Отчеттук жылы коомчулуктун Улуттук банк тарабынан жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясаты боюнча түшүнүгүн калыптандырууга жана ишенимин арттырууга багытталган акча-кредит чаралары жагында ачык-айкын маалымат саясаты улантылган.

Акча-кредит саясатынын милдеттерин аткаруу максатында эл аралык резервдерди (камдарды) тескөө иши ликвиддүүлүктүн жана коопсуздуктун артыкчылыктарын эске алуу менен жүзөгө ашырылган. Улуттук банк эл аралык резервдер көлөмүн толуктоо максатында ички рынокто алтынды сатып алуу боюнча операцияларды ишке ашырган.

МАЗМУНУ

## 2.1. Акча-кредит саясатынын максаты жана милдеттери

*Улуттук банктын максаты*

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баа туруктуулугуна жетишүү жана аны кармап туруу Улуттук банктын максаты болуп саналат.

Макроэкономикалык туруктуулукту сактоодо баанын туруктуу деңгээлинин камсыз кылынышы жана алгылыктуу инфляциялык чөйрөнүн түптөлүшү маанилүү ролду ойнойт, бул Кыргыз Республикасынын узак мөөнөттүү экономикалык өнүгүшүнүн ажырагыс шарты болуп саналат.

Инфляцияны Акча-кредит саясатынын орто мөөнөттүү мезгилге каралган негизги багыттарында[1] белгиленген 5-7 пайыз орто мөөнөттүү көрсөткүчүнүн чегинде кармап туруу акча-кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчү болуп саналган.

*Акча-кредит саясатынын негизги милдеттери*

Улуттук банктын 2018-жылы орто мөөнөттүү келечекте инфляцияны таргетирлөө режимине бара-бара өткөрүү боюнча белгиленген пландарын ишке ашыруунун алкагында, Улуттук банк акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизмин өркүндөтүү, банктар аралык акча рыногун жандандыруу, ошондой

[1] Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 13-декабрындагы №2017-П-07/51-1-(ДКП) токтому менен жактырылган.

эле акча-кредит саясатынын инструменттеринин натыйжалуулугун жана колдонуу ыңгайлуулугун жогорулатуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырган.

**Акча-кредит саясатынын 2018-жылдагы негизги милдеттери:**

| | | |
|---|---|---|
| акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин пайыздык каналын өркүндөтүү | акча-кредит саясатынын инструменттеринин натыйжалуулугун жана колдонуу ыңгайлуулугун жогорулатуу | банктар аралык акча рыногун жандандыруу жана өнүктүрүү |
| банк тутумунда үстөк ликвиддүүлүктү жөнгө салуу үчүн арылтуу операцияларын көбөйтүү | банк тутумунда ликвиддүүлүктү болжолдоону өркүндөтүү жагында моделдик аппаратты кеңейтүү | акча-кредит саясатынын чараларын талдап-иликтөө жана ишке ашыруу инструменти катары натыйжалуу кыйыр кирешелүүлүктү түптөө |
| | экономикада акча сунушунун тең салмактуу деңгээлин түптөө | |

## 2.2. Акча-кредит саясатын ишке ашыруу

2018-жылы акча-кредит саясатынын курсу орточо төмөн инфляцияны камсыз кылууга багытталган, бул Кыргыз Республикасынын экономикалык өсүшүнүн алгылыктуу реалдуу арымын колдоого көмөк көрсөткөн.

Улуттук банк баа туруктуулугун колдоо үчүн монетардык саясаттын бардык инструменттер спектрин колдонуу менен акча-кредит саясатын ишке ашырган.

Акча-кредит саясатынын тактикалык чаралары Улуттук банктын акча рыногунун кыска мөөнөттүү пайыздык чендерине таасирин күчөтүүгө багытталган, алар “узун акчанын” да наркын түзөт.

*Пайыздык саясат*

Улуттук банктын эсептик чени (негизги чен) монетардык саясаттын негизги инструменти болуп сакталып калган, ал боюнча чечимдер инфляцияны талдап-иликтөөнүн жана болжолдоонун, анын ички факторлору сыяктуу эле, тышкы факторлорунун да негизинде кабыл алынган.

Улуттук банк өлкөдөгү инфляциялык процесстердин басаңдашын жана түптөлгөн макроэкономикалык шарттарды эске алуу менен отчеттук жылы өз пайыздык саясатын жеңилдетүүнү уланткан. 2018-жылдын май айында Улуттук банктын эсептик чени 5,00 пайыздан 4,75 пайызга чейин төмөндөгөн жана жылдын экинчи жарымында да эч өзгөрүүсүз калган.

Негизги чендин өзгөрүүсүнө байланыштуу, ошондой эле акча рыногунун ченине анын таасирин күчөтүү максатында, пайыздык чендин чеги корректировкаланган: жогорку чекти аныктаган “овернайт” кредити боюнча чен 6,25 пайыздан 6,00 пайызга чейин төмөндөтүлсө, “овернайт” депозити боюнча төмөнкү чек болуп саналган чен 0,25 пайыздан 1,50 пайызга чейин жогорулаган.

*Ликвиддүүлүктү жөнгө салуу*

2018-жылы акча-кредит саясаты банк тутумунда улуттук валютада үстөк ликвиддүүлүктүн сакталышы шартында ишке ашырылган. Улуттук банктын арылтуу боюнча операциялары жүргүзүлгөнгө чейин бул көрсөткүчтүн орточо күндүк көлөмү өткөн жылга салыштырмалуу өзгөрбөстөн, 13,0 млрд сомду,

арылтуу боюнча операциялар жүргүзүлгөндөн кийин – 0,7 млрд сомду (2017-жылы – 1,3 млрд сом) түзгөн. Банк секторунда үстөк кам, негизинен монетардык жана бюджеттик каналдар аркылуу ресурстардын келип түшүшүнөн улам түптөлгөн.

Мындай шарттарда, Улуттук банк 2018-жыл ичинде ачык рынокто операцияларды жүргүзүү жана коммерциялык банктардын бош ресурстарын Улуттук банктын "овернайт" депозиттерине жайгаштыруу аркылуу банк тутумунун үстөк ликвиддүүлүгүн абсорбциялоо боюнча операцияларды көбөйткөн. Банк тутумун үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуунун орточо күндүк көлөмү отчеттук жылы 12,3 млрд сомду (2017-жылы – 11,7 млрд сом) түзгөн.

Улуттук банктын ноталарынын жүгүртүү мөөнөтүнүн жогорулашы үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча чаралардын натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзгөн. Улуттук банктын арылтуу операцияларынын жалпы түзүмүндө 91 күндүк ноталардын эсебинен абсорбциялоо үстөмдүк кылган. Мунун натыйжасында коммерциялык банктардын өздөрүнүн бош каражаттарын Улуттук банктагы "овернайт" депозиттерине жайгаштыруу көлөмүнүн азаюусу белгиленген. Улуттук банктагы "овернайт" депозиттерине жайгаштыруунун орточо күндүк көлөмү 3,9 млрд сомду (2017-жылы – 7,7 млрд сомду) түзгөн. Ал эми жүгүртүүдөгү ноталардын орточо күндүк көлөмү 2017-жылдагы 4,0 млрд сомдон 2018-жылы 8,6 млрд сомго чейин өскөн.

***2.2.1-график.***

Улуттук банктын арылтуу операцияларынын түзүмү







*Кредит саясаты*

Экономиканын өсүшүнө түртkү берүүчү чараларды колдоо максатында Улуттук банк экономиканын реалдуу секторун кредиттөө көлөмүн кеңейтүүгө багытталган саясатты жүргүзүүнү уланткан.

Республиканын региондорун кредиттөөгө жана экономиканын артыкчылыктуу секторлоруна ресурстар акча-кредит инструменттери аркылуу сунушталган. Жыл жыйынтыгы боюнча банк тутумуна сунушталган кредиттик ресурстардын[1] жалпы көлөмү 3,3 млрд сомду түзгөн. Улуттук банк тарабынан мурда берилген, Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүнүн алгылыктуу арымдарын колдоого багытталган кредиттер боюнча финансылык уюмдардын карызы 2018-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча 9,2 млрд сомду түзгөн.

*Коммуникациялык саясат*

Коммуникациялык саясат Улуттук банктын акча-кредит саясатынын негизги инструменттеринин бири болуп саналат. Улуттук банк коомчулукка жигердүү маалымат берүү аркылуу экономика субъектилеринде рационалдуу инфляциялык

[1] Кыргыз Республикасы тарабынан ЕАЭБ алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга кредиттерди берүү жана кайра каржылоо максаты үчүн кредиттик аукциондордун алкагында берилген каражаттар.

күтүүлөрдүн жана акча-кредит чөйрөсүндө келечектеги чечимдер боюнча күтүүлөрдүн түптөлүшүнө өбөлгө түзөт.

Улуттук банк жүргүзүлүп жаткан монетардык саясаттын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында отчеттук жылы төмөнкүлөрдү уланткан:

– акча-кредит саясатынын жакынкы келечекке карата стратегиялык жана максаттуу көрсөткүчтөрүн Улуттук банктын расмий интернет сайтына жарыялоо;
– Улуттук банктын эсептик чени боюнча кабыл алынган чечимдер тууралуу пресс-релиздерди үзгүлтүксүз чыгаруу;
– Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусу менен монетардык саясат маселелери боюнча пресс-конференцияларды туруктуу негизде жүргүзүү.

Акча-кредит саясаты жөнүндө мезгил-мезгили менен берилүүчү отчеттордо Улуттук банк тарабынан көрүлгөн чаралар, Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүнө күндөлүк баа берүү жана келечектеги күтүүлөр боюнча маалымат кеңири чагылдырылган.

### 2.2.1. Ачык рынокто ишке ашырылган операциялар

*Улуттук банктын ноталары*

2018-жыл ичинде Улуттук банктын ноталары ачык рынокто Улуттук банк колдонгон негизги инструмент болуп саналган. Ноталар – бул банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу максатында аукциондук негизде жайгаштырылган, ар кандай мөөнөттүүлүктөгү Улуттук банктын дисконттук баалуу кагаздары.

Отчеттук мезгил ичинде ноталар рыногу жүгүртүү мөөнөтү 7, 14, 28, 91 күндүк ноталар менен сунушталган. Мындан тышкары, банктар аралык рынокту андан аркы өнүктүрүү жана банк тутумунда ликвиддүүлүктү натыйжалуу жөнгө салуу максатында, 2018-жылдын август айынан тартып, Улуттук банк жүгүртүү мөөнөтү 182 күндүк ноталарды чыгара баштаган.

2018-жылы ноталарды сунуштоо көлөмү 128,5 млрд сомду түзгөн, бул 2017-жылдагы көрсөткүчтөн 13,2 пайызга көбүрөөк. Ошону менен бирге, кошумча жайгаштыруу боюнча ноталарды сунуштоо көлөмү 2,7 млрд сомду түзгөн. Отчеттук жылы ноталарга карата суроо-талаптын көлөмү 11,8 пайызга, 134,4 млрд сомго чейин көбөйгөн. Ноталарды кошумча жайгаштыруу боюнча суроо-талап 2,4 млрд сомду түзгөн. Кошумча жайгаштырууну эске алганда, ноталарды сатуунун жалпы көлөмү 109,1 млрд сомду түзгөн, бул 2017-жылдагы көрсөткүчтөн 28,4 пайызга көп.

***<u>2.2.1.1-график.</u>***

Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү жана эсептик чен динамикасы



Ноталарды сатуунун көбүрөөк көлөмү жалпы көлөм ичинен Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк (59,5 пайыз) ноталарына туура келген, жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталарды сатуу көлөмү 0,3 пайызды, 28 күндүк күндүк ноталар боюнча – 16,8 пайызды, 91 күндүк ноталар боюнча – 21,9 пайызды, 182 күндүк ноталар боюнча – 1,5 пайызды түзгөн.

Суроо-талап менен сунуштун катышына жараша Улуттук банктын ноталарынын орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү отчеттук мезгил ичинде ар багыттагы динамикага ээ болгон. Натыйжада, бул активдин жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү 2017-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 1,0 пайыздык пунктка өсүп, 3,0 пайызды түзгөн.

Улуттук банктын 2018-жылдын акырына карата жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү жыл башынан бери 53,9 пайызга көбөйүү менен 8,0 млрд сомду түзгөн. Отчеттук мезгилдин акырына карата 96,6 пайыз (-1,1 пайыздык пункт) үлүшү менен коммерциялык банктар, 2,6 пайыз (+0,3 пайыздык пункт) үлүшү менен институционалдык инвесторлор жана 0,9 пайыз (+0,8 пайыздык пункт) үлүшү менен юридикалык жактар-резиденттер ноталарга негизги ээлик кылуучулардан болуп саналган.

### 2.2.2. Банктар аралык акча рыногунда ишке ашырылган операциялар



Бүтүндөй отчеттук жыл ичинде банктар аралык акча рыногунун колдонулган чендери (1 жылга чейин) Улуттук банк тарабынан белгиленген пайыздык чектин алкагында болуу менен негизги ченге бара-бара жакындаган. Буга акча-кредит саясатынын пайыздык каналынын ишинин финансы секторуна тийгизген таасирин күчөтүү боюнча Улуттук банктын чаралары өбөлгө түзгөн.

2018-жылдын айрым мезгилдеринде коммерциялык банктардын үстөк камынын сезондук көбөйүшүнөн улам акча рыногунда кыска мөөнөттүү чендердин ар багыттагы динамикасы байкалган.

***<u>2.2.2.1-график.</u>***

Акча рыногунун пайыздык чендеринин динамикасы

*(пайыздар)*




*Банктар аралык кредиттик рынок*

Улуттук банк тарабынан ноталардын жүгүртүү мөөнөтүн узартуу боюнча жүргүзүлүп жаткан чаралар банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда,

көбүнчө репо бүтүмдөр сегментинде катышуучулардын байкаларлык жандануусун шарттаган. 2018-жылы репо шартында карыз алышуулардын көлөмү 10,3төн тартып 31,3 млрд сомго чейин үч эсе өскөн.

Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча банктар аралык кредит рыногунда улуттук валютадагы (Улуттук банк тарабынан берилген кредиттерди эске алуу менен) операциялардын жалпы көлөмү 2017-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 76,7 пайызга көбөйүү менен 52,5 млрд сомду түзгөн.

***2.2.2.2-график.***

Банктар аралык ички кредит рыногунда бүтүмдөрдүн көлөмү

*(млн сом)*




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде репо операциялары боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,6 пайыздык пунктка, 2,4 пайызга чейин өскөн. Улуттук валютадагы кредиттер боюнча бүтүмдөр пайызсыз негизде келишилген, ал эми чет өлкө валютасында кредиттик бүтүмдөр ишке ашырылган эмес.

Репо операциялардын орточо мөөнөттүүлүгү 10дон 5 күнгө чейин, ал эми улуттук валютадагы кредиттер – 71ден 9 күнгө чейин кыскарган.

***2.2.2.1-таблица.***

Банктар аралык рыноктун орточо салмактанып алынган пайыздык чендери жана Улуттук банктын чендери (мезгил ичинде)

*(пайыздар)*

| | 2017-жыл | 2018-жыл |
|---|---|---|
| **Банктар аралык рыноктогу чендер** | | |
| Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чен | 3,4 | 0,0 |
| Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча чен | 2,6 | - |
| Репо оперциялары боюнча чен | 1,8 | 2,4 |
| **Улуттук банк менен операциялар боюнча чендер** | | |
| "Овернайт" кредити боюнча чен | 6,3 | 6,2 |
| "Овернайт" депозити боюнча чен | 0,3 | 0,3 |
| Кредиттик аукциондор боюнча чен | 5,0 | 5,2 |

*Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздарды (1 жылдан ашык) чыгаруу көлөмүн көбөйтүү боюнча жүргүзүлүп жаткан саясатты эске алуу менен өткөн жылдардан айырмаланып 2018-жылы акча рыногунун мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча кыска мөөнөттүү сегменти жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык мамлекеттик казына векселдери менен сунушталган. Отчеттук жыл ичинде аталган инструмент боюнча чендер Улуттук банктын эсептик ченине жакын өзгөрүлүп турган.

Финансы рыногунун узак мөөнөттүү сегментинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2ден 10 жылга чейинки жүгүртүү мөөнөтү менен мамлекеттик казына облигацияларын жайгаштырган, алар боюнча чендер 2018-жыл ичинде төмөндөө динамикасын көрсөткөн.

### 2.2.3. Банктарды кайра каржылоо операциялары

Банктарды кайра каржылоо коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүн колдоого жана өзгөрүлмөлүүлүктү текшилөөгө багытталган инструменттердин бири болуп саналат.

Улуттук банк кайра каржылоонун төмөнкү инструменттерине ээ:

– төлөм системасынын иш натыйжалуулугун арттыруу үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында, операциялык күн ичинде улуттук валютада пайызсыз негизде сунушталган “бир күндүк” кредит;
– банктардын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында, суткасына акы төлөө негизинде улуттук валютада сунушталган “овернайт” кредити;
– кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүктү колдоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында, жети күнгө акы төлөө негизинде улуттук валютада сунушталган 7 күндүк кредит;
– экономиканын жана региондордун айрым тармактарын кредиттөө жана ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн акы төлөө негизинде, коммерциялык банктарга улуттук валютада кредиттик ресурстарды сунуштоо максатында, улуттук валютада жүргүзүлгөн кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо боюнча кредиттик аукциондор;
– банк тутумунун бүтүндүгүн камсыз кылуу, банктын ликвиддүүлүгүн колдоого алуу жана аманатчылар таламын коргоо максатында күрөөлүк камсыздоо алдында, акы төлөө негизинде сунушталуучу ликвиддүүлүктү колдоо үчүн кредит;
– Кыргыз Республикасы тарабынан ЕАЭБ алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга күрөөлүк камсыздоо алдында, акы төлөө негизинде сунушталуучу кредит;
– акыркы инстанциядагы кредит өзгөчө учурларда гана ишинде олуттуу финансылык проблемалар орун алган коммерциялык банктарга сунушталат.

2018-жыл ичинде берилген “овернайт” кредиттеринин көлөмү 18,1 млрд сомду, ал эми 2017-жылы – 13,8 млрд сомду түзгөн.

2018-жылы Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү жана кредиттик аукциондордун алкагында кредиттер боюнча пайыздык чендерди төмөндөтүү максатында, коммерциялык банктарга 12,0 млрд сом өлчөмүндө каражат сунушталган, мында аукциондордун жыйынтыгы боюнча бекитилген көлөм 3,0 млрд сомду (2017-жылы – 4,8 млрд сомду) түзгөн. Бул каражаттар коммерциялык банктар тарабынан Кыргыз Республикасынын региондорунда долбоорлорду кредиттөөгө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Айыл чарбасын каржылоо” долбоорун ишке ашырууга багытталган.

Мындан тышкары, Улуттук банк узак мөөнөттүү экономикалык өсүштү колдоо максатында, отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасы тарабынан ЕАЭБ алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга 300,0 млн сом (2017-жылы – 72,5 млн сом) өлчөмүндө кредиттерди берген.

Отчеттук жылы Улуттук банк тарабынан ликвиддүүлүктү колдоо үчүн жалпы суммасында 571,7 млн сом (2017-жылы – 538,3 млн сом) кредиттер берилген.

2018-жылы коммерциялык банктарга “бир күндүк” кредит, 7 күндүк кредит, ошондой эле акыркы инстанциядагы кредит берилген эмес.

***2.2.3.1-таблица.***

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан берилген кредиттер
*(млн сом)*

| | I чейрек | II чейрек | III чейрек | IV чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **"Овернайт" кредиттери** | | | | | |
| 2017-ж. | - | 50,0 | 538,2 | 13 228,3 | **13 816,5** |
| 2018-ж. | 10 493,9 | 7 608,4 | - | - | **18 102,3** |
| **Кредиттик аукциондор** | | | | | |
| 2017-ж. | 500,0 | 4 130,0 | 180,0 | - | **4 810,0** |
| 2018-ж. | 664,9 | 2 335,1 | - | - | **3 000,0** |
| **Ликвиддүүлүктү колдоого кредиттер** | | | | | |
| 2017-ж. | - | - | - | 538,3 | **538,3** |
| 2018-ж. | - | 141,4 | 430,2 | - | **571,7** |
| **Эл аралык уюмдарга кредиттер** | | | | | |
| 2017-ж. | 49,5 | 23,0 | - | - | **72,5** |
| 2018-ж. | 100,0 | - | 150,0 | 50,0 | **300,0** |

## 2.2.4. Ички валюта рыногунда ишке ашырылган операциялар

*Валюталык интервенциялар*

2018-жыл ичинде ички валюта рыногунда орун алган абал салыштырмалуу туруктуу бойдон сакталган. Улуттук банк өзгөрүлмөлүү алмашуу курсунун режимин сактоону улантткан, алмашуу курсунун кескин өзгөрүүлөрүн текшилөө максатында валюталык интервенцияларды жүзөгө ашырган. Улуттук банктын валюта тооруктарына катышуусу чет өлкө валюталарынын волатилдүүлүгүн жалпы дүйнөлүк деңгээлде күчөтүү түрүндө тышкы факторлордун таасирлеринин орун алышы шартында жүргөн.

АКШ долларынын сомго карата расмий алмашуу курсу 2018-жыл ичинде 1,5 пайызга, 1 АКШ доллары үчүн 68,8395 сомдон 69,8500 сомго чейин өскөн.

Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде ички валюта рыногунда чет өлкө валютасы боюнча сунуштун суроо-талаптан жогору болгондугу байкалган, бул улуттук валютанын кыска мөөнөткө бекемделишин шарттаган. Улуттук банк тарабынан биринчи чейрек ичинде 20,6 млн АКШ доллары сатылып алынган жана 5,4 млн АКШ доллары сатылган.

Экинчи чейректин башталышында чет өлкө валютасына суроо-талаптын сунуштан жогору болушу белгиленген. Алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында, Улуттук банк тарабынан 8,2 млн АКШ доллары сатылган.

Үчүнчү чейректин орто ченинен тартып дүйнөлүк финансылык рыноктордо өзгөрүлмөлүүлүктүн орун алышынын натыйжасында чет өлкө валютасына суроо-талап сакталган. Алмашуу курсуна басымды жеңилдетүү максатында Улуттук банк 38,7 млн АКШ доллары көлөмүндө чет өлкө валютасын сатуу боюнча операцияларды жүргүзгөн.

**2.2.4.1-график.**

Улуттук банктын 2018-жыл ичинде чет өлкө валютасы менен операциялары






Төртүнчү чейрек ичинде чет өлкө валютасына суроо-талап күчөгөн, бул алмашуу курсуна басым көрсөткөн. Улуттук банктын операцияларынын эсебинен алмашуу курсунун өзгөрүүсү жөнгө салынган. Бул мезгил ичинде нак түрүндө 13,7 млн АКШ долларын сатууну кошо алганда, Улуттук банк тарабынан 116,0 млн АКШ доллары сатылган.

*Валюта рыногундагы операциялардын жалпы көлөмү*

Бүтүндөй алганда, 2018-жылы Улуттук банк тарабынан 168,3 млн АКШ доллары сатылган (13,7 млн АКШ доллары көлөмүндөгү нак АКШ долларын сатууну кошо алганда), ошондой эле 20,6 млн АКШ доллары сатылып алынган. Таза сатуу көлөмү 147,7 млн АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде банктар аралык валюта рыногунда чет өлкө валютасын сатып алуу/сатуу боюнча операциялардын[1] жана алмашуу бюролорунун операцияларынын жалпы көлөмү 30,5 пайызга, сом эквивалентинде 738,6 млрд сомго чейин өскөн. Операциялар көлөмүнүн өсүшү бардык валюталар боюнча белгиленген. Операциялардын олуттуу көлөмү АКШ долларында (+28,7 пайыз) жана орус рублинде (+32,5 пайыз) жүргүзүлгөн.

[1] Коммерциялык банктардын өз кардарлары менен нак эмес чет өлкө валютасында ишке ашырган операцияларын эске албаганда.

***2.2.4.2-график.***

Валюта курсунун динамикасы жана банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялардын көлөмү




*Своп-операциялар*

Коммерциялык банктардын ички рынокто сыяктуу эле, банк-резидент эместер менен жүргүзгөн своп-операцияларынын чогуу алгандагы көлөмү 660,3 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2017-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 2,9 пайызга жогору. Улуттук банк отчеттук мезгил ичинде своп-операцияларды жүргүзгөн эмес.

*Алмашуу бюролорунда валюта курстарынын динамикасы*

2018-жылдын башынан тартып 31-декабрга чейин алмашуу бюролорунда нак АКШ долларын сатуунун орточо алынган курсу 1,4 пайызга жогорулап, жылдын акырына 69,7795 сом/АКШ долларын түзгөн. Алмашуу бюролорунда жыл башынан тартып еврону сатуунун орточо алынган курсу, тескерисинче, 2,7 пайызга, 80,1094 сом/еврого чейин, орус рубли – 15,7 пайызга, 1,0034 сом/орус рублине чейин, казак теңгеси – 11,6 пайызга, 0,1843 сом/теңгеге чейин төмөндөгөн.

## 2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар

*Милдеттүү камдык талаптардын аныктамасы*

Милдеттүү камдык талаптар акча-кредиттик жөнгө салуу инструменттеринин бири болуп саналат жана башка инструменттер менен катар эле инфляция боюнча максаттуу деңгээлге жетүү үчүн пайдаланылат.

*Милдеттүү камдык талаптардын ченеми*

Аныктаманын контекстинде милдеттүү камдык талаптар дегенден улам, Улуттук банк тарабынан белгиленген талаптарга ылайык, коммерциялык банктар жана аманаттарды тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялар белгилүү бир мезгил ичинде (28 күн) сактап турууга милдеттүү болгон акча каражаттарынын суммасын түшүнүүгө болот.

Улуттук банк Башкармасы жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын шарттарына жараша милдеттүү камдардын өлчөмүн жана аларды аткаруу регламентин аныктайт.

2018-жылы коммерциялык банктарга жана аманаттарды тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компанияларга карата милдеттүү кам түзүүнүн ар башка ыкмасы сакталган. Отчеттук мезгил ичинде милдеттүү камдык талаптардын ченемдери улуттук валютадагы, ЕАЭБге мүчө-мамлекеттердин валюталарындагы жана кытай юанындагы милдеттенмелер боюнча 4,0 пайыз; башка чет өлкө валюталарындагы милдеттенмелер боюнча – 12,0 пайыз деңгээлинде сакталган.

Милдеттүү камдык талаптарды эсептөө жана сактоо регламенти, ошондой эле милдеттүү камдык талаптар сакталбаган учурда айыптык санкцияларды колдонуу 2018-жыл ичинде сакталган.

Милдеттүү камдык талаптарды күндөлүк негизде аткаруу үчүн Улуттук банктагы корреспонденттик эсептеги каражаттардын коммерциялык банктарга карата колдонуудагы минималдуу чектүү деңгээли банктын тиешелүү мезгилге аныкталган милдеттүү камдарынын көлөмүнүн 90,0 пайыз деңгээлинде сакталып турган.

2018-жыл ичинде Улуттук банк милдеттүү камдык талаптардын регламентин бузуга жол бергендиги үчүн төмөнкүлөргө айыптык санкцияларды белгилеген:

– бүтүндөй базалык мезгил ичинде милдеттүү камдык талаптардын ченемин сактабагандыгы үчүн бир коммерциялык банкка;
– милдеттүү камдардын көлөмүнүн күндөлүк минималдуу деңгээлин сактабагандыгы үчүн беш коммерциялык банкка.

## 2.3. Эл аралык камдарды тескөө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык, Улуттук банк резервдик активдердин ликвиддүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу артыкчылыгын эске алуу менен бардык эл аралык резервдерди өз алдынча түзөт, ээлик кылат жана башкарат.

Банктын инвестициялык стратегиясын, эл аралык камдар (резеврдер) портфелинин түзүмүн, орун алышы ыктымал болгон тобокелдик менен инвестициялык инструменттердин кирешелүүлүгү ортосундагы катышты аныктоо, ошондой эле банктын контрагенттерин тандоо жагында чечимдер Улуттук банк Башкармасы жана Инвестициялык комитети тарабынан кабыл алынат. 2018-жылы Инвестициялык комитет резервдик активдерди тескөө маселеси боюнча 15 отурум өткөргөн. Камдык активдерди тескөө учурунда келип чыккан тобокелдиктерди кыскартуу максатында, контрагенттерге карата критерийлер, талаптар жана чектөөлөр, ошондой эле инвестициялоо инструменттеринин түрлөрү, алардын өлчөмдөрү, мөөнөттөрү белгиленген.

Эл аралык камдарды тескөө Инвестициялык саясатта, Эл аралык камдарды тескөөдө тобокелдиктерди тескөө саясатында, Эл аралык камдарды тескөөдө контрагенттер боюнча лимиттерди аныктоо ыкмасында жөнгө салынган.

*Эл аралык камдар көлөмү*

2018-жылдын акырына карата эл аралык дүң камдардын көлөмү жыл ичинде 21,0 млн АКШ долларына же 1,0 пайызга төмөндөө менен доллар эквивалентинде 2 155,5 млн АКШ долларын түзгөн. Улуттук банктын эл аралык камдарынын курамына алтын түрүндөгү активдер, АКУ жана чет өлкө валюталар портфели кирет.

**2.3.1-график.**

Эл аралык дүң камдардын динамикасы

*(млн АКШ доллары)*




2018-жыл ичинде эл аралык дүң камдардын көлөмүнө төмөнкүлөр таасирин тийгизген: Кыргыз Республикасынын тышкы милдеттенмелери боюнча төлөөлөр; эл аралык камдардын курамына кирген валюта курстарынын өзгөрүүсү; баалуу металлдарга баалардын өзгөрүүсү; эл аралык камдарды тескөөдөн алынган киреше; Кыргызстандын ички рыногунда алтынды сатып алуу боюнча операциялар; Улуттук банктын өлкөнүн ички рыногунда жүргүзгөн валюталык операциялары; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пайдасына валюталык каражаттардын түшүүсү.

*Эл аралык камдар түзүмү*

**2.3.1-таблица.**

Эл аралык камдардын түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздар)*

| | 2017-жыл | 2018-жыл |
|---|---|---|
| Валюта портфели | 78,9 | 72,3 |
| Алтын | 13,3 | 21,4 |
| Атайы карыз алышуу укугу | 7,8 | 6,3 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

2018-жылы эл аралык камдардын валюта портфелинде төмөнкү валюталар камтылган: австралия доллары, англия фунт стерлинги, АКШ доллары, евро, канада доллары, кытай юаны, норвегия кронасы, орус рубли, сингапур доллары, швейцария франкы, түштүк корея вонасы, япон йенасы.

Улуттук банктын контрагенттери катары борбордук банктар, эл аралык финансылык институттары жана чет өлкө коммерциялык банктары саналат.

Ликвиддүүлүктүн зарыл деңгээлин колдоо, ошондой эле эл аралык камдарды тескөө натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, камдык активдер менен жүргүзүлгөн иш портфелдик негизде жүзөгө ашырылган. Валюта портфелин жумушчу жана инвестициялыкка бөлүү камдардын кирешелүүлүгүнүн оптималдуу деңгээлинин колдоого алынышын камсыз кылган.

*Жумушчу портфелди жайгаштыруу*

Жумушчу портфелдин активдери кыйла ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылган жана банктар аралык ички валюта рыногунда операцияларды жүргүзүү, ошондой эле мамлекеттик тышкы карызды тейлөөнү кошуу менен Улуттук банктын жана Өкмөттүн чет өлкө валютасындагы төлөмдөрү үчүн колдонулган.

*Инвестициялык портфелди тескөө*

Инвестициялык портфелди тескөө эл аралык камдардын бекитилген эталондук портфелине ылайык жүзөгө ашырылган. Улуттук банк эл аралык камдарды баалуу кагаздарга, мөөнөттүү депозиттерге, ошондой эле бир күндүк репо операцияларга жайгаштырган. Баалуу кагаздар портфелинде айрым өлкөлөрдүн мамлекеттик баалуу кагаздары, эл аралык финансылык институттардын кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү инвестициялык инструменттери камтылган. Мөөнөттүү депозиттер эл аралык финансылык институттарында, эл аралык жогорку рейтингге ээ чет өлкө борбордук жана коммерциялык банктарында жайгаштырылган.

## 2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары

*Инфляция*

Улуттук банк тарабынан жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясаты 2018-жыл ичинде өлкөдө баа туруктуулугунун сакталышын камсыз кылган. Буга ошондой эле, бардыгы биригип инфляция динамикасынын төмөнкү чекте экендигин аныктаган, тышкы жана ички өндүрүштүн негизги азык-түлүк товарларына сунуштун жогорку болушун жана экономиканын орточо өсүшүн шарттаган, республикада түптөлгөн макроэкономикалык шарттар өбөлгө түзгөн.

Отчеттук жыл ичинде инфляциянын мааниси акча-кредит саясатынын максаттуу орто мөөнөттүү көрсөткүчүнөн ашкан эмес. 2018-жылы орточо жылдык инфляция көрсөткүчү 1,5 пайызды түзгөн, ал эми керектөө бааларынын деңгээли 2018-жылдын декабрь айында өткөн жылдын декабрь айына салыштырганда 0,5 пайызга жогорулаган.

***2.4.1-график.***

Кыргыз Республикасында инфляция деңгээли




Инфляциянын төмөн түптөлүшүнүн негизги фактору катары, тышкы жана ички азык-түлүк рынокторунда алгылыктуу жагдайлардын сакталышы натыйжасында азык-түлүк товарларына баанын төмөндөөсү саналган. Азык-түлүк товарларына баа индекси 2,6 пайызга төмөндөгөн (2018-жылдын декабрь айы 2017-жылдын декабрь айына карата). Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн ичинен ун, жашылча жана жемиштерге баа төмөндөгөн.

Азык-түлүктөн башка товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалар орточо чекте сакталган. Азык-түлүктөн башка товарларга инфляция көрсөткүчү жылдын акырында (2018-жылдын декабрь айы 2017-жылдын декабрь айына карата) 1,4 пайызды түзгөн. Алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге баалар 6,4 пайызга өскөн, мында акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баа индекси 4,1 жогорулаган.

МАЗМУНУ

Кыска мөөнөттүү факторлордон жана администрациялык чечимдерден көз каранды болбогон баалардын өзгөрүүсүн чагылдырган рыноктук инфляция[1] 2018-жылы 4-5 пайызга жакын деңгээлде орун алган.

**2.4.2-график.**

Керектөө бааларынын индексинин өсүш арымына салым




Бүтүндөй алганда 2018-жылы акча рыногунун улуттук валютадагы кыска мөөнөттүү чендери Улуттук банк тарабынан белгиленген пайыздык чек чегинде өзгөрүп турган.

*Акча рыногу*

Акча-кредит саясатынын өткөрүү механизмин өркүндөтүүгө жана банктар аралык акча рыногун өнүктүрүүгө багытталган милдеттерди жүзөгө ашыруу улуттук валютадагы акча рыногунун кыска мөөнөттүү чендерин Улуттук банктын эсептик ченине (негизги чен) акырындап жакындаштырууга өбөлгө түзгөн. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында, акча рыногунун чендери менен эсептик чен ортосунда ажырым кыскарган. Акча рыногун андан ары өнүктүрүү максатында отчеттук мезгилдин акырында пайыздык чендердин чегинин төмөнкү чеги 0,25 пайыздан 1,5 пайызга чейин эки жолу жогорулатылган (“овернайт” депозиттери боюнча чен).

[1] УСК тарабынан эсептелет: жалпы баа индексинен баалары олуттуу сезондук/кыска мөөнөттүү өзгөрүүлөргө дуушар болгон же мамлекеттик органдардын администртивдик чечимдери менен аныкталган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр алынып салынат.

***2.4.3-график.***

Банктар аралык кредит рыногунун чендер динамикасы




*Акча базасы*

2018-жылы акча базасы жылдын акырына карата 106,3 млрд сомду түзүү менен 6,3 пайызга же 6,3 млрд сомго көбөйгөн. Акча базасынын өсүшүнө негизги салым Улуттук банктын операцияларынын эсебинен камсыздалган, ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн операциялары фискалдык консолидацияны жүргүзүүнүн алкагында аны 0,9 млрд сомго кыскарткан.

*Акча топтомдору*

Акча топтомдору боюнча алгылыктуу өсүш динамикасы сакталып турган. 2018-жыл жыйынтыгы боюнча М2Х акча топтому (өзүндө чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы) 5,5 пайызга, 204,1 млрд сомго чейин өскөн. Бул акча топтомунун өсүшүнө алардын көлөмү отчеттук жылдын акырында 84,8 млрд сомду түзгөн банктардан тышкаркы акчалардын (М0 акча топтому) 0,4 пайызга көбөйүшү жана улуттук валютадагы депозиттердин 19,4 пайызга өсүшү таасирин тийгизген. Улуттук валютадагы кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы (М2 акча топтому) 2018-жылдын акырына 8,2 пайызга, 154,6 млрд сомго чейин жогорулаган.

**2.4.4-график.**

Акча топтомдорунун жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Экономиканын финансылык ресурстар менен камсыз болуу деңгээлин чагылдырган экономиканы монетизациялоо коэффициенти жогорулоо тенденциясына ээ болгон. Бул көрсөткүч 2018-жылы 36,6 пайызды түзгөн.

*Монетизация коэффициенти*

# 3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ ЖАНА АЛАРДЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ

Банктарды көзөмөлдөөнүн натыйжалуулугун арттыруу максатында, Улуттук банк 2018-жылы көзөмөлдөө иш-чараларын жүргүзүү инструменттерин жана механизмдерин өркүндөтүү ишин уланткан. Эл аралык тажрыйбага ылайык, көзөмөлдүн жаңы ыкмасы – тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жүргүзүү колдонууга киргизилген, анын максатынан болуп, банк ишинин мүнөзүнө, татаалдыгына жана системалуу маанилүүлүгүнө жараша коммерциялык банктарга мүнөздүү болгон тобокелдиктерди алдын алуу саналат.

Отчеттук жыл ичинде банк жана банк эмес секторлорду туруктуу өнүктүрүүгө, алардын Кыргыз Республикасынын экономикасындагы ролун жогорулатууга, иш натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн колдоого, региондордо банктык, төлөм жана микрофинансылык кызматтардын жеткиликтүү жана алгылыктуу баада көрсөтүлүшүнө өбөлгө түзүүгө, кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендерди төмөндөтүүгө, ошондой эле ислам каржылоо принциптери боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн андан ары кеңейтүү үчүн шарттарды түзүүгө багытталган иш-чараларды жүзөгө ашыруу улантылган.

Финансы-кредит уюмдарынын негизги иш көрсөткүчтөрү жакшыргандыгы байкалган. Коммерциялык банктардын жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын активдерин, кредит портфелин жана ресурстук базасын көбөйтүү 2018-жылы сектордун арымдуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн жана бул финансылык ортомчулук деңгээлинин андан ары жогорулатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигин тастыктап турат.

Улуттук банк менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан көрүлгөн чаралардын натыйжасында банк секторунда долларлашуу деңгээли төмөндөөсүн уланткан.

## 3.1. Коммерциялык банктардын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу

### 3.1.1. Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама[1]

2018-жылы банк системасынын активдер, кредит портфели, депозиттер жана капитал сыяктуу негизги иш көрсөткүчтөрүнүн өткөн жылга салыштырганда өсүшү уланган. Башка факторлор менен бирге кредит боюнча пайыздык чендердин төмөндөшү калктын жана уюмдардын карыздык каражаттардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулаткан, бул банктардын каржылоо көлөмүнүн өсүшүнө таасирин тийгизген. Депозиттер көлөмүнүн көбөйүүсү белгиленген, бул калктын банктарга карата ишениминин жогорулагандыгын тастыктап турат. Отчеттук мезгил ичинде банктардын капиталдарынын өлчөмдөрүнүн көбөйүүсү банк тутумунун ишенимдүүлүгүн жана туруктуулугун бекемдөөгө өбөлгө түзгөн.

Кыргыз Республикасынын аймагында 2018-жылдын акырына карата абал боюнча 25 коммерциялык банк иштеп турган. Алардын ичинен 18 банк чет өлкө капиталына ээ. Чет өлкө капиталынын үлүшүнө банк тутумунун уставдык капиталынын жалпы суммасынын 47,3 пайызы туура келген, бул 2017-жылдагы көрсөткүчтөн 2,5 пайыздык пунктка аз.

*Банк системасынын активдери*

Отчеттук мезгил ичинде банк системасынын суммардык активдери 12,1 пайызга көбөйүү менен жылдын акырына 222,0 млрд сомду түзгөн. Банктардын

[1] Коммерциялык банктардын өткөн мезгилдердеги корректировкаларын эске алуу менен мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетундагы маалыматтар колдонулган.

активдеринин негизги бөлүгү кредиттерге туура келген, алардын үлүшү 2017-жылга салыштырганда 2,9 пайыздык пунктка көбөйүү менен 57,6 пайыз чегинде катталган.

***3.1.1.1-таблица.***

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2017-жыл | | 2018-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млрд сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 108,3 | 54,7 | 127,9 | 57,6 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 25,6 | 12,9 | 24,5 | 11,0 |
| Баалуу кагаздар портфели | 17,7 | 8,9 | 21,7 | 9,8 |
| Акча каражаттары | 13,1 | 6,6 | 15,5 | 7,0 |
| Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп | 11,5 | 5,8 | 13,9 | 6,3 |
| Негизги каражаттар | 10,6 | 5,4 | 12,0 | 5,4 |
| Финансы-кредит уюмдарына кредиттер | 1,1 | 0,6 | 1,1 | 0,5 |
| Репо боюнча сатып алынган баалуу кагаздар | 0,4 | 0,2 | 0,4 | 0,2 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 0,3 | 0,2 | 0,4 | 0,2 |
| Атайын РППУ* | -8,1 | -4,1 | -9,4 | -4,2 |
| Башка активдер | 17,5 | 8,8 | 14,0 | 6,3 |
| **Бардыгы болуп** | **198,0** | **100,0** | **222,0** | **100,0** |

** Атайы РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер (субстандарттык, шектүү жана жоготуу катары таанылган) боюнча жоготуулар жана чыгым тартуулар ордун жабууга каралган камды түшүнүү зарыл*

Коммерциялык банктардын акча каражаттарында, кыска мөөнөттүү активдерде жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептеринде жайгаштырылган жогору ликвиддүү каражаттарынын көлөмү 2018-жылдын акырына 53,9 млрд сомду же активдердин жалпы көлөмүнүн 24,3 пайызын түзүү менен отчеттук мезгил ичинде 7,4 пайызга жогорулаган.

*Кредит портфели*

Банктардын чогуу алгандагы кредит портфели[1] 2018-жыл ичинде 18,1 пайызга өсүү менен 127,9 млрд сомду түзгөн. Кредит портфелинин өсүшү кредиттөө көлөмүнүн улуттук валютада 18,1 пайызга, 79,4 млрд сомго чейин көбөйүшү сыяктуу эле, чет өлкө валютасында 18,0 пайызга, 48,5 млрд сом эквивалентине чейин көбөйүшүнүн эсебинен жүргөн.

Отчеттук жылдын акырына карата кыска мөөнөттүү кредиттердин чогуу алгандагы көлөмү 21,8 пайызга, ал эми мөөнөтү бир жылдан ашкан кредиттердин көлөмү 17,9 пайызга өскөн, бул кредит портфелинин дюрациясын 31,3 айдан 31,8 айга чейин бир аз өсүшүнө алып келген.

Карыз алуучулардын саны 11,6 пайызга өсүп, ал 407,0 миң юридикалык жакты жана жеке адамдарды түзгөн.

[1] Мында жана мындан ары банктарга жана ФКУларга берилген кредиттер эске алынбайт.

**3.1.1.1-график.**

Банктардын активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелинин долларлашуусу*

Улуттук банк менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан көрүлгөн чаралардын натыйжасында банк секторунда долларлашуу деңгээли төмөндөөсүн уланткан. Кредит портфелинин долларлашуу деңгээли жылдын жыйынтыгы боюнча 2017-жылга салыштырганда 0,1 пайыздык пунктка төмөндөө менен 37,9 пайыз чегинде катталган.

**3.1.1.2-график.**

Банктардын кредит портфелинин долларлашуусу (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелинин тармактык түзүмү*

Экономиканын негизги чөйрөлөрүн кредиттөө көлөмүнүн өсүшү сакталып турган. Кредиттер көлөмүнүн олуттуу өсүшү: соода жана коммерциялык операциялар (+3,9 млрд сом), курулуш (+3,5 млрд сом), керектөө кредиттери (+3,0 млрд сом), айыл чарба (+2,1 млрд сом), ипотека (+1,9 млрд сом), өнөр жай (+1,1 млрд сом) сыяктуу тармактарда катталган.

***3.1.1.3-график.***

Экономика тармактары боюнча банктардын кредит портфели (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелинин регионалдык түзүмү*

Кыргыз Республикасынын бардык региондорунда кредит портфелинин көлөмүнүн көбөйүүсү байкалган. Бишкек шаарында кредит портфелинин өсүшү 11,8 млрд сомду, Ош шаарында жана Ош областында – 2,2 млрд сомду, Чүй областында – 1,5 млрд сомду, Жалал-Абад областында – 1,4 млрд сомду, Ысык-Көл областында – 1,0 млрд сомду түзгөн.

***3.1.1.2-таблица.***

Банктардын кредит портфелинин регионалдык түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)*

| | 2017-жыл | | 2018-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Бишкек шаары | 60 557,3 | 56,2 | 72 358,8 | 56,9 |
| Ош шаары жана Ош областы | 13 079,6 | 12,1 | 15 287,1 | 12,0 |
| Жалал-Абад областы | 10 419,3 | 9,7 | 11 807,6 | 9,3 |
| Чүй областы | 7 790,6 | 7,2 | 9 332,2 | 7,3 |
| Ысык-Көл областы | 6 237,4 | 5,8 | 7 206,1 | 5,7 |
| Баткен областы | 3 679,8 | 3,4 | 4 174,1 | 3,3 |
| Нарын областы | 3 046,3 | 2,8 | 3 621,6 | 2,8 |
| Талас областы | 2 966,9 | 2,8 | 3 444,4 | 2,7 |
| **Бардыгы болуп** | **107 777,2** | **100,0** | **127 232,1** | **100,0** |

**Кредит портфели чегерилген дисконтту эске алуу менен чагылдырылган*

Коммерциялык банктардын кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чени төмөндөп, отчеттук жылдын акырына карата улуттук валютада 18,0 пайыз (-0,8 пайыздык пункт), ал эми чет өлкө валютасында – 10,1 пайыз (-1,2 пайыздык пункт) чегинде катталган. Кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен (керектөө кредиттерин эске албаганда) улуттук валютада да азайган жана жылдын акырына карата 16,5 пайызды (-0,9 пайыздык пункту) түзгөн.

***3.1.1.4-график.***

Банктардын кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чени




*Жаңы берилген кредиттер*

Коммерциялык банктар тарабынан жаңы берилген кредиттердин жалпы көлөмү 2017-жылга салыштырганда 7,3 пайызга өсүү менен 113,7 млрд сомду түзгөн. Мындай жылдык өсүш улуттук валютада берилген кредиттердин көлөмүндө 76,6 млрд сомду түзүү менен 9,5 пайызга өсүшүнө, ал эми чет өлкө валютасында 3,1 пайызга, сом эквивалентинде 37,1 млрд сомго чейин өсүшүнө байланыштуу болгон.

Жыл ичинде жаңы берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендин төмөндөөсү белгиленген. Улуттук валютада пайыздык чендин орточо мааниси 19,5 пайызды түзүү менен 0,3 пайыздык пунктка азайган, ал эми чет өлкө валютасындагы көрсөткүч 0,8 пайыздык пунктка төмөндөө менен 9,7 пайыз чегинде түптөлгөн.

*Классификацияланбаган активдер жана РППУ*

Классификацияланбаган активдердин көлөмү активдердин жалпы суммасынын 92,3 пайызын же 190,5 млрд сомду түзгөн, ал эми классификацияланган активдердин үлүшү 7,7 пайыз же 15,9 млрд сом чегинде катталган. Кредит портфелиндеги классификацияланган кредиттердин салыштырма салмагы бир аз төмөндөп, 7,5 пайызды же 9,6 млрд сомду түзгөн.

Кредит портфелинин көлөмүнүн жана сапатынын өсүшү шартында РППУга чегерүүлөрдүн көлөмү отчеттук мезгилде кредит портфелинин 1,1 пайызын түзгөн (2017-жылы – 0,6 пайыз).

***3.1.1.3-таблица.***

Банктардын активдеринин, балланстан тышкаркы милдеттенмелеринин жана кредиттеринин классификациясы
*(пайыздар, эгер башкасы көрсөтүлбөсө)*

| Категориясы | Активдер жана балланстан тышкаркы милдеттенмелер | | Кредиттер | |
|---|---|---|---|---|
| | 2017-жыл | 2018-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **92,7** | **92,3** | **92,4** | **92,5** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Нормалдуу | 62,7 | 62,4 | 46,4 | 47,6 |
| Канааттандырарлык | 15,0 | 13,6 | 21,7 | 19,1 |
| Байкоого алынган | 15,0 | 16,3 | 24,3 | 25,7 |
| **Бардыгы болуп классификацияланганд ар** | **7,3** | **7,7** | **7,6** | **7,5** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Субстандарттык | 3,8 | 4,3 | 3,3 | 3,5 |
| Шектүү | 1,0 | 1,0 | 1,4 | 1,6 |
| Жоготуулар | 2,5 | 2,4 | 2,9 | 2,5 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |

*Банк системасынын милдеттенмелери*

2018-жылдын жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин чогуу алгандагы көлөмү 12,6 пайызга, 186,6 млрд сомго чейин көбөйгөн. Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер 2017-жылга салыштырганда 2,8 пайызга төмөндөп, жылдын акырына карата милдеттенмелердин жалпы көлөмүнүн 42,7 пайызын түзгөн.

***3.1.1.4-таблица***

Банктардын милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2017-жыл | | 2018-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млрд сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Мөөнөттүү депозиттер | 39,1 | 23,6 | 45,6 | 24,4 |
| Эсептешүү эсептери | 39,0 | 23,5 | 40,7 | 21,8 |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 30,2 | 18,2 | 32,2 | 17,3 |
| Алынган кредиттер | 19,9 | 12,0 | 22,8 | 12,2 |
| Өкмөттүн депозиттери | 6,2 | 3,8 | 4,8 | 2,6 |
| Резидент эместердин депозиттери | 7,1 | 4,3 | 9,7 | 5,2 |
| Улуттук банк алдындагы милдеттенмелер | 5,5 | 3,3 | 7,8 | 4,2 |
| Өкмөттүн кредиттери | 3,4 | 2,1 | 3,9 | 2,1 |
| Банктардын эсептешүү эсептери жана депозиттери | 1,3 | 0,8 | 1,9 | 1,0 |
| Репо келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | 0,4 | 0,2 | 0,4 | 0,2 |
| Башка милдеттенмелер | 13,6 | 8,2 | 16,7 | 9,0 |
| **Бардыгы болуп** | **165,8** | **100,0** | **186,6** | **100,0** |

Милдеттенмелердин жалпы көлөмүндөгү депозиттик базанын үлүшү 71,3 пайызга чейин кыскарган, бул 2017-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 2,0 пайыздык пунктка аз.

**3.1.1.5-график.**

Милдеттенмелердин жана депозиттик базанын динамикасы




*Депозиттик база*

2018-жылдын акырына карата коммерциялык банктардын кардарларынын депозиттик базасынын жалпы көлөмү жыл башынан тартып 9,5 пайызга көбөйүү менен 133,1 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 16,9 пайызга, 74,6 млрд сомго чейин, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттердин көлөмү 1,3 пайызга, сом эквивалентинде 58,5 млрд сомго чейин өскөн.

**3.1.1.6-график.**

Банктардын депозиттик базасынын көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




Аманатчылардын саны өсүү менен жылдын акырына карата 2,5 млн юридикалык жакты жана жеке адамды түзгөн, бул 2017-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөн 14,4 пайызга көп.

*Депозиттик базанын долларлашуусу*

Улуттук банк жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан экономиканы доллардан арылтуу боюнча көрүлгөн чаралардан улам, депозиттик базанын долларлашуу деңгээли 2017-жылга салыштырганда 3,6 пайыздык пунктка кыскаруу менен 43,9 пайызды түзгөн.

***3.1.1.7-график.***

Банктардын депозиттик базасынын долларлашуусу (бир мезгилдин акырына карата)




*Депозиттик базанын жалпы түзүмү*

Депозиттердин түзүмүндө үлүшү 11,7 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн узак мөөнөттүү аманаттар (бир жылдан жогору) сыяктуу эле, кыска мөөнөттүү аманаттардын (депозиттердин суммардык көлөмүндө 26,0 пайыз) да көбөйүүсү жүргөн. Мунун натыйжасында депозиттик базанын дюрациясы 2017-жылдагы 4,8 айдан 2018-жылы 5,0 айга чейин бир аз өзгөргөн, ал эми мөөнөттүү депозиттер боюнча ушул эле көрсөткүч 13,2 ай деңгээлинде өзгөрүүсүз сакталган.

*Депозиттер боюнча пайыздык чендер*

2018-жылдын акырына карата улуттук валютадагы депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен жыл ичинде 0,1 пайыздык пунктка төмөндөө менен 6,2 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы депозиттер боюнча ушул сыяктуу көрсөткүч 1,5 пайызга (-0,5 пайыздык пунктка) чейин төмөндөгөн.

*Жаңыдан кабыл алынган депозиттер*

Банктар тарабынан жаңыдан кабыл алынган депозиттердин[1] көлөмү 2017-жылга салыштырганда 14,0 пайызга көбөйүү менен 2018-жылы 601,2 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 13,3 пайызга, 328,3 млрд сомго чейин, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттер 14,7 пайызга, 272,9 млрд сомго чейин өскөн. Депозиттердин негизги агылып кирүүсү талап боюнча төлөнүүчү эсептерге каражаттардын түшүүсү менен камсыз болгон.

2018-жыл ичинде жаңыдан кабыл алынган улуттук валютадагы депозиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен 2017-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 0,3 пайыздык пунктка төмөндөө менен 2,4 пайызды түзгөн, ал эми чет өлкө валютасындагы ушул эле көрсөткүч 0,2 пайыздык пунктка, 0,4 пайызга чейин төмөндөгөн.

Муну менен катар эле жаңыдан кабыл алынган улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чендин орточо мааниси 2017-жылдын ушул көрсөткүчүнө салыштырганда 0,4 пайыздык пунктка, 10,1 пайызга чейин төмөндөгөн, ал эми чет өлкө валютасындагы ушул эле көрсөткүч 0,7 пайыздык пунктка, 3,4 пайызга чейин төмөндөгөн.

[1] Жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмүндө эсептешүү эсебине түшкөн каражаттар эске алынган эмес.

***3.1.1.8-график.***

Банктардын мөөнөттүү депозиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер




*Коммерциялык банктардын капиталы*

Коммерциялык банктардын таза суммардык капиталынын[1] өлчөмү 2018-жыл ичинде 8,6 пайызга өсүп, 36,5 млрд сомду түзгөн. Төлөнгөн уставдык капиталдын[2] мааниси 7,3 пайызга, 23,5 млрд сомго чейин көбөйгөн.

Банк секторунун капиталынын шайкештигинин көрсөткүчү анын туруктуулугун тастыктоодо. Мында 2018-жыл жыйынтыгы боюнча калыптанган банк секторунун капиталынын шайкештигинин (К 2.1.) айкын деңгээли белгиленген ченемден дээрлик 2 эсеге (12 пайыздан кем эмес) ашкан, бул финансылык ортомчулук деңгээлин мындан ары жогорулатуу үчүн потенциалдын бар экендигин көрсөтөт.

[1] Банктын уставдык капиталын, отчеттук жана өткөн жылдардагы иштин финансылык натыйжасын, туунду уюмдарга жана башка финансы-кредит уюмдарынын капиталына инвестицияларды кошпогондо, түзүлгөн камдарды камтыган эсептешүү көрсөткүчү. Бул көрсөткүч Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанилерин эсептөөдө колдонулат.

[2] Бул категорияга жөнөкөй жана артыкчылык берилген акциялар кирет.

***3.1.1.9-график.***

Банктардын капиталынын базасындагы көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




2018-жыл жыйынтыгы боюнча банк тутумунун таза пайдасы 2017-жылга салыштырмалуу 41,0 пайызга көбөйүп, 3,0 млрд сомду түзгөн.

***3.1.1.5-таблица.***

Банктардын кирешелеринин жана чыгашаларынын көлөмү
*(млрд сом)*

| Категориясы | 2017-жыл | 2018-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп пайыздык кирешелер | 19,5 | 21,3 |
| Бардыгы болуп пайыздык чыгашалар | 7,7 | 7,5 |
| ***Таза пайыздык киреше*** | ***11,8*** | ***13,7*** |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 0,6 | 1,4 |
| ***РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше*** | ***11,2*** | ***12,3*** |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес кирешелер | 10,0 | 11,0 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес чыгашалар | 5,7 | 6,1 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 12,5 | 13,5 |
| ***Таза операциялык киреше (чыгым)*** | ***3,0*** | ***3,8*** |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 0,5 | 0,4 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 2,5 | 3,5 |
| Пайдага салык | 0,3 | 0,5 |
| **Таза пайда (чыгым)** | **2,1** | **3,0** |

Активдердин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2018-жыл ичинде 1,2 пайыздан 1,4 пайызга чейин көбөйгөн, ал эми капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) 7,6 пайыздан 9,5 пайызга чейин өскөн, бул банктардын иш натыйжалуулугу жогорулагандыгын тастыктайт.

***3.1.1.10-график.***

Банктардын рентабелдүүлүк көрсөткүчтөрү






### 3.1.2. Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо

Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо Улуттук банк тарабынан өз ыйгарым укуктарынын чегинде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырылган банктык көзөмөлдүн бир бөлүгү болуп саналат.

*Лицензия берүү*

2018-жыл ичинде эки банкка Улуттук банк тарабынан эмитирленген (чыгарылган) аффинаждалган өлчөнгөн куймалар менен операцияларды жүргүзүү укугуна уруксат берилген, алардын бири башка эмитенттердин жеке белгилери көрсөтүлбөгөн (нак эмес формада) баалуу металлдары менен операцияларды жүргүзүү укугуна да уруксат алган. Мындан тышкары, бир банкка ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык “ислам терезеси” аркылуу улуттук жана/же чет өлкө валютасында банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берилген.

*Банктардын уставдык капиталы*

2018-жылы Улуттук банк тарабынан көзөмөлгө алуу чараларынын алкагында, коммерциялык банктардын акционерлери менен капиталды банк мыйзамдарына ылайык түзүү боюнча иштер жүргүзүлгөн, анда учурда иштеп жаткан банктар үчүн (резидент эмес банктардын филиалдарын кошкондо) минималдуу уставдык капиталды 600 млн сомдон кем эмес өлчөмдө түзүү талабы 2018-жылдын 1-июлуна чейин белгиленген.

*Филиалдар, сактык жана көчмө кассалар*

***3.1.2.1-таблица.***
Филиалдардын, сактык жана көчмө кассалар саны

| | Филиалдардын саны | | Сактык кассаларынын саны | | Көчмө кассалардын саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2017-жыл | 2018-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл |
| Бишкек шаары | 68 | 70 | 265 | 268 | 38 | 39 |
| Баткен областы | 25 | 25 | 72 | 70 | 7 | 10 |
| Жалал-Абад областы | 49 | 49 | 174 | 170 | 15 | 22 |
| Ысык-Көл областы | 39 | 40 | 64 | 55 | 16 | 17 |
| Нарын областы | 20 | 20 | 23 | 23 | 2 | 3 |
| Ош областы | 59 | 59 | 201 | 200 | 20 | 24 |
| Талас областы | 18 | 17 | 22 | 21 | 5 | 7 |
| Чүй областы | 41 | 41 | 81 | 78 | 26 | 32 |
| **Бардыгы болуп** | **319** | **321** | **902** | **885** | **129** | **154** |

2018-жыл ичинде республика боюнча коммерциялык банктардын үч филиалы, 22 сактык кассасы жана 34 көчмө кассасы ачылган. Ошондой эле ар башка коммерциялык банктардын бир филиалы, 39 сактык кассасы жана тогуз көчмө кассасы жабылган.

### 3.1.3. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк коммерциялык банктардын ишине тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү ишке ашырууга киришкен.

Тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөл эл аралык алдыңкы тажрыйба болуп саналат, ал банктын ар башка иш чөйрөлөрүндөгү тобокелдиктерине жана ички контролдоо системасына баа берүүгө негизделген, мында олуттуу тобокелдик чөйрөлөрү аныкталат жана көзөмөлдөө чаралары колдонулат.

2018-жылы коммерциялык банктардын ишине көзөмөл Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын ишин көзөмөлдөө стратегиясынын алкагында, тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жүргүзүү принциптерин колдонуу аркылуу, финансылык абалды, тескөө сапатын, мыйзам менен белгиленген экономикалык ченемдерди жана башка талаптарды эске алуу менен жүргүзүлгөн. Банк секторунун системалуу тобокелдиктери орточо катары бааланган.

*Капитал көрсөткүчтөрү*

2018-жылы суммардык капиталдын шайкештигинин көрсөткүчү “12 пайыздан кем эмес” ченемде белгиленген шартта, 23,7 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Бул көрсөткүчтүн белгиленген деңгээлден жогорулашы банк секторунун туруктуу иштешин, ошондой эле финансы кызмат көрсөтүүлөр сунушун кеңейтүү үчүн банк тутумунун потенциалынын бар экендигин билдирет.

***3.1.3.1-таблица.***

Коммерциялык банктардын капиталынын көрсөткүчтөрү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2017-жыл | 2018-жыл |
|---|---|---|
| Таза суммардык капитал, *млрд сом* | 33,6 | 36,5 |
| Таза тобокелдүү активдер, *млрд сом* | 138,5 | 153,8 |
| Суммардык капиталдын шайкештик коэффициенти, *пайыздар* | 24,2 | 23,7 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми (describes кеминде), *пайыздар* | 12,0 | 12,0 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 30 пайыздан жогору болгон банктардын саны | 12 | 8 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 20 пайыздан 30 пайызга чейин болгон банктардын саны | 7 | 10 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 20 пайыздан төмөн болгон банктардын саны | 6 | 7 |

*Кредиттик тобокелдик*

Кредиттик тобокелдикке активдерди жана балanстан тышкаркы милдеттенмелерди[1] классификациялоонун негизинде баа берилет. Кайтарылбай калуу тобокелдигине ээ классификацияланган кредиттер боюнча атайын камдардын кредит портфелине карата катышы жыл башынан 0,4 пайыздык пунктка төмөндөө менен 4,1 пайызды түзгөн.

*Валюта тобокелдиги*

Валюта тобокелдигине чет өлкө валютасындагы активдердин жана милдеттенмелердин катышынын, ошондой эле алардын коммерциялык банктардын суммардык активдериндеги же милдеттенмелериндеги үлүшүнүн негизинде баа берилет. 2018-жылдын жыйынтыгы боюнча банк тутумунун валюталык активдери 87,3 млрд сомду же суммардык активдердин 38,0 пайызын түзгөн. Ал эми коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери 78,8 млрд сомду же бардык милдеттенмелердин 43,3 пайызын түзгөн.

***3.1.3.2-таблица.***

Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы активдери жана милдеттенмелери (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2017-жыл | 2018-жыл |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы активдер, *млрд сом* | 79,6 | 87,3 |
| Бардык активдердин түзүмүндөгү чет өлкө валютасындагы активдердин үлүшү, *пайыздар* | 40,2 | 39,5 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер, *млрд сом* | 75,4 | 78,8 |
| Бардык милдеттенмелердин түзүмүндөгү чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү, *пайыздар* | 45,5 | 43,3 |

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Ликвиддүүлүк тобокелдиги ар бир мөөнөт аралыгында милдеттенмелердин ордунун активдер менен жабылышы боюнча каралат, бул мөөнөттөр жана милдеттенмелер боюнча ажырым пайда болгон шартта, каражаттарга болгон муктаждыкты баалоого мүмкүндүк берет. 2018-жылдын акырына карата активдерди жана милдеттенмелерди төлөө мөөнөттөрү боюнча терс ажырым 30, 91-180 жана 181-365 күнгө чейинки мезгил аралыгында байкалган.

[1] Маалыматтар “Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама” деп аталган 3.1.1-бөлүктө, “Банктардын активдеринин, балanстан тышкаркы милдеттенмелеринин жана кредиттеринин классификациясы” деген 3.1.1.3-таблицасында келтирилген.

***3.1.3.3-таблица.*** [1]

Мөөнөттөр боюнча активдер жана милдеттенмелер (бир мезгилдин акырына карата)
*(млрд сом)*

| 2017-жыл* | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Активдер | 69,2 | 11,9 | 10,9 | 19,5 | 92,8 | 204,2 |
| Милдеттенмелер | 87,8 | 7,8 | 13,1 | 18,4 | 34,3 | 161,3 |
| Активдердин милдеттенмелерден ашкан суммасы | -18,7 | 4,1 | -2,2 | 1,1 | 58,5 | 42,9 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | 27,0 | 34,6 | 20,2 | 5,6 | 63,1 | 21,0 |

** - 2017-жылдын 31-декабрына карата маалыматтарды кошо алганда*

| 2018-жыл* | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Активдер | 71,8 | 11,2 | 16,9 | 19,2 | 110,4 | 229,6 |
| Милдеттенмелер | 93,2 | 8,8 | 18,1 | 21,1 | 40,7 | 182,0 |
| Активдердин милдеттенмелерден ашкан суммасы | -21,4 | 2,4 | -1,1 | -1,9 | 69,6 | 47,6 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | 29,8 | 21,7 | 6,7 | 10,0 | 63,1 | 20,7 |

** - 2018-жылдын 31-декабрына карата маалыматтарды кошо алганда*

Банк тутумунун ликвиддүүлүк ченеминин мааниси коммерциялык банктар үчүн 45,0 пайыздан кем эмес деңгээлде белгиленген шартта, 67,0 пайызды түзгөн. Тобокелдиктерди алдын алуу максатында айрым банктар үчүн дароо ликвиддүүлүк (К3.3) боюнча кошумча ченем киргизилген.

*ПФТД/ЛПД*

2018-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматы менен түзүлгөн эки тараптуу келишимдин алкагында, коммерциялык банктар тарабынан террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү (мындан ары – ПФТД/ЛПД) боюнча мыйзам талаптарынын аткарылышы жөнүндө маалымат алмашуу дайыма жүрүп турган.

Отчеттук жыл ичинде Евразия тобунун 28-пленардык отурумунда Кыргыз Республикасынын террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча улуттук системасына өз ара баа берүү жөнүндө отчет бекитилген. 2018-жылы Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын ПФТД/ЛПД боюнча улуттук системасын жакшыртууга багытталган сунуш-көрсөтмөлөрдү ишке ашыруу боюнча иштер башталган, ал сунуш-көрсөтмөлөр Кыргыз Республикасынын террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча улуттук системасына Евразия тобунун өз ара баа берүүсүнүн жыйынтыгы боюнча иштелип чыккан.

Кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) жана террористтик ишти каржылоо тобокелдиктерин азайтуу боюнча 2018-2019-жылдарга каралган иш-аракеттер планын аткаруу боюнча Ведомстволор аралык планды ишке ашыруунун алкагында, Улуттук банк тарабынан 2018-2019-жылдарга карата ПФТД/ЛПД боюнча тобокелдиктерди азайтуу максатында, Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган уюмдардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу үчүн Улуттук банктын ишин өркүндөтүү боюнча иш-чаралар планы бекитилген.

[1] Маалыматтар ПРБОнун 12-бөлүгүнүн негизинде берилген.

*Инспектордук текшерүүлөр*

2018-жылы Улуттук банк тобокелдикке багытталган көзөмөлдү жүргүзүү ыкмаларын колдонуу менен коммерциялык банктарга инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзгөн. Текшерүүдө, негизинен, тобокелдиктерди тескөө системасына, банктагы корпоративдик башкарууга жана ички контролго баа берүү камтылган жана банктардын капиталынын жеткиликтүүлүгү, активдердин жана шарттуу милдеттенмелердин сапаты, ликвиддүүлүгү, кирешелүүлүгү, операциялык жана рыноктук тобокелдиктерге дуушар болуу ыктымалдуулугу жана банктар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, анын ичинде террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча талаптардын сакталышы эске алынган.

### 3.1.4. Таасир этүү чаралары

Коммерциялык банктардын ишине көзөмөл жүргүзүүнүн алкагында, 2018-жылы банктардын ишинде аныкталган бузуулардын/ кемчиликтердин жыйынтыгы боюнча тиешелүү таасир этүү чаралары колдонулган. Көрүлгөн чаралар банктык тобокелдиктерди төмөндөтүүгө, тобокелдиктерди тескөө сапатын жогорулатууга, ички контролду күчөтүүгө, банктардын ишин Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарына шайкеш келтирүүгө, ошондой эле банктардын ишенимдүүлүгүн, алардын ишинин туруктуулугун жана натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

Айрым банктарга жана алардын кызмат адамдарына карата Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарын, анын ичинде террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзамдарды бузгандыгы үчүн айыптык төлөм колдонулган.

2018-жылы Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан 61 отурум өткөрүлгөн, анда коммерциялык банктардын иши боюнча 198 маселе каралган. Көзөмөл боюнча комитет тарабынан көзөмөлдөө чаралары жана айрым коммерциялык банктардын ишин чектөө, ошондой эле коммерциялык банктардын кызмат адамдарын макулдашуу боюнча чаралар колдонулган.

Коммерциялык банктардын уставдык жана өздүк (жөнгө салуучу) капиталынын минималдуу өлчөмүнө тиешелүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын жүзөгө ашыруунун алкагында, жети банкка карата Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык таасир этүү чаралары колдонулган.

### 3.1.5. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы

2018-жылы коммерциялык банктардын, анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча операцияларды ишке ашырган банктардын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук базаны жакшыртуу иши тобокелдиктерди төмөндөтүүгө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана банктык жөнгө салуу боюнча эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүүгө, ошондой эле коммерциялык банктардын ишине көзөмөл жүргүзүүнү өнүктүрүү багытталган.

*Банктардын ишин лицензиялоо*

Улуттук банк тарабынан “Банктардын ишин лицензиялоо жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген, анда Улуттук банк менен милдеттүү түрдө макулдашылууга тийиш болгон банктардын акционерлерине, кызмат адамдарына карата кошумча талаптар каралган. Акча каражат булактарынын келип чыгышы тууралуу документтердин, байланыштуу жана аффилирленген жактар тууралуу маалыматтардын берилиши, түпкү менчик ээлерин (пайдага ээ болуучуларды) аныктоо үчүн банктардын менчик ээлеринин схемаларын түзүү боюнча талаптар белгиленген.

Мындан тышкары, банктарга консультациялык кызматтарды сунуштоо жана билдирмелерди кабыл алуу үчүн кардарларды кошумча тейлөө пункттарын ачуу мүмкүнчүлүгү берилген. Лицензиялоо жол-жоболорун өркүндөтүү максатында, кошумча банк операцияларын ишке ашырууга уруксат алуу тартибине өзгөртүүлөр киргизилген. Ошондой эле, банктардын уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду макулдашуу маселелери боюнча ченемдер кайра каралып чыккан.

*Экономикалык ченемдер жана талаптар*

Банктык көзөмөл боюнча Базель комитети тарабынан иштелип чыккан Базель III эл аралык стандарттардын айрым элементтерин жайылтуу, ошондой эле Евразия экономикалык бирлигинин жалпы финансы рыногун түзүүнүн алкагында банк секторун атаандашуу жөндөмдүүлүгүнө даярдоо, экономиканын долларлашуу деңгээлин жана кредиттер боюнча пайыздык чендерди төмөндөтүү максатында, капитал шайкештигинин стандарттары маселеси боюнча Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган. Кабыл алынган өзгөртүүлөр айыл чарбаны каржылоого, экспортко багытталган жана импортту алмаштыруучу ишканаларды каржылоого байланыштуу мамлекеттик программаларга коммерциялык банктардын катышуусун колдоого багытталган.

Ликвиддүүлүк ченемин, анын ичинде кыска мөөнөттүү жана дароо ликвиддүүлүк ченемин эсептөө тартиби Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен өзгөртүлгөн.

*Тобокелдиктерди тескөө*

Коммерциялык банктарга тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жайылтуу боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралардын алкагында, банктын тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө, ошондой эле тобокелдиктер боюнча лимиттерди өлчөөгө, белгилөөгө, тескөөгө байланыштуу саясаттарды жана процесстерди аныктоого тиешелүү коммерциялык банктарда тобокелдиктерди тескөө маселелери боюнча бир катар ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган. Мындан тышкары Банктык көзөмөлдү жүзөгө ашыруу жөнүндө нускоо бекитилген, анда тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жүзөгө ашыруу боюнча Улуттук банктын саясатына ылайык инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү талаптары каралган.



Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктарга акча каражаттарын жайгаштырууда жөнгө салуучу тарабынан белгиленген акча каражаттарын жайгаштыруу тартибин жана шарттарын сактаган шартта, Улуттук банкта ачылган депозиттик эсептерге чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын жайгаштыруу мүмкүнчүлүгү берилген.

Банк ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди төмөндөтүү, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына шайкеш келтирүү үчүн банктык эсептерди жүргүзүү, операциялык тобокелдиктерди тескөө, экономикалык ченемдер жана талаптар, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен коммерциялык банктардын ортосунда талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу маселелери боюнча бир катар ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келтирүүнүн алкагында, кредиттөө жана күрөөнү өндүрүү маселелери боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга Улуттук банк тарабынан өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган.

*Таасир этүү чараларын колдонуу*

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктарга жана айрым башка финансы-кредит уюмдарына карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген, анда уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүн жана/же өздүк (жөнгө салуучу) капитал боюнча экономикалык ченемди өз учурунда түзүү боюнча талаптарды бузган банктарга карата таасир этүү чараларын колдонуу тартиби белгиленген.

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин талаптарына шайкеш келтирүү максатында, Бузуулар боюнча иштерди кароо жөнүндө нускоо бекитилген.

Отчеттук жылы ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды ишке ашырган банктардын ишин жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча иш-чаралар улантылган.

*Ислам каржылоо принциптери*

Ислам каржылоо принциптери боюнча иш алып барган банктардын акча каражаттарды тартуу боюнча операцияларынын тизмесин кеңейтүү үчүн “Пилоттук долбоордун алкагында Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин жүзөгө ашыруу жөнүндө” жана “Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ишке ашырылуучу операциялар жөнүндө” жобого толуктоолор бекитилген.

Ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды ишке ашырган банктардын тобокелдиктерди тескөө системасын өркүндөтүү максатында, “Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды ишке ашырган банктарда тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобонун жаңы редакциясы кабыл алынган.

## 3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу

### 3.2.1. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү боюнча баяндама[1]

2018-жыл жыйынтыгы боюнча банк эмес финансы-кредит уюмдары (БФКУ) секторунун негизги көрсөткүчтөрүнүн, атап айтканда активдеринин, кредит портфелинин жана ресурстук базасынын өсүшү тенденциясы байкалган.

2018-жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында адистештирилген финансы-кредит уюмун (АФКУ), микрофинансылык уюмдарды (МФУ), кредиттик союздарды (КС), алмашуу бюролорун жана кредиттик бюролорду кошо алганда 664 БФКУ иш алып барган.

*БФКУнун активдери*

Регулятивдик отчетко ылайык, БФКУнун[2] 2018-жыл үчүн чогуу алгандагы активдери 31,2 пайызга көбөйүп, отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча 20,1 млрд сомду түзгөн.

[1] Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетуна (ПРО) ылайык.

[2] АФКУнун кредит портфелин эске албаганда.



МАЗМУНУ

***3.2.1.1-таблица.***

БФКУнун активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2017-жыл | | 2018-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 12 204,4 | 79,6 | 16 252,9 | 80,8 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 1 232,7 | 8,0 | 1 461,8 | 7,3 |
| Башка активдер | 607,0 | 4,0 | 863,5 | 4,3 |
| Финансы-кредит уюмдарына кредиттер | 527,7 | 3,4 | 712,7 | 3,5 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 658,3 | 4,3 | 694,3 | 3,5 |
| Негизги каражаттар | 314,4 | 2,1 | 361,6 | 1,8 |
| Акча каражаттары | 201,3 | 1,3 | 198,4 | 1,0 |
| Баалуу кагаздар портфели | 54 | 0,4 | 111,1 | 0,6 |
| Атайын РППУ* | -465,5 | -3,0 | -535,5 | -2,7 |
| **Бардыгы болуп** | **15 334,40** | **100** | **20 120,90** | **100,0** |

** Атайы РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер боюнча (субстандарттык, шектүү жана жоготуу катары таанылган) жоготуулар жана чыгым тартуулар ордун жабууга каралган камды түшүнүү зарыл.*

БФКУлардын акча каражаттарындагы, кыска мөөнөттүү активдер түрүндөгү жана коммерциялык банктардын эсептешүү эсептериндеги ликviддүү каражаттарынын көлөмү 2018-жылдын акырына карата 1,6 млрд сомду же активдердин жалпы көлөмүнүн 8,2 пайызын түзүү менен отчеттук мезгил ичинде 15,7 пайыздык пунктка көбөйгөн.

*Кредит портфели*

Банк эмес финансы-кредит секторунун кредит портфели 2017-жылга салыштырганда 33,3 пайызга көбөйүп, 17,0 млрд сомду түзгөн. Кредит портфелинин БФКУнун активдериндеги үлүшү 2017-жылга салыштырганда 1,3 пайыздык пунктка көбөйүп, 84,3 пайызды түзгөн. 2018-жылдын акырына карата ислам каржылоо принциптери боюнча портфель 902,0 млн сомду же БФКУнун бардык активдеринин 4,5 пайызын түзгөн. 2018-жылдын акырына карата БФКУ карыз алуучуларынын саны 2017-жылга салыштырганда 92 735 адамга же 34,1 пайызга көбөйүү менен 364 756 адамды түзгөн.

***3.2.1.1-график.***

БФКУнун активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Кароого алынган мезгил ичинде БФКУнун кредит портфелинин негизги көлөмү региондор боюнча Бишкек, Ош шаарларында, Чүй жана Ош областтарында берилген.

***3.2.1.2-таблица.***

БФКУнун кредит портфелинин региондор боюнча өзгөрүүсү (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн сом)*

| | 2017-жыл | | 2018-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Бишкек шаары | 3 471,2 | 27,3 | 4 456,0 | 26,3 |
| Ош областы жана Ош шаары | 2 712,6 | 21,3 | 3 724,0 | 22,0 |
| Чүй областы | 2 078,8 | 16,3 | 2 498,2 | 14,7 |
| Жалал-Абад областы | 1 397,2 | 11,0 | 2 009,5 | 11,8 |
| Ысык-Көл областы | 1 267,5 | 10,0 | 1 846,1 | 10,9 |
| Нарын областы | 891,5 | 7,0 | 1 142,3 | 6,7 |
| Баткен областы | 563,0 | 4,4 | 809,1 | 4,8 |
| Талас областы | 347,7 | 2,7 | 477,9 | 2,8 |
| Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары | 2,6 | 0,0 | 2,5 | 0,0 |
| **Бардыгы болуп** | **12 732,1** | **100,0** | **16 965,7** | **100,0** |

Микрофинансылык уюмдардын кредит портфели боюнча орточо алынган чендер 2018-жылдын акырына карата олуттуу деле өзгөргөн эмес жана ал 30,4 пайызды (-0,7 пайыздык пункт), кредиттик союздардын кредит портфели боюнча орточо алынган чендер – 27,4 пайызды (+1,5 пайыздык пункт) түзгөн.

Кредит портфелинин жыл ичинде өсүшү менен бирге классификацияланбаган кредиттердин көлөмү 16,2 млрд сомду түзүү менен 4,1 млрд сомго өсүшү байкалган, мында классификацияланган кредиттердин үлүшү дээрлик ошол эле деңгээлде калган жана 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча 5,0 пайызга каршы 4,2 пайызды түзгөн.

***3.2.1.3-таблица.***

БФКУнун кредит портфелинин сапаты

| Категориясы | 2017-жыл | | 2018-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | *пайыздар* | *млн сом* | *пайыздар* |
| **Классификацияланбаган кредиттер** | **12 095,3** | **95,0** | **16 246,0** | **95,8** |
| **Классификацияланган кредиттер** | **636,8** | **5,0** | **719,7** | **4,2** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Субстандарттык | 221,9 | 1,7 | 193,7 | 1,1 |
| Шектүү | 94,2 | 0,7 | 121,3 | 0,7 |
| Жоготуулар | 320,8 | 2,5 | 404,7 | 2,4 |
| **Бардыгы болуп кредит портфели** | **12 732,1** | **100,0** | **16 965,7** | **100,0** |

БФКУнун чогуу алгандагы кредит портфелиндеги МФУнун үлүшү (микрофинансылык компаниялар, микрокредиттик компаниялар, микрокредиттик агенттиктер) 92,1 пайыздан (11,7 млрд сом) 94,1 пайызга чейин (16,0 млрд сом) көбөйгөн, ошону менен бирге кредиттик союздардын үлүшү 7,8 пайыздан (1,0 млрд сом) 5,9 пайызга чейин (1,0 млрд сом) төмөндөгөн.

*АФКУ*

АФКУнун иши кредиттик союздарды кредиттөөнүн алкагында айыл жергесин каржылоо системасын колдоо үчүн кредит берүүгө багытталган. АФКУнун кредит портфели 2018-жылдын акырына карата 411,1 млн сомду түзгөн, бул 2017-жылдагы көрсөткүчтөн 7,5 пайызга аз.

*Кредиттик союздар*

Кредиттик союздардын чогуу алгандагы кредит портфели 2017-жылдын деңгээлинде сакталган жана 2018-жылдын акырына карата 1,0 млрд сомду түзгөн. Кредит портфелинин түзүмүндө кредиттердин негизги үлүшү айыл чарбасына –

35,7 пайыз, соодага – 24,9 пайыз (2017-жылы – тиешелүүлүгүнө жараша 40,3 жана 22,9 пайыз) туура келген. Кредиттик союздардын карыз алуучуларынын саны жыл ичинде 6,6 пайызга кыскарган жана 2018-жылдын акырына карата 8 573 адамды түзгөн.

2018-жылдын акырына карата абал боюнча жети кредиттик союз депозиттик лицензияга ээ болгон. Кредиттик союздун катышуучуларынан тартылган депозиттердин көлөмү 26,6 пайыздык пунктка көбөйгөн жана 19,5 млн сомду түзгөн, ал эми башка ФКУлардын алдындагы милдеттенмелери 6,5 пайыздык пунктка кыскарып, 411,4 млн сомду түзгөн.

*Микрофинансылык уюмдар*

Микрофинансылык уюмдардын (МФУ) чогуу алгандагы кредит портфели 36,1 пайыздык пунктка көбөйүп, 2018-жылдын акырына карата 16,0 млрд сомду түзгөн. Бүтүндөй алганда, МФУнун кредит портфели кыска жана орто мөөнөттүү кредиттерден турат. МФУнун негизги кредиттөө тармактарынан болуп чогуу алгандагы кредит портфелинен айыл чарбасы – 28,3 пайыз (2017-жылдын акырына карата – 24,5 пайыз), үлүшүнө 24,3 пайыз (2017-жылдын акырына карата – 29,9 пайыз) туура келген керектөө кредити жана кызмат көрсөтүүлөр – 18,9 пайыз (2017-жылдын акырына карата – 11,1 пайыз) эсептелген. МФУнун негизги кредиттөө булактарынан болуп капитал жана эл аралык финансы институттарынан жана чет өлкө уюмдарынан тартылган каражаттар саналган. Карыз алуучулардын саны 35,5 пайызга көбөйүү менен 2018-жылдын акырына карата 356 183 адамды түзгөн.

*БФКУ милдеттенмелери*

2018-жыл жыйынтыгы боюнча БФКУ милдеттенмелеринин көлөмү 53,6 пайызга, 9,0 млрд сомго чейин көбөйгөн.

БФКУнун пассивдеринин түзүмүндө эл аралык уюмдардын алдындагы милдеттенмелердин үлүшү 52,0 пайызды түзгөн. Мында, чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер жалпы милдеттенмелер көлөмүнүн 27,5 пайызын түзгөн. 2018-жылдын акырына карата ислам каржылоо принциптери боюнча тартылган каражаттардын көлөмү 702,8 млн сомду же БФКУнун милдеттенмелер түзүмүндө 7,8 пайызды түзгөн.

***3.2.1.4-таблица.***

БФКУнун милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2017-жыл | | 2018-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Алынган кредиттер, анын ичинен: | 4 473,6 | 76,7 | 7 132,0 | 79,7 |
| *Кыргыз Республикасынын банктарынан* | 778,6 | *13,4* | *945,5* | *10,6* |
| *Кыргыз Республикасынын башка ФКУларынан* | *944,9* | *16,2* | *1 133,3* | *12,7* |
| *эл аралык финансы уюмдардан жана донорлордон* | *86,5* | *1,5* | *203,7* | *2,3* |
| *эл аралык ФКУлардан* | *2 177,0* | *37,3* | *4 454,0* | *49,7* |
| *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн* | *486,6* | *8,3* | *395,6* | *4,4* |
| Башка милдеттенмелер | 1 224,5 | 21,0 | 1 668,2 | 18,6 |
| Субординацияланган милдеттенмелер | 118,7 | 2,0 | 137,2 | 1,5 |
| Мөөнөттүү депозиттер | 14,5 | 0,2 | 17,5 | 0,2 |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 1,0 | 0,0 | 2,0 | 0,0 |
| **Бардыгы болуп** | **5 832,2** | **100,0** | **8 956,9** | **100,0** |

Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын төлөнгөн уставдык капиталынын жалпы суммасы 4,0 млрд сомду түзгөн жана 2017-жылдын жыйынтыктарына (3,9 млрд сом) салыштырганда дээрлик өзгөргөн эмес. Мында, БФКУнун өздүк капиталы 8,9 млрд сомду түзгөн, ал 15,0 пайызга же 1,3 млрд сомго көбөйгөн.

МАЗМУНУ

***3.2.1.5-таблица.***

Кирешелер жана чыгашалар түзүмү

*(млн сом)*

| Категориясы | 2017-жыл | 2018-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп пайыздык кирешелер | 3 859,4 | 4 590,9 |
| Бардыгы болуп пайыздык чыгашалар | 651,3 | 854,9 |
| Таза пайыздык киреше | 3 208,0 | 3 736,0 |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 72,0 | 273,7 |
| РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше | 3 136,0 | 3 462,3 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес кирешелер | 226,5 | 769,9 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес чыгашалар | 1 484,8 | 1 736,5 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 398,0 | 538,2 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 1 479,7 | 1 957,5 |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 11,5 | 17,7 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 1 468,2 | 1 939,8 |
| Пайдага салык | 137,7 | 182,4 |
| Таза пайда (чыгым) | 1 330,5 | 1 757,4 |

2018-жыл жыйынтыгы боюнча БФКУнун таза пайдасы 1,7 млрд сомду түзгөн, ал 2017-жылга салыштырганда 0,4 млрд сомго же 32 пайызга көбөйгөн.

***3.2.1.2-график.***

Таза пайданын жана кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




Активдердин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2018-жыл ичинде 9,2 пайыздан 9,9 пайызга чейин көбөйгөн, капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) 18,3 пайыздан 21,2 пайызга чейин көбөйгөн. Аталган көрсөткүчтөрдүн өсүшү БФКУ секторунун иш натыйжалуулугунун жогорулагандыгын тастыктайт.

### 3.2.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо

2018-жылдын акырына карата абал боюнча Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банк эмес финансы-кредит уюмдары (БФКУ) системасы бир адистештирилген финансы-кредит уюмун (АФКУ), 106 кредиттик союзду (КС), 142 микрофинансылык уюмду (анын ичинде сегиз микрофинансылык компанияны (МФК), 95 микрокредиттик компанияны (МКК)

жана 39 микрокредиттик агенттикти (МКА)), 413 алмашуу бюросун жана эки кредиттик бюрону камтыган.

МФУнун төлөнгөн уставдык капиталынын жалпы суммасы 2018-жылдын акырына карата 3 789,4 млн сомду (МФК – 921,6 млн сом, МКК – 2 867,8 млн сом), 2017-жылдын акырына карата 3 785,6 сомду (МФК – 766,7 млн сом, МКК – 3 018, 9 млн сом) түзгөн.

АФКУнун, микрофинансылык компаниялардын, кредиттик союздардын, алмашуу бюролорунун жана кредиттик бюролордун иши Улуттук банктын лицензиясынын негизинде жүзөгө ашырылат, ал эми микрокредиттик компаниялар жана микрокредиттик агенттиктер эсептик каттоо жөнүндө күбөлүктүн негизинде иш алып барат жана айрым операцияларды жүргүзүүгө лицензия алууга укуктуу.

Отчеттук жылы Улуттук банк тарабынан 222 лицензия алмашуу бюролоруна (анын ичинде буга чейинки лицензиясынын мөөнөтү бүткөн алмашуу бюролоруна), алты лицензия сезон учурунда иштеген алмашуу бюросуна берилген; кошумча 33 алмашуу бюросу катталган. Ошондой эле МККны эсептик каттоо жөнүндө төрт күбөлүк, бир лицензия МФКга, бир лицензия кредиттик бюрого, карыздык милдеттенмелерди сатып алууга жана кийинчерээк сатууга (факторинг) кошумча бир лицензия МККга берилген.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын сактабагандыгы үчүн МККны эсептик каттоо жөнүндө бир күбөлүк, МКАны эсептик каттоо жөнүндө эки күбөлүк жана алмашуу бюролорунан үч лицензия кайтарылып алынган.

Ишинин токтотулушуна байланыштуу МККны эсептик каттоо жөнүндө үч күбөлүк жана МФКга кайра өзгөртүлүп түзүлүшүнө байланыштуу – эсептик каттоо жөнүндө бир күбөлүк, МКАны эсептик каттоо жөнүндө сегиз күбөлүк, КСтин төрт лицензиясы (КСтин бир лицензиясы башка КС менен кошулуусуна байланыштуу жокко чыгарылган), алмашуу бюролорунун 208 лицензиясы, анын ичинде лицензиянын колдонуу мөөнөтүнүн бүтүшүнө байланыштуу 128 лицензия жокко чыгарылган.

***3.2.2.1-таблица.***

БФКУнун, алмашуу бюролорунун жана кредиттик бюролордун саны

| Аталышы | 2014-жыл | 2015-жыл | 2016-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл |
|---|---|---|---|---|---|
| Адистештирилген ФКУ | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Микрофинансылык уюмдар (МФК, МКК жана МКА) | 215 | 171 | 162 | 150 | 142 |
| Кредиттик союздар | 135 | 125 | 116 | 110 | 106 |
| Алмашуу бюролору | 290 | 329 | 394 | 396 | 413 |
| Кредиттик бюро | 0 | 0 | 0 | 1 | 2 |
| **Бардыгы болуп** | **641** | **626** | **673** | **658** | **664** |

Отчеттук жылы БФКУнун кызмат адамдарынын Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына жооп берүүсү макулдашылган, ошондой эле БФКУну каттоого/кайра каттоого жана андан ары Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органында каттоо/кайра каттоо жол-жобосунан өтүшүнө байланыштуу маселелер каралган жана изилденген.

### 3.2.3. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө

2018-жылы банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө сектордун сапаттуу өсүшүн камсыз кылууга, микрофинансылык кызматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга жана кредиттик тобокелдиктерди төмөндөтүүгө багытталган, бул жалпы алганда банк эмес финансы-кредит институттарынын финансылык туруктуулугуна өбөлгө түзгөн.

БФКУнун ишин көзөмөлдөө сыртынан (аралыктан) көзөмөлдөө жана инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Көзөмөлдү жүзөгө ашырууда Улуттук банк БФКУнун ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди алгачкы баскычтарда алдын алуу боюнча тобокелдикти аныктоого багытталган ыкманы колдонот.

Улуттук банк 2018-жылы 37 МФУда максаттуу текшерүү жүргүзгөн, ал негизинен, кредиттик тобокелдик жана керектөөчүлөрдүн укугун коргоо маселелерине багытталган, мындан тышкары кредиттик союздардын ишине 32 максаттуу жана 20 комплекстүү текшерүүлөр, АФКУнун ишине бир максаттуу текшерүү, анын алкагында кредиттик союздун ишине утурлама текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

Мындан тышкары, отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан алмашуу бюролоруна террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча талаптарды кошо алганда, Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарынын сакталышын, анын ичинде лицензиясыз иш жүргүзүү фактыларын аныктоо боюнча 163 текшерүү жүргүзүлгөн.

### 3.2.4. Таасир этүү чаралары

Тышкы көзөмөлдүн алкагында жана 2018-жылы инспектордук текшерүү жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча БФКУга карата тиешелүү таасир этүү чаралары колдонулган. Бардык көрүлгөн чаралар микрокаржылоо рыногунда орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди төмөндөтүүгө, микрокаржылоо рыногунун ачык-айкындуулук, туруктуулук жана ишенимдүүлүк деңгээлин жогорулатууга, БФКУ үчүн финансылык ресурстардын наркын төмөндөтүүгө, БФКУнун ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келтирүүгө багытталган.

2018-жылы Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан БФКУнун иши боюнча 38 маселе каралган жана көзөмөлдөө чаралары колдонулган, атап айтканда тогуз БФКУнун күбөлүгүнүн аракети токтотулган, үч БФКУнун күбөлүгү кайтарылып алынган жана бир БФКУга айыптык төлөм салынган.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын, анын ичинде ПФТД/ЛПД чөйрөсүндө талаптардын сакталбагандыгы үчүн БФКУнун эки кызмат адамы жана алмашуу бюролору административдик жоопкерчиликке тартылып, аларга жалпы суммасы 420 миң сомго айыптык төлөм салынган.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине ылайык, Улуттук банктын лицензиясы жок чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын ишке ашыргандыгы үчүн 26 жеке адамга жалпы суммасы 2,6 млн сомго айып салынган.

### 3.2.5. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы

*Микрокаржылоо секторун өнүктүрүүнүн 2018-2021-жылдарга каралган негизги багыттары*

2018-жыл ичинде Микрокаржылоо секторун 2018-2021-жылдарга өнүктүрүүнүн негизги багыттарында каралган иш-чаралар өткөрүлгөн, алардын максаты чакан бизнести жана жеке ишкердикти өнүктүрүүнү каржылоонун, калктын жумуш менен камсыз болушун, турмуш шартын жакшыртуунун жогорулатуунун маанилүү инструменти катары микрокаржылоо секторунун жөндөмдүү, туруктуу жана социалдык жактан жоопкерчиликтүү болуусун институционалдык өнүктүрүү үчүн алгылыктуу экономикалык, мыйзам чыгаруу жана жөнгө салуу чөйрөсүн камсыз кылуу саналат.

Отчеттук жылы банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү боюнча иш улантылган.

Жеке адамдардан жана юридикалык жактардан аманаттарды кабыл алууга укугу жок микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын, анын ичинде өз ишин ислам каржылоо принциптери боюнча жүзөгө ашырган союздардын ишин жөнгө салган Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын мыкты эл аралык тажрыйбага шайкеш келтирүү үчүн реструктуризацияланган кредиттерге тиешелүү бөлүгүнө өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген, ошондой эле классификациялоо категорияларын колдонууга карата талаптар төлөнбөгөн карыздын мөөнөтүнө жараша жеңилдетилген.

Алмашуу бюролорунун ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү процессин жөнгө салуу максатында, Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө нускоого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

*БФКУларды ислам принциптери боюнча каржылоо*

Ислам каржылоо принциптерин андан ары өнүктүрүү үчүн ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салууга багытталган ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр бекитилген. Мында, кабыл алынган өзгөртүүлөр жана толуктоолор боюнча каржылоонун чогуу алгандагы максималдуу өлчөмү жогорулатылган, ошондой эле юридикалык жактардан жана жеке адамдардан акча каражаттарын тартуу боюнча чектөөлөр алынып салынган.

“Микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар тарабынан ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылуучу операциялар жөнүндө” жобого финансы-кредит уюмдары акча каражаттарын, анын ичинде инвестицияларды тартуу боюнча инструмент катары колдонушкан “товардык мурабаха” бүтүмүн колдонууга киргизүү жагында сунушталган өзгөртүүлөр бекитилген. Киргизилген оңдоолор ислам каржылоо принциптерине шайкеш келген операциялар тизмесин кеңейтүүгө багытталган.

Айрым банктык кызмат көрсөтүүлөрдү андан ары сунуштоо үчүн 2018-жылы коммерциялык банктарга микрофинансылык компания катары кайра катталышына мүмкүнчүлүк берген “Микрофинансылык компаниялардын ишин лицензиялоо жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр бекитилген.

*БФКУлардын ишин лицензиялоо*

Мындан тышкары, микрофинансылык компанияларды лицензиялоо жол-жоболорун өркүндөтүүнүн алкагында, акционерлердин микрофинансылык компаниялардын беш пайыз жана андан ашык акциясын сатып алууларына карата талаптар так белгиленип, кызмат адамдарын макулдашуу тартиби кайра каралган, лицензиядагы чектөөлөрдү алып салуу жагында кошумча талаптар киргизилген.

*Алмашуу бюролорунун ишин лицензиялоо*

Валюта алмаштыруу чөйрөсүндө лицензиясыз иш алып барууга каршы күрөшүүдө жана нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия алуу жол-жобосун жөнөкөйлөтүү жана бир иретке келтирүү максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Нак чет өлкө валютасы менен

алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө" жобого бир катар өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

Ошентип, мөөнөтү өткөн лицензияны жаңы лицензияга алмаштыруу үчүн кайрылган алмашуу бюролоруна талаптар жөнөкөйлөтүлгөн. Ошондой эле, төрткө чейин кошумча алмашуу бюросун ачуу мүмкүнчүлүгү берилген.

Белгилүү бир мезгилде нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүзөгө ашырууга ниеттенишкен алмашуу бюролоруна карата (бир календардык жыл ичинде төрт айдан азыраак, мисалы, туристтик аймактарда жайкы жана/же кышкы мезгилдерде) жүгүртүү каражаттарынын өлчөмү боюнча талаптар 1 млн сомдон 500 миң сомго чейин, кошумча алмашуу бюролору үчүн 1 млн сомдон 200 миң сомго чейин азайтылган.

*Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо чараларын күчөтүү*

## 3.3. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамына ылайык, Улуттук банк банктык, микрофинансылык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөчүлөрдүн укугун коргоого багытталган иш-чаралар топтомун үзгүлтүксүз негизде жүргүзүп турган.

Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо чөйрөсүндө жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды талдап-иликтөөнүн жана мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга сунушталуучу кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүгө, кардарлар тууралуу маалыматтар менен иштөөгө жана жоопту кредиттөөгө багытталган толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилген.

Улуттук банк менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тиешелүү чараларды өз убагында көрүүсүнүн натыйжасында, коммерциялык банктар тарабынан Ысык-Көл жана Нарын областтарында кардын калың жаашынан, Бишкек шаарындагы "Ош базары" соода-базар комплексинин аймагында жана Жалал-Абад шаарынын борбордук рыногунда чыккан өрттүн кесепетинен жабыркаган жарандарга кредиттерди кайтаруусу боюнча жеңилдиктер берилген.

Кыргыз Республикасынын "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө" мыйзамында каралган талаптарга ылайык, ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын финансылык кызматтардан пайдалануусун, анын ичинде инфраструктуралардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

*Финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн кайрылууларын кароо*

Жарандардын кайрылууларын кароо жана аларга консультациялык-укуктук жардам берүү жагында тиешелүү тартипти камсыз кылуу маселелерине өзгөчө көңүл бурулган. 2018-жыл ичинде Улуттук банк тарабынан 555 кайрылуу каралып, алардын ичинен коммерциялык банктардын иши боюнча 396 кайрылуу, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын иши боюнча 58 кайрылуу жана башка маселелер боюнча 101 кайрылуу каралган. 400дөн ашык жаранга – финансы кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөчүлөргө жеке кабыл алуу форматында консультациялык-укуктук жардам сунушталган.

Улуттук банктын областтык башкармалыгында жарандардын 48ден ашык кайрылуусу каралган.

Финансы-кредит уюмдары тарабынан кайрылууларды кароонун бирдиктүү тажрыйбасын жана механизмдерин камсыз кылууга багытталган чаралар көрүлгөн. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо боюнча коомдук уюмдар менен өз ара иштер жүргүзүлүүдө.

# 4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

2018-жылы Кыргыз Республикасынын төлөм системасы туруктуу режимде иштеген.

Улуттук банк төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү, төлөм системасынын ишин көзөмөлдөө (оверсайт) жана банктар аралык төлөмдөрдүн үзгүлтүксүз өткөрүлүшүн контролдоо, ошондой эле төлөм жана финансылык жаңы технологияларды өнүктүрүү аркылуу төлөм системаларынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу ишин уланткан.

Өлкө региондорунда чекене төлөмдөр рыногун (инновациялык төлөм инструменттерин кошо алганда) өнүктүрүүнү, банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн кеңири жайылтууну камсыз кылуу аркылуу нак жана нак эмес акча жүгүртүүнүн оптималдуу жана тең салмактуу катышына жетишүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын биргелешкен токтому менен Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программанын (Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программа) үчүнчү баскычы жана аны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы бекитилген. Алыскы региондордун 530дан ашык калктуу конуштарын камтыган “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын 190 почта байланышы бөлүмү аркылуу POS-терминалдарды колдонуу менен банктык төлөм картына ээ калкка пенсияларды, жөлөк пулдарды жана эмгек акыларды төлөп берүү долбоору ишке ашырылган.

2018-жылы Улуттук банк экономиканын улуттук валютанын банкнотторуна жана монеталарына муктаждыгын камсыз кылуу менен жүгүртүүдөгү нак акча түзүмүн жөнгө салуу боюнча ишин уланткан.

## 4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү

### 4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр

*Төлөм системасы*

Кыргыз Республикасында нак эмес эсептешүүлөр Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (Гросс системасы), Пакеттик клиринг системасы (Клиринг системасы), төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасы, электрондук акча менен эсептешүүлөр системасы, акча которуулар системасы жана төлөмдөрдү чек ара аркылуу өткөрүү системасы аркылуу ишке ашырылган.

Улуттук банк, коммерциялык банктар, Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Мамлекеттер аралык банк, Депозиттерди коргоо агенттиги, Социалдык фонд, Мамлекеттик пенсиялык топтолмо фонду, “Борбордук депозитарий” ЖАК жана “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК банктар аралык төлөм системаларынын катышуучуларынан болуп саналат.

2018-жылы банктар аралык төлөм системалары (Гросс жана Клиринг системалары) аркылуу 3 220,9 млрд сом суммасында 9,7 млн төлөм өткөрүлгөн.

***4.1.1.1-график.***

Банктар аралык төлөм системалары (Гросс жана Клиринг системалары) боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн көлөмү




Отчеттук мезгил ичинде Клиринг системасынан өткөрүлгөн төлөмдөрдүн көлөмү Улуттук банкта ачылган Бирдиктүү казына эсеби аркылуу мамлекеттик бюджетке төлөмдөрдү көбөйтүү эсебинен 8,2 пайызга көбөйгөн.

Гросс системасында банктар аралык төлөмдөрдүн көлөмүнүн 36,4 пайызга азаюусу байкалган, бул автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу операциялар көлөмүнүн азаюусу эсебинен жүргөн.

***4.1.1.2 -график.***

Банктар аралык төлөм системалары (Гросс жана Клиринг системалары) боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны




Отчеттук жыл ичинде 2017-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда, Гросс системасы аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 16,7 пайызга, Клиринг системасы боюнча – 11,4 пайызга көбөйгөн.

*“Элкарт” улуттук төлөм карты*

Чыгарылган төлөм карттарынын жалпы саны жыл ичинде 20,0 пайызга көбөйүү менен 2,4 млн даанадан көбүрөөктү түзгөн, анын ичинен “Элкарт” улуттук системасынын карттары 1,2 млн дааناны түзгөн. “Элкарт” банктык төлөм карттар эмиссиясынын 2017-жылга салыштырганда 33,3 пайызга өсүшү Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программанын иш-чараларын ишке ашыруунун эсебинен жүргөн.

***4.1.1.3-график.***

Банктык төлөм карттардын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Отчеттук жылы төлөм карттарын пайдалануу менен 196,2 млрд сом суммасында 38,0 млн операция өткөрүлгөн, мында 2017-жылга салыштырганда операциялардын саны 31,9 пайызга, ал эми операциялардын көлөмү 33,6 пайызга көбөйгөн.

***4.1.1.4-график.***

Банктык төлөм карттардын санынын катышы



*Банктык төлөм карттарды пайдалануу менен операциялар*

2018-жыл ичинде соода-тейлөө ишканаларында карттарды пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялардын саны 2017-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 64,1 пайызга, операциялардын көлөмү 43,4 пайызга көбөйгөн. Товарларга нак эмес формада төлөөдө сатуу салыгынан бошотуу түрүндө алгылыктуу шарттарды түзүү боюнча Улуттук банк менен Өкмөттүн биргелешкен иши, ошондой эле коммерциялык банктар тарабынан жүргүзүлгөн өбөлгө түзүүчү программалар нак эмес төлөмдөрдүн көлөмүнүн өсүшүн шарттаган.

***4.1.1.5-график.***

Соода-тейлөө ишканаларында бүтүмдөр көлөмүнүн өсүшүнүн динамикасы




*Карттарды кабыл алуу жана тейлөө инфраструктурасы*

Отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча республиканын жалпы аймагында банктык төлөм карттар 1 583 банкоматта жана 10 046[1] POS-терминалда (анын ичинен 8 103 POS-терминал соода-тейлөө ишканаларында жана 1 943 POS-терминал – коммерциялык банктардын филиалдарында жана аманат кассаларында орнотулган) тейлөөгө алынган.

Системалар боюнча алып караганда:

– “Элкарт” улуттук системасынын карттары бардык 1 583 банкоматта жана 10 046 POS-терминалда;
– Золотая Корона” эл аралык системасынын карттары 209 банкоматта жана 1 342 POS-терминалда;
– Visa жана MasterCard эл аралык системаларынын карттары 583 банкоматта жана 4 846 POS-терминалда;
– “UnionPay” эл аралык системасынын карттары – 249 банкоматта жана 1 237 POS-терминалда тейленген.

[1] Өзүн-өзү тейлеген автоматташтырылган терминалдарды эске албаганда (төлөм терминалдары же cash in).

***4.1.1.6-график.***

Банкоматтардын жана POS-терминалдардын саны (бир мезгилдин акырына карата)




*Электрондук акча*

2018-жылы электрондук акча боюнча көрсөткүчтүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгүнө жана ыңгайлуулугуна байланыштуу болгон. Электрондук акчанын эмитенти болуп тогуз коммерциялык банк саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдүн он системасы иштеп турган.

2017-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда 2018-жылдын акырына карата абал боюнча электрондук капчыктардын саны дээрлик 1,8 эсеге көбөйүү менен 1,2 млн капчыкты түзгөн.

***4.1.1.7-график.***

Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Отчеттук жылы 2017-жылга салыштырганда электрондук капчыктарды толуктоонун көлөмү болжолдуу түрдө эки эсеге көбөйүп, 13,5 млрд сомдон ашык көрсөткүчтү берген, мында электрондук капчыктарды толуктоонун саны 9,7 млн операцияны түзүү менен 2,0 пайызга көбөйгөн.

Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөө боюнча операциялардын көлөмү отчеттук жылы 2017-жылга салыштырганда 89,5 пайызга көбөйүү менен 4,3 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны эки эсеге көбөйүп, 18,8 млн операция катталган.

2018-жылы электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуунун көлөмү өткөн жылга салыштырганда дээрлик эки эсеге көбөйгөн жана 2,5 млрд сом

чегинде катталган, акча каражаттарын которуунун саны 0,5 млн операцияны түзүү менен 2,2 эсеге көбөйгөн.

***4.1.1.8-график.***

Электрондук капчыктар менен операциялар боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү




## 4.1.2. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

Улуттук банк 2018-жылы төлөм системаларынын операторлорунун[1], төлөм уюмдарынын[2] ишин лицензиялоо жана эл аралык төлөм системаларынын операторлорун каттоо ишин уланткан.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан төлөм системаларынын операторлорунун ишин жүзөгө ашырууга үч лицензия жана төлөм уюмдарынын ишин жүзөгө ашырууга эки лицензия берилген.

Төлөм уюмдары өзүн-өзү тейлөө терминалдарын (cash-in), агенттик түйүндөрдү жана электрондук акчаны пайдалануу менен үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алып турган. Жылдын акырына карата төлөм уюмдарынын өзүн-өзү тейлөө терминалдарынын (cash-in) жана агенттеринин саны 5 748 бирдикти, ал эми төлөм уюмдарынын web-кассаларынын жана алардын агенттеринин саны – 240 бирдикти түзгөн.

2018-жылы төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 174,1 млн транзакция өткөрүлгөн, бул 2017-жылга салыштырганда 4,6 пайызга аз, мында төлөмдөрдүн көлөмү 2017-жылга салыштырганда 13,4 пайызга көбөйүү менен 29,2 млрд сомду түзгөн.

Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын финансылык абалына баа берүү, алар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарынын сакталышына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү аркылуу төлөм системасынын үзгүлтүксүз жана коопсуз ишин камсыз кылуу максатында, план боюнча 11 жана пландан тышкары 9 инспектордук текшерүү жүргүзүлгөн.

[1] Төлөм системасынын катышуучуларынан болгон үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматтарды (процессинг, клиринг) кабыл алуу, иштеп чыгуу жана сунуштоо кызмат көрсөтүүсү (финансылык маалыматтарды иштеп чыгуу).

[2] Үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо.

Улуттук банк кароого алынып жаткан жылы эл аралык электрондук акча системаларынын эки операторун жана бир эмитентин, ошондой эле эл аралык акча которуу системасынын төрт операторун каттоодон өткөргөн. Жалпысынан, 2018-жылдын акырына карата абал боюнча республикада төлөм карттарын пайдаланган 6 эл аралык эсептешүүлөр системасы, 7 эл аралык электрондук акча системасы, акча которуу системаларынын 37 оператору, анын ичинен локалдык акча которуу системасынын 19 оператору, эл аралык акча которуу системасынын 18 оператору катталган.

### 4.1.3. Төлөм системасынын ишин көзөмөлдөө (оверсайт)

Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишин көзөмөлдөөнүн (оверсайт) алкагында, белгиленген маанилүүлүк критерийлерине ылайык, 2018-жылы өлкөнүн финансы системасы үчүн маанилүү жана артыкчылыкка ээ болгон төлөм системалары аныкталган. Ошентип, системалуу мааниге ээ төлөм системасы катары Гросс жана Клиринг системалары, ал эми улуттук төлөм системалары катары – Гросс, Клиринг жана “Элкарт” улуттук төлөм системасы таанылган.

*Улуттук төлөм системаларынын иши*

Жүргүзүлгөн мониторингдин натыйжасында, системалуу мааниге ээ төлөм системалары штаттык режимде иштеген. Гросс менен Клиринг системаларында финансылык тобокелдик деңгээли системада жүгүртүлгөн каражаттарга карата катышуучулардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги ликвиддүү каражаттарынын жетиштүү болушунун эсебинен минималдуу чекте сакталган.

Калктын көптөгөн утурумдук жана майда төлөмдөрүн (төлөм карттары менен эсептешүүлөр жана акча которуу системалары) иштеп чыккан чекене төлөм системалары, анын ичинде “Элкарт” улуттук төлөм системасынын иш үзгүлтүксүздүгү өлкөнүн финансы системасынын туруктуулугу үчүн маанилүү фактор болуп саналат.

“Элкарт” төлөм карттары менен эсептешүүлөр системасынын жеткиликтүүлүк коэффициенти[1] 2018-жыл ичинде 99,3 пайызды түзгөн, бул маалымат системалары үчүн кыйла жогорку көрсөткүч болуп саналат (адатта жеткиликтүүлүктүн пландык көрсөткүчү катары 95,0 пайыз алынат).

*Төлөм системаларын интеграциялоо*

ЕАЭБ алкагында улуттук төлөм системаларынын натыйжалуу жана коопсуз ишин камсыз кылуу максатында, Улуттук банк улуттук төлөм системасын өнүктүрүү багытындагы иштерди координациялоо боюнча жумушчу топтун курамында төмөнкүдөй багыттар боюнча ишин улантткан: улуттук төлөм карттарын интеграциялоо (пилоттук банктар инфраструктурасында “Элкарт” жана “Мир” карттарынын өз ара кабыл алынышын тесттен өткөрүү), финансылык маалыматтардын форматтары (ISO 20022 стандартын), финансылык маалыматтарды берүү каналдары боюнча эл аралык стандарттарды жайылтуу, киберкоопсуздук жагында финансылык технологияларды жана кызматташтыкты өнүктүрүү.

### 4.1.4. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар

2018-жылы Улуттук банк, курамына министрликтер, ведомстволор жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары, коммерциялык банктар, төлөм системаларынын операторлору жана бизнес-коомчулуктун өкүлдөрү кирген Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомстволор аралык комиссиянын алкагында, Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн

[1] Жеткиликтүүлүк коэффициенти – бул, системанын пайдалануучуларынын кызматтардан жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү. Техникалык кемчиликтерден, профилактикалык иштерди жүргүзүүдөн улам, системадагы үзгүлтүккө учуроолор пайдалануу мүмкүнчүлүгүн азайтат.

үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программаны ишке ашыруунун иш-чаралар планынын аткарылышын координациялоо жана контролдоо ишин уланткан.

Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программаны ишке ашыруунун иш-чаралар планын аткаруунун жыйынтыгында 2018-жылы төмөнкүдөй натыйжаларга жетишилген:

- 121,2 миң жаран социалдык төлөөлөрдү[1] банктык төлөм карттары аркылуу (алуучулардын жалпы санынын 29,5 пайызы) алышкан, ал эми 2017-жылы алардын саны 78,5 миң адамды түзгөн эле (алуучулардын жалпы санынын 18,6 пайызы);
- 329,2 миң адам пенсиясын коммерциялык банктардагы[2] эсептери аркылуу алышкан, бул пенсионерлердин жалпы санынын 50,5 пайызына жакынын түзүү менен 2017-жылга салыштырганда 10,9 пайызга көбөйгөн;
- банктык жабдууларды сырттан алып келүүгө коммерциялык банктарды КНСтен бошотуу шарты каралган, 2018-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзамынын алкагында, коммерциялык банктар тарабынан өлкөгө 188 банкомат, 2 070 POS-терминал жана 307 төлөм терминалы алынып келинген.

2018-жылдын акырына карата соода-тейлөө ишканаларында орнотулган POS-терминалдардын саны 8 103 даанага жеткен (отчеттук жыл башынан бери 21,9 пайызга көбөйгөн), мындай көрсөткүч улуттук валютада нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүнүн көбөйүүсүнүн эсебинен өлкө экономикасынын долларлашуу деңгээлин төмөндөтүүгө өбөлгө түзгөн.

2018-жылы Улуттук банк калкка коммерциялык банктар менен агенттик келишим боюнча соода-тейлөө ишканаларынын кассаларынан POS-терминалдар аркылуу төлөм карттарынан нак акча каражаттарын алуу мүмкүнчүлүгүн берген. Тейлөөнүн бул түрү бир жагынан, банктык төлөм карт ээлерине тез жана ыңгайлуу шартта акча чыгарууга өбөлгө түзсө, экинчи жагынан, соода-тейлөө ишканалары үчүн кардарлардын жана алардын сатып алууларынын санын көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Өлкөнүн алыскы региондорундагы калктуу конуштардын дээрлик үчтөн бир бөлүгүндө банктык төлөм карттарына ээ жарандар пенсияларды, жөлөк пулдарды жана эмгек акыларын POS-терминалдарды пайдалануу менен алышса, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү, салык жана башка төлөмдөрдү “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын 190 почта бөлүмдөрү аркылуу төлөй алышат.

## 4.2. Нак акча жүгүртүлүшү

Экономиканын нак акчага болгон муктаждыгын өз убагында камсыз кылуу Улуттук банктын негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Бул үчүн Улуттук банк коммерциялык банктар аркылуу жүгүртүүдөгү акча түзүмүн жөнгө салат.

2018-жылы жүгүртүүдөгү нак акчанын жалпы суммасы 2,7 пайызга көбөйүү менен 93,6 млрд сомду түзгөн.

[1] Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин маалыматы боюнча

[2] Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун алдын ала маалыматтары боюнча

***4.2.1-график.***

Жүгүртүүдөгү акчанын өзгөрүү динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




2018-жылы коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү өткөн жылга салыштырганда 17,9 пайызга көбөйүү менен 1 699,2 млрд сомду түзгөн. Ал эми коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 17,1 пайызга өсүп, 1 706,4 млрд сом чегинде катталган.

*Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү жана аларды берүү*

***4.2.1-таблица.***

Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчалардын региондор боюнча кыймылы

| | Түшүүсү, *млрд сом* | | Берилиши, *млрд сом* | | Кайтарымдуулук, *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2017-жыл | 2018-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл |
| **Бардыгы болуп** | **1 441,1** | **1 699,2** | **1 456,9** | **1 706,4** | **98,9** | **99,6** |
| Бишкек шаары | 668,1 | 817,0 | 655,0 | 799,3 | 102,0 | 102,2 |
| Баткен областы | 65,6 | 74,9 | 65,5 | 74,8 | 100,2 | 100,1 |
| Жалал-Абад областы | 154,5 | 175,9 | 167,2 | 186,0 | 92,4 | 94,6 |
| Ысык-Көл областы | 79,2 | 89,4 | 82,9 | 93,5 | 95,5 | 95,6 |
| Нарын областы | 31,5 | 39,5 | 35,0 | 43,0 | 90,0 | 91,9 |
| Ош шаары | 190,7 | 219,3 | 194,8 | 221,8 | 97,9 | 98,9 |
| Ош областы | 82,2 | 88,5 | 81,9 | 88,1 | 100,4 | 100,5 |
| Талас областы | 34,5 | 37,0 | 39,8 | 42,4 | 86,7 | 87,3 |
| Чүй областы | 134,8 | 157,7 | 134,8 | 157,5 | 100,0 | 100,1 |

2018-жылы банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу, жүгүртүүдөн алуу жана аларды жок кылуу иши улантылган.

2018-жыл ичинде нак акча жүгүртүүсүндө 364,7 млн банкнот барагы жана 357,0 млн даана монета болгон. Отчеттук жыл ичинде жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасында банкноттордун үлүшүнө 98,6 пайыз, ал эми монеталардын үлүшүнө – 1,4 пайыз туура келген. Жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын купюралык түзүмү 4.2.2-таблицада көрсөтүлгөн.

**4.2.2-таблица.**

Банкноттордун жана монеталардын жүгүртүүдөгү жалпы акча суммасына карата салыштырма салмагы

*(жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынан пайыздык катышта)*

| Номиналы | 5 сомго чейин | 10 сом | 20 сом | 50 сом | 100 сом | 200 сом | 500 сом | 1 000 сом | 2 000 сом | 5 000 сом | **Бардыгы болуп** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2017-жыл | 0,7 | 0,6 | 0,5 | 0,9 | 1,7 | 3,9 | 11,7 | 45,0 | 1,0 | 34,0 | **100,0** |
| 2018-жыл | 0,8 | 0,6 | 0,6 | 0,8 | 1,6 | 3,7 | 10,3 | 40,8 | 7,9 | 32,9 | **100,0** |

2018-жылы аныкталган жасалма банкноттордун саны 1 207 даананы, жалпы суммасы 120,5 миң сомду (2017-жылы – 26 даана, жалпы суммасы 35,3 миң сом) түзгөн. Жасалма акча жасоонун деңгээли бир миллион анык банкнотго 3,3[1] жасалма банкнотту түзгөн, бул минималдуу – 1-деңгээл катары классификацияланат (0-10 жасалма/млн).

Жасалма акча жасоонун ар бир фактысы боюнча укук коргоо органдары тарабынан кылмыш иши козголгон жана ыкчам-издөө иштери жүргүзүлгөн.

*Аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларын сатуу*

Өлкө калкы жана ишканалары үчүн каражат топтоонун жана инвестициялардын жаңы инструменттер рыногун түзүүгө, банк рыногуна инвестицияларды тартууга, Кыргызстандын алтын казып алуу боюнча өнөр жай тармагынын мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган, Кыргыз Республикасында баалуу металлдар рыногун калыптандыруу жана өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруунун алкагында, Улуттук банк 1, 2, 5 жана 10 грамм, 31,1035 грамм (1 трой унциясы) жана 100 грамм салмагындагы 999,9 сапат белгисине ээ аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларын сатууну уланткан.

2018-жылы аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалары 60,6 млн сом суммасында 19,8 кг көлөмүндө (2017-жылы – 60,7 кг, 172,5 млн сом суммасында) сатып өткөрүлгөн. Ал эми кайрадан сатылып алынган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларынын көлөмү отчеттук мезгил ичинде 13,5 кг, 41,4 млн сом суммасын (2017-жылы – 48,4 кг, 139,8 млн сом суммасын) түзгөн.

**4.2.2-график.**

Сатылган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалардын саны

*(даана)*




[1] Жасалма акча жасоо деңгээли жүгүртүүдөгү (жасалма/млн даана) бир миллион даана анык банкнотко карата табылган жасалма банкноттордун санынын катышы менен аныкталат. Дүйнөлүк тажрыйбада жасалма акча жасоонун алты деңгээлин ажырата билишет.

***4.2.3-график.***

Кайра сатылып алынган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалардын саны
*(даана)*




Банктык баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү, кардарлар базасын жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүү максатында, Улуттук банк жеке адамдар жана юридикалык жактар үчүн 31,1035 грамм жана 100 грамм салмагындагы өлчөнгөн алтын куймаларды сактоого алуу кызмат көрсөтүүсүн да сунуштап келет.

Кыргыз Республикасынын "Баалуу металлдар жана асыл таштар жөнүндө" мыйзамына ылайык, Улуттук банк аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалар запасын улам толуктап туруу үчүн отчеттук жыл ичинде жергиликтүү алтын өндүрүүчү компаниялардан аффинаждалган монетардык эмес алтынды улуттук валютага сатып алууну ишке ашырган.

*IV сериядагы модификацияланган банкнотторду жүгүртүүгө чыгаруу*

Отчеттук жыл ичинде 2016-жылдын үлгүсүндөгү IV сериядагы 20 жана 5000 сом номиналында модификацияланган банкноттор жүгүртүүгө чыгарылган. Көрсөтүлгөн номиналдагы банкноттордун чыгарылышы улуттук валютанын IV сериядагы модификацияланган банкнотторунун пландык жаңыртылышын жыйынтыктады.

*Эстелик банкноттор жана монеталар*

Улуттук валютанын 2000 сом номиналында 2017-жылы чыгарылган эстелик банкноту "Banknote 2018" (АКШ) эл аралык конференциясында "Банкнот индустриясындагы мыкты инновация" номинациясы боюнча жеңүүчү аталган. Аталган сыйлык банкнот чыгаруу тармагында жаңы технологияларды колдонгондугу үчүн берилет.

Эстелик банкноту кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу тарыхын чагылдырган оригиналдуу дизайнга ээ жана акыркы баскычтагы коргоо элементтерин камтыйт. Мындан тышкары, эстелик банкнотунда көрүүсү начар адамдар үчүн атайын белгилер колдонулган.

2018-жылы маанилүү тарыхый окуяларды чагылдырган, ошондой эле улуттук маданиятты жана спорттун улуттук түрлөрүн жайылтуу максатында коллекциялык эстелик монеталарын чыгаруу боюнча иш улантылган.

Кыргыздын улуу жазуучусу Чыңгыз Төрөкулович Айтматовдун 90 жылдыгынын урматына "Тарыхый окуялар" сериясынан "Ч. Айтматов – 90 жыл" эстелик монетасы жүгүртүүгө чыгарылган. Монета акрил капсуласына жайгаштырылып, кутучага салынган.

Мындан тышкары, коллекциялык эстелик монеталардын төмөнкүдөй беш түрү да жүгүртүүгө чыгарылган:

– "Улуттук музыкалык аспаптар" сериясынан "Комуз" күмүш монетасы;

- “Тарыхый окуялар” сериясынан “Кыргыз Республикасынын улуттук валютасына 25 жыл” жез-никель монетасы. Монета акрил капсуласына жайгаштырылып таңгакталган;
- “Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары сериясынан “Улак тартыш” күмүш монетасы, түстүү басма технологиясы колдонулуп, төрт бурчтук формада чыгарылган;
- “Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары” сериясынан “Улак тартыш” жез-никель монетасы, түстүү басма технологиясы колдонулуп, төрт бурчтук формада чыгарылган. Монета акрил капсуласына жайгаштырылып таңгакталган.
- “Кыргыз каганатынын доору” сериясынан “Кыргыз боз үйү” жез-никель монетасы, түстүү басма жана лазер менен күңүрт түс берүү технологияларын колдонуу менен чыгарылган.

***4.2.1-сүрөт.***
“Ч.Айтматов – 90 жыл” жез-никель монетасы




***4.2.2-сүрөт.***
“Комуз” күмүш монетасы






МАЗМУНУ

***4.2.3-сүрөт.***
“Кыргыз Республикасынын улуттук валютасына 25 жыл” жез-никель монетасы




***4.2.4-сүрөт.***
“Улак тартыш” күмүш монетасы




***4.2.5-сүрөт.***
“Улак тартыш” жез-никель монетасы



**4.2.6-сүрөт.**
"Кыргыз боз үйү" жез-никель монетасы



# 5-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ

## 5.1. Эл аралык кызматташуу

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк борбордук (улуттук) жана интеграциялык банктар, эл аралык уюмдар, финансылык институттар жана бирикмелер менен кызматташууну уланткан.

*Эл аралык финансылык уюмдар менен кызматташуу*

2018-жыл ичинде Улуттук банк, Эл аралык валюта фондусунда (ЭВФ) Кыргыз Республикасынын атынан башкаруу офиси катары, Кыргыз Республикасынын ЭВФ менен координациялоо ишин алып барган, ошондой эле өз ара иш алып баруу жагында да иштерди жүзөгө ашырган. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү ЭВФ миссиясы менен экономикада түптөлгөн тенденцияларды, ECF[1] программасында каралган чараларды жана республиканын ЭВФ менен андан аркы кызматташуу келечегин талкуулоо максатында бир катар жолугушууларды өткөргөн.

2018-жылы Ислам өнүктүрүү банкы менен биргеликте Кыргыз Республикасынын аймагында ислам банкын уюштуруу долбоору боюнча иштер жүргүзүлгөн. Ислам финансылык кызмат көрсөтүүлөр кеңеши менен кызматташуу жагында кызматтарды сунуштаган институттар үчүн стандарттарды өркүндөтүү боюнча өз ара иш улантылган. Улуттук банк Кыргызстандын айрым ФКУлары, ошондой эле КМШ өлкөлөрүнүн борбордук банктарынын өкүлдөрү үчүн ислам банкинги жана каржылоо маселелери боюнча семинарларды уюштурган. Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин андан ары жайылтуу максатында, Ислам өнүктүрүү банкы менен ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндө мыйзамдарды жана ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү үчүн техникалык жардам көрсөтүүгө грант сунуштоо боюнча макулдашууга кол коюлган.

*Интеграциялык институттар менен кызматташуу*

Улуттук банк Евразия экономикалык бирлигинин, Мамлекеттер аралык банктын, Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин, Шанхай кызматташуу уюмунун финансы жана банк иши боюнча интеграциялык процесстерине жана иш-чараларына катышкан.

Улуттук банк Евразия экономикалык бирлигинин алкагында түзүлгөн ар кандай консультативдик жана жумушчу органдардын (чакан комитеттер, жумушчу топтор, чакан топтор) ишинде катышкан. Алсак, 2018-жылы Макроэкономикалык саясат боюнча консультативдик комитеттин алкагында Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнө, өз ара соода жүргүзүү болжолдоолоруна талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү жана болжолдоо боюнча бирдиктүү позицияларды иштеп чыгууга багытталган иштер жүргүзүлгөн. Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер ортосунда эсептешүү жана инфляция боюнча орто мөөнөттүк көрсөткүчтү колдонуу механизмдерин өркүндөтүү боюнча иш улантылган.

Статистика боюнча консультативдик комитеттин ишинин алкагында Евразия экономикалык бирлигинин статистикалык көрсөткүчтөрүн топтоо методологиясы, ошондой эле товарларды сыртка жана өз ара сатуу статистикасын жүргүзүү жагында бирдиктүү методологиялык ыкмалар талкууланган. Статистикалык маалыматтардын сапатын камсыз кылуу маселелери кароого алынып, 2019-жыл үчүн иш-аракеттер планында каралган чаралар жактырылган.

[1] ЭВФтин Кыргыз Республикасы үчүн кеңейтилген кредиттик механизми боюнча үч жылдык экономикалык программасы (Extended Credit Facility, ECF) 2018-жылдын 8-апрелинде аяктаган.

Финансы рыноктору боюнча консультативдик комитеттин ишинин жүрүшүндө ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин финансы, банк иши, баалуу кагаздар рыногу, камсыздандыруу, валюталык жөнгө салууга тиешелүү мыйзамдарды шайкеш келтирүү маселелери кароого алынган. Евразия экономикалык бирлигинин келишимдик-укуктук базасын өнүктүрүү, атап айтканда, Жалпы финансылык рынокту түптөө концепциясынын долбооруна, Кредиттик таржымалга кирген маалымат менен алмашуу жөнүндө келишим долбооруна тиешелүү иштер улантылган.

ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын Валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин күн тартибине ылайык, ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин макулдашылган валюта саясаты жөнүндө келишимдин долбоорун иштеп чыгуу иши улантылган.

ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин финансы чөйрөсүндөгү мыйзамдарын шайкеш келтирүү жөнүндө макулдашууга кол коюлган, анда мүчө мамлекеттердин финансы рыногу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды шайкеш келтирүү багыттары жана тартиби аныкталган (банк секторунда, камсыздандыруу секторунда, баалуу кагаздар рыногунда кызматтарды сунуштоо секторунда). Киберкоопсуздук чөйрөсүндө кызматташуу жагында Улуттук банк менен Россия Федерациясынын Борбордук банкы ортосунда компьютердик программаларга чабуул коюуга каршы чара көрүү маселеси жагында өз ара иш алып баруу жөнүндө макулдашуу иштелип чыгып, кол коюлган. Бул макулдашуунун максатынан болуп, компьютердик программаларга чабуул коюуну алдын алууга жана аныктоого, аларга жол бербөө үчүн шарттарды түзүүгө, ошондой эле маалымат коопсуздугу деңгээлин жогорулатууга багытталган иш-аракеттер боюнча өз ара иш алып барууну уюштуруу саналат.

Отчеттук жылы борбордук банктар ортосунда интеграциялык кызматташууну өнүктүрүү жагында иш алып барган Евразия борбордук (улуттук) банктар кеңеши (Кеңеш) өз ишин уланткан. Электрондук акчаны пайдалануу менен чек ара аркылуу өтүүчү операцияларды, маанилүү төлөм системаларынын операторлорунун ишин, форекс-компаниялардын ишин жөнгө салуу, Кеңештин катышуучулары-мамлекеттик борбордук (улуттук) банктарда ислам каржылоо принциптери боюнча иш алып барган банктардын жана банк эмес мекемелердин ишин өнүктүрүү маселелери талкууланган. Мындан тышкары, Кеңеште иш алып барган координациялык/ консультациялык кеңештердин, атап айтканда, Борбордук (улуттук) банктардын персоналын кесиптик жактан окутуу маселелери боюнча координациялык кеңештин; Акча белгилерин чыгаруу, нумизматикалык рынокту өнүктүрүү, жасалма акча жасоо менен күрөшүү маселелери боюнча координациялык кеңештин; Борбордук (улуттук) банктардын аудитордук иши боюнча консультативдик кеңештин; Финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жана финансылык жеткиликтүүлүк боюнча борбордук (улуттук) банктардын консультативдик кеңешинин иши улантылган.

*Эки тараптуу кызматташуу*

2018-жыл ичинде Улуттук банк, Иран Ислам Республикасынын, Кытай Эл Республикасынын, Сауд Арабия Королдугунун, Казакстан Республикасынын, Польша Республикасынын, Швейцария Конфедерациясынын борбордук (улуттук) банктары менен өз ара иш алып баруунун алкагында, эки тараптуу өкмөттөр аралык комиссиянын ишине жигердүү катышкан.

*Техникалык кызматташуу*

Улуттук банк тажрыйба алмашуунун, квалификацияны жогорулатуу программаларынын жана техникалык жардамдын алкагында Швейцария Улуттук банкы, Польша Улуттук банкы, Түркия Борбордук банкы, Дойче БундесБанк, Бириккен Вена институту (JVI), Германия эл аралык кызматташуу коому (GIZ), Германия эл аралык кызматташуу боюнча сактык кассалар фонду жана эл аралык финансылык институттар менен тыгыз кызматташтыкта иш алып барган.

Улуттук банктын коммерциялык банктарда тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жүзөгө ашыруу боюнча ишинин алкагында ЭВФ,

экономикалык маселелер боюнча Швейцария мамлекеттик катчылыгы (SECO) жана Дүйнөлүк банк тарабынан тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлгө өтүү жагында техникалык колдоо көрсөтүлгөн. Дүйнөлүк банк Улуттук банкка улуттук төлөм системасын өнүктүрүү маселелери жагында техникалык көмөк көрсөткөн. ЭВФ акча-кредит саясатын өркүндөтүү маселелери боюнча техникалык жардам көрсөтүү ишин уланткан.

2018-жылы Швейцария улуттук банкынын, Өзбекстан Республикасынын Борбордук банкынын, ошондой эле Кытай Эл банкынын өкүлдөрү банк ишине тиешелүү ар кандай маселелер боюнча тажрыйба алмашуу максатында келип кетишкен. Иш сапардын жыйынтыгы боюнча тараптар борбордук (улуттук) банктар ортосунда өз ара кызматташтыкты чыңдоо жана андан ары өнүктүрүү тууралуу макулдашышты.

## 5.2. Коомчулук менен иш алып баруу жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу

Улуттук банк 2018-жылы коомчулукка ачык-айкындуулук, транспаренттүүлүк жана жеткиликтүүлүк принциптерине негизделген Коммуникациялык саясатка ылайык маалымдоо ишин уланткан. Улуттук банктын бардык иш багыттары боюнча көрүлүп жаткан чаралары жөнүндө маалымат расмий басылмаларды чыгаруу, жетекчиликтин катышуусунда пресс-конференцияларды жана брифингдерди уюштуруу, Улуттук банктын расмий интернет-сайтында маалыматты жайгаштыруу, жалпыга маалымдоо каражаттарында тиешелүү билдирүүлөрдү жарыялоо, маалымдоо-түшүндүрмө берүү багытында телекөрсөтүүлөр жана радиоберүүлөр аркылуу берилип турган.

*Жалпыга маалымдоо каражатары менен кызматташуу*

Отчеттук жылы Улуттук банк тарабынан, анын ичинде журналисттердин талаптарына ылайык, республикалык сыяктуу эле, эл аралык жалпыга маалымдоо каражаттарында болжолу менен 180ге жакын материал жарыялоо демилгеленген жана даярдалган. Улуттук банктын өкүлдөрүнүн катышуусунда басма сөз жана электрондук жалпыга маалымдоо каражаттары, радиостанциялар жана телеканалдар үчүн 160тан ашуун ачык маалымат берүүлөр уюштурулган, жалпыга маалымдоо каражаттарынан келип түшкөн 150гө жакын кат жүзүндөгү жана оозеки түрүндөгү кайрылуулар иштелип чыккан.

Улуттук банк тарабынан жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү үчүн атайын маалымат билим берүү чаралары уюштурулган. Мындан тышкары, Улуттук банктын жетекчилиги Улуттук банктын эсептик чени, акча-кредит саясаты, коллекциялык монеталары, ошондой эле калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатууга тиешелүү мамлекеттик программалар боюнча 10 пресс-конференцияга катышкан. Жолугушууларда банк чөйрөсүндө, микрофинансы секторунда орун алган жагдай, валюта рыногунда жана төлөм системасында түптөлгөн тенденциялар боюнча түшүндүрмөлөр берилген.

*Улуттук банктын медиалык продукциясы*

2018-жылы жеке медиалык продукцияны чыгаруу иши улантылган. Алсак, Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын телеканалында “Капитал” телепрограммасында 80 рубрика, “Финсабат” телепрограммасынын 10 чыгарылышы, “Улуттук банк түшүндүрөт” программасынын 6 чыгарылышы эфирге чыккан. Мындан тышкары, жаңылык блогунун ар бир чыгарылышында күн сайын валюта курстары жөнүндө инфографика жана алтындан жасалган өлчөнгөн куймалардын баасы жөнүндө маалымат берилип турган. Ошондой эле, “Биринчи радиодон” “Улуттук банк билдирет” радиопрограммасынын 100 берүүсү жана “Марал” радиосунда “Эколикбез” радиопрограммасынын 24 берүүсү эфирге чыккан.

Билим берүү багытында чыгарылган материалдар Улуттук банктын коомдо аткарган ролуна жана функцияларына арналган, ошондой эле банк мыйзамдары,

финансы, валюта рыноктору, төлөм системалары, баалуу кагаздар рыногу жана башка актуалдуу темалар боюнча маалымат берилген.

*Региондордо коомчулукка маалымат берүү иши*

Региондордо коомчулукту маалымдоо Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү аркылуу жүргүзүлгөн. Региондордун жалпыга маалымдоо каражаттарында 1 100 маалыматтык жана аналитикалык материалдар жарыяланган.

Улуттук банктын адистери 2018-жыл ичинде Ош, Талас, Каракол, Нарын шаарларында “Улуттук банктын ролу жана функциялары” темасында окутуу семинарларын өткөрүп, ага аймактардан экономика жана финансы чөйрөсүндө адистешкен 40 журналист катышкан.

Кыргыз Республикасынын Президенти 2018-жылды Региондорду өнүктүрүү жылы катары жарыялагандыктан, Баткен, Жалал-Абад жана Ош областтарынын финансылык институттары жана бизнес-коомчулугу ортосунда натыйжалуу диалогду түптөө максатында, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн колдоосу астында Ош шаарында “Финансылык кызматтардан пайдалануу” темасында регионалдык форум өткөргөн. Форумга Улуттук банктын жетекчилиги, Баткен, Жалал-Абад жана Ош областтарынын мамлекеттик бийлик органдарынын башчылары жана өкүлдөрү, “Кыргызстан банктарынын союзу” юридикалык жактар бирикмесинин, коммерциялык банктардын, Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун, “Гарантиялык фонд” ААКтын, “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААКтын, “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАКтын, Депозиттерди коргоо боюнча агенттиктин жана жергиликтүү бизнес-коомчулуктардын өкүлдөрү катышкан.

Ош шаарында Улуттук банк “Кыргызстан банктарынын союзу” менен биргеликте кезектеги банктык тегерек стол маегин өткөргөн, анда банк сектору, калктын банк кызматтарынан пайдалануусун камсыз кылуу жагында актуалдуу темалар талкууланып, жаңы банктык технологияларды колдонууга киргизүү зарылчылыгына, төлөм системаларын өнүктүрүүгө, финансылык сабаттуулукту жогорулатууга, ошондой эле өлкөнүн аймактарын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулган.

*Улуттук валютага 25 жыл*

Улуттук банктын маалымат берүү ишинде маанилүү орунду улуттук валюта – кыргыз сомунун 25 жылдыгы темасы ээлеген. 2018-жыл ичинде кыргыз сомунун 25 жылдыгына арналган ар кандай иш-чаралар өткөрүлгөн.

2018-жылдын май айында Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн өкүлдөрүнүн, кыргыз сомун колдонууга киргизүү боюнча комиссия мүчөлөрүнүн, Швейцария, Россия, Казакстан, Өзбекстан, Грузия, Армения жана башка өлкөлөрдүн борбордук банктарынын башчыларынын жана өкүлдөрүнүн, Эл аралык валюта фондусунун башкаруучу-директорунун орун басарынын, башка эл аралык уюмдардын, өнөктөштөрдүн, академиялык коомчулуктун жана финансы-кредит уюмдарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда эл аралык конференция өткөрүлүп, анда улуттук валютаны жаратуу жана түптөө тарыхы, технологиялык инновациялар шарттарында финансы секторун өнүктүрүүнүн келечеги жана акча-кредит саясатын өнүктүрүү маселелери талкууланган.

Мындан тышкары, улуттук валюта темасына жүгүртүүгө чыгарылган “Кыргыз Республикасынын улуттук валютасына 25 жыл” аталышында почта маркасы, ошондой эле Бишкек шаарынын Ала-Тоо аянтында уюштурулган фото көргөзмөсү, республикабыздын жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн лекциялар жана башка иш-чаралар арналган.

**5.2.1-сүрөт.**
“Кыргыз Республикасынын Улуттук валютасына 25 жыл” почта маркасы”




*Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу*

Бардык иш-чаралар жалпыга маалымдоо каражаттарында жана журналисттер арасында Улуттук банк жарыялаган республикалык сынактын алкагында чагылдырылып турган. Сынакка Бишкек шаарынын жана региондордун теле жана радио журналисттеринен, электрондук жана басма сөз каражаттардын авторлорунан 40тан ашуун эмгектер сунушталган. Мындан тышкары, балдар жана жаштар арасында “Кыргыз сомуна 25 жыл” темасындагы видеороликтер жана сүрөттөр боюнча чыгармачылык сынагы өткөрүлүп, жеңүүчүлөр эстелик белектери менен сыйланган.

Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу маселеси Улуттук банктын иш багыттарынын ичинен артыкчылык берилген маселе бойдон калууда. Кыргыз Республикасынын калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча 2016-2020-жылдарга каралган программанын (мындан ары – Программа) алкагында Улуттук банк 2018-жыл ичинде бир катар иш-чараларды жүзөгө ашырган.

Улуттук банк Германия эл аралык кызматташуу боюнча сактык кассалар фонду менен биргеликте, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин колдоосу астында жүзөгө ашырган долбоордун алкагында Каракол шаарында “Адам жана коом”, “Экономикага киришүү”, “Математика” сабактары боюнча 50 мугалимге финансылык сабаттуулуктун негиздери боюнча тренингдер, ошондой эле Бишкек, Ош шаарларынын жана Ош областынын жалпы билим берүү мекемелеринен 170 мугалим үчүн кошумча тренингдер өткөрүлгөн.

2018-окуу жылынан тартып тажрыйба катары тандалып алынган Бишкек шаарындагы эки мектепте жаңы стандарттагы предметтин негизинде 7-11-класстардын окуучулары үчүн финансылык сабаттуулук боюнча сабактар өткөрүлө баштаган.

2018-жылдын жаз мезгилинде жыл сайын өтүүчү Дүйнөлүк акча жумалыгы (Global Money Week) өткөрүлүп, анын алкагында Улуттук банк министрликтер жана ведомстволор, эл аралык жана коомдук уюмдар, өлкөнүн билим берүү мекемелери менен биргеликте, 500дөн ашуу иш-чара уюштурган, анын ичинде лекциялар, интерактивдүү оюндар, коммерциялык банктарга экскурсиялар, сынактар уюштурулган, мындай иш-чарага 31 миңден ашуун чоңдор жана өспүрүм балдар катышкан.

Октябрь айынын акырында Дүйнөлүк каражат топтоо күнүнө арналган 100гө жакын иш-чара өткөрүлгөн. Чоңдор жана өспүрүм балдар коммерциялык

банктардын кеңселерине барып, тематикалык лекцияларга, Бишкек шаарынын ири соода борборлорунун биринде уюштурулган интерактивдүү оюндарга, финансылык жармаңкеге жана башка иш-чараларга катышкан.

Отчеттук жылы Улуттук банк мектепке чейинки балдар жана башталгыч класстагы окуучулар үчүн үй-бүлө бюджети темасына арналган “Акча алиппеси” колдонмосунун бешинчи сериясын жарыкка чыгарган. Бардыгы болуп, Улуттук банк тарабынан 110 миң нускада колдонмонун бардык бөлүктөрү чыгарылып, алар аймактарды кошо алганда, республиканын бардык жалпы билим берүү мектептерине таркатылган.

2018-жылы Улуттук банктын жетекчилиги астында Германия эл аралык кызматташуу коомунун (GIZ) жана Эл аралык эмгек уюмунун Эл аралык тренинг-борборунун колдоосу менен жергиликтүү эксперттер тобу Координациялык кеңеш[1] тарабынан бекитилген Финансылык сабаттуулук боюнча базалык компетенция стандарттарына негизделген финансылык сабаттуулук боюнча бирдейлештирилген окуу курсу иштелип чыккан. Окуу программасын апробациялоо боюнча семинарлар Бишкек шаарында жана Ысык-Көл областынын Ак-Суу районунда өткөрүлүп, ага шаардын жана аймактын тургундары, айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөр жана муниципалдык кызматчылар катышкан.

Программаны жүзөгө ашыруунун алкагында 2018-жылы Ош областынын Ноокат, Өзгөн жана Кара-Кулжа райондорунун 17 айыл өкмөтүнүн адистери окутуудан өткөн.

*Коомдук кабылдаманын иши*

Улуттук банктын компетенциясына кирген бардык маселелер коомдук кабылдамага жарандардан келип түшкөн кат жүзүндөгү кайрылуулар жана өтүнүч каттар боюнча консультация берүү иши улантылган. Отчеттук жылда Улуттук банктын дарегине 1 121 кат жүзүндө кайрылуу катталып, анын ичинен 317 кат областтык башкармалыктарга жана Баткен областындагы өкүлчүлүккө келип түшкөн. Кат жүзүндө кайрылуулардын көпчүлүгү чет өлкө валюталарынын сомго карата эсептик курсу, республиканын банк жана банк эмес уюмдарынын иши жөнүндө жана башка маалыматтарды алууга арналган.

Мындан тышкары, отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктын ишине тиешелүү ар кандай маселелер боюнча 4 000ден ашуун оозеки кайрылуулар катталган.

Жыл ичинде Улуттук банктын жетекчилиги тарабынан Кыргыз Республикасынын “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” мыйзамына ылайык 94 жаран жеке кабыл алынган. Финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укугу маселелери боюнча кайрылган 394 жаран кабыл алынган.

*Расмий интернет-сайт*

Улуттук банктын www.nbkr.kg расмий интернет-сайты бардык пайдалануучуларга ыкчам пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу менен коомго маалымат берүүнүн маанилүү инструменти бойдон калууда. Улуттук банктын ишинде ачык-айкындуулукту жогорулатуу жана ачык маалымат берүүнү камсыз кылуу максатында, жыл ичинде расмий интернет-сайтты жакшыртуу иши улантылган, анын бардык бөлүктөрүндө актуалдуу маалыматтын ыкчам жайгаштырылышын камсыз кылуу процесси улантылган.

Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуунун алкагында өткөрүлгөн мамлекеттик органдардын программалары менен иш-чаралары жөнүндө маалымат Улуттук банктын www.finsabat.kg интернет-сайтында жайгаштырылып турган.

*Нумизматикалык музей*

Улуттук банктын нумизматикалык музейиндеги экспозицияда акчаны жүгүртүүнүн өнүгүшүнүн тарыхын көрүүгө мүмкүнчүлүк берген материалдар сунушталган, 2018-жыл ичинде мектеп окуучулары жана студенттер, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн өкүлдөрү, мамлекеттик органдардын жана

[1] Кыргыз Республикасынын калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча 2016-2020-жылдарга каралган программаны ишке ашыруу боюнча Координациялык кеңеш Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин 2017-жылдын 27-январындагы №60 буйругу менен түзүлгөн.

жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү үчүн экскурсиялар уюштурулган. Экскурсиянын жүрүшүндө аларга ар кайсы мезгилде чыгарылган жана улуттук валютанын өнүгүү жана түптөлүү баскычтарын чагылдырган банкноттордун жана монеталардын эскиздери жана үлгүлөрү, Кыргызстандын аймагында мурунку мезгилден тартып азыркы учурга чейин табылган акча белгилери, ар кандай технологияларды колдонуу менен алтындан, күмүштөн жана жез-никелден жасалган, кайталангыс дизайндагы эстелик монеталардын коллекциялары, алтындан жасалган өлчөнгөн куймалар, ошондой эле Улуттук банк тарабынан чыгарылган башка нумизматикалык продукция менен таанышуу мүмкүнчүлүгү берилген.

# 6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

## 6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү

Улуттук банк 2018-жыл ичинде Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардын ишине тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жүргүзүүгө өткөндүгүнө, төлөм системасында жаңы санарип жана финансы технологияларынын өнүгүшүнө байланыштуу, ошондой эле финансы-кредит жана төлөм уюмдарында киберкылмыштарга каршы натыйжалуу аракеттерди камсыз кылуу максатында, Улуттук банктын уюштуруу түзүмүнө төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилген:

төмөнкүлөр кайра өзгөртүлүп түзүлгөн:

– Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы Банктарды көзөмөлдөө методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгына кайра өзгөртүп түзүү жана Лицензиялоо бөлүмүнүн курамындагы Банк эмес финансы-кредит уюмдарын лицензиялоо тобун, Көзөмөл методологиясы бөлүмүнүн курамынан Финансылык продукттар методологиясы тобун жоюу жана анын базасында Жаңы финансылык продукттарды иштеп чыгуу тобун түзүү аркылуу;
– Төлөм системалары башкармалыгы, бул башкармалыктын курамында Санарип жана финансы технологиялары боюнча бөлүмдү, Төлөм системасынын операторлору жана төлөм уюмдары бөлүмүнүн курамында Төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө тобун түзүү аркылуу;
– Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгы, бул башкармалыктын курамында Банк жана төлөм системаларынын маалымат коопсуздугу методологиясы тобун түзүү аркылуу;

Төмөнкүлөр жаңыдан түзүлгөн:

– Тышкы көзөмөл башкармалыгын жоюу аркылуу 1-Банктык көзөмөл башкармалыгы;
– Инспектрлөө башкармалыгын жоюу аркылуу 2-Банктык көзөмөл башкармалыгы;
– Банк эмес финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө башкармалыгы;
– Системалуу тобокелдиктерге талдап-иликтөөлөр бөлүмү;
– Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо бөлүмү;
– СВИФТ сервис бюросу бөлүмү.

Отчеттук мезгилдин акырына карата Улуттук банктын уюштуруу түзүмүндө борбордук аппараттын 28 түзүмдүк бөлүмү, беш областтык башкармалыгы жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү камтылган.

### Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн негизги милдеттери

| | |
|---|---|
| ***Экономика башкармалыгы*** | акча-кредит саясаты боюнча сунуштарды иштеп чыгат; экономиканын монетардык, реалдуу, финансы, бюджет-салык секторлор чөйрөсүндө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзөт; макроэкономикалык модель түзүүнү жана болжолдоолорду жүзөгө ашырат; макроэкономика, акча-кредит саясаты, фискалдык саясат, алмашуу курсу, реалдуу сектор маселелери боюнча илимий-изилдөө иштерин жүргүзөт |

| | |
|---|---|
| ***Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы*** | акча-кредит саясатын ишке ашырат жана эл аралык камды тескөөгө алат; финансы рынокторунда операцияларды ишке ашырып, аларга баа берүүнү жана талдап-иликтөөнү жүргүзөт, ачык рынокто операцияларды натыйжалуу координациялоо максатында, финансы рынокторундагы тенденцияларды жана өзгөрүү себептерин аныктайт |
| ***Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгы*** | акча-кредит көрсөткүчтөрүнүн жана финансы рыногунун ишине тиешелүү көрсөткүчтөрдүн статистикасын, банк сектору жана банк эмес финансы-кредит уюмдары боюнча статистиканы жүргүзөт; төлөм теңдемин түзөт; тышкы карыз маселелери жагында эксперттик колдоо көрсөтөт; Кыргыз Республикасынын финансы системасынын туруктуулугун талдап-иликтейт жана баа берет; Улуттук банктын расмий басылмаларын чыгарат |
| ***1-Банктык көзөмөл башкармалыгы, 2-Банктык көзөмөл башкармалыгы*** | банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу, аманатчылардын жана башка кредиторлордун таламдарын коргоо, ошондой эле, коммерциялык банктар арасында ак ниеттүү атаандаштыкты Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында каралган талаптарга ылайык, алардын ишине тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жүргүзүү аркылуу камсыз кылуу боюнча Улуттук банктын милдеттерин ишке ашырат |
| ***Банктарды көзөмөлдөө методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы*** | банктарды көзөмөлдөө методологиясын жана банктардын ишин лицензиялоону камсыз кылуу аркылуу банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу боюнча Улуттук банктын милдеттерин ишке ашырат |
| ***Банк эмес финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө башкармалыгы*** | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банк эмес финансы-кредит уюмдарынын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча Улуттук банктын милдеттерин ишке ашырат, аманатчылардын жана башка кредиторлордун кызыкчылыктарын коргойт, банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын ишине тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жүргүзүү аркылуу ак ниеттүү атаандаштыкты камсыз кылат, банк эмес финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө методологиясын жана тиешелүү лицензиялык режимде иш алып барууларын камсыз кылат |
| ***Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы*** | Кыргыз Республикасынын экономикасынын банкнотторго жана монеталарга, аффинаждалган алтындан жана күмүштөн жасалган өлчөнгөн куймаларга, нумизматикалык баалуулуктарга муктаждыгын камсыз кылат; алардын оптималдуу запасын кармап турат; акча банкнотторун, монеталарды жана баалуулуктарды сактоону жана ташып жеткирүүнү жүзөгө ашырат; эскилиги жеткен банкнотторду жана кемчилдиги бар монеталарды жок кылуу боюнча комплекстүү чараларды жүргүзөт |

| | |
|---|---|
| ***Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы*** | эсептешүүлөрдүн банктар аралык системасынын ишинин уюштурулушун камсыз кылат; финансы рынокторундагы операциялар жана бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзөт |
| ***Банк ишин автоматташтыруу башкармалыгы*** | Улуттук банкты маалымат технологиялары боюнча учурдун талабына жооп берген жана сапаттуу кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылат, Улуттук банктын иш процесстеринде операциялык тобокелдиктерге баа берүү методикасын иштеп чыгат жана жайылтат, бизнес-процесстер тууралуу маалымат берет жана аларды талдап-иликтейт, аларды оптималдаштыруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат |
| ***Төлөм системалары башкармалыгы*** | төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук базаны иштеп чыгат, банктар аралык төлөмдөрдүн үзгүлтүксүз өткөрүлүшүн жөнгө салат, талдап-иликтөөлөрдү жүргүзөт, көзөмөл (оверсайт) жүргүзөт жана контролдойт, жаңы төлөм жана финансы технологияларын изилдейт жана жөнгө салат, республиканын төлөм системасынын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт, ошондой эле төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялайт, жөнгө салат жана көзөмөлдөйт |
| ***Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы*** | банктын финансылык абалы, мамлекеттик баалуу кагаздардын депозитардык эсепке алынышы чагылдырылган финансылык отчетту түзүү жана аны пайдалануучуларга сунуштоо максатында, эл аралык эсептик тажрыйбага ылайык банктын операцияларын туруктуу негизде эсепке алат, ошондой берилген кредиттер боюнча күрөөлүк камсыздоону тариздейт жана аларга мониторинг жүргүзөт |
| ***Юридика башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишин укуктук маселелер боюнча коштоп жүрүүнү, банк мыйзамдарын өнүктүрүү жана өркүндөтүү ишинин аткарылышын камсыз кылат |
| ***Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишинин коопсуздугун жана Кыргыз Республикасынын финансы-кредит жана төлөм уюмдарында, төлөм системаларынын операторлорунда киберкылмыштарга каршы натыйжалуу аракеттердин көрүлүшүн камсыз кылат |
| ***Административдик-чарбалык ишти камсыздоо башкармалыгы*** | банкты материалдык-техникалык жактан жабдуу, транспорт менен камсыз кылуу, имараттарда жана курулмаларда үзгүлтүксүз ишти жана аларды электр энергиясы менен камсыз кылуу маселелерин чечет |

| | |
|---|---|
| ***Системалуу тобокелдиктерге талдап-иликтөөлөр бөлүмү*** | банк жана банк эмес секторлорунда системалуу мааниге ээ тобокелдиктерди аныктайт, банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу чараларын көрүү боюнча сунуштарды даярдайт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзам талаптарынын сакталышы боюнча Улуттук банктан лицензия алышкан финансы-кредит уюмдарынын ишине системалуу көзөмөл жүргүзөт |
| ***Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо бөлүмү*** | банк жана микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөөчүлөрүнүн укугун коргоо боюнча иш жүргүзөт |
| ***СВИФТ сервис бюросу бөлүмү*** | СВИФТ тарабынан иштелип чыккан, кардарлардын коопсуздугун камсыз кылуу программасынын талаптарына ылайык, Улуттук банкты жана Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарын сапаттуу жана үзгүлтүксүз СВИФТ кызмат көрсөтүүлөрү менен камсыз кылат |
| ***Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмү*** | мамлекеттик тилде документ жүргүзүүнүн жайылтылышын жана өнүктүрүлүшүн, борборлоштурулган документ жүгүртүүнү жана Улуттук банктын документтеринин аткарылышын контролдоону, ошондой эле Улуттук банк Башкармасынын ишин камсыз кылат |
| ***Персонал менен иш алып баруу бөлүмү*** | Улуттук банктын функцияларын жана милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон эмгек ресурстары менен Улуттук банктын муктаждыгын камсыз кылат, ошондой эле банк кызматкерлерин окутуу процессин пландаштырат, уюштурат жана контролдойт |
| ***Финансы жана мониторинг жүргүзүү бөлүмү*** | Улуттук банктын өнүгүү стратегиясын финансы ресурстары менен камсыз кылууга багытталган жана негизги фондулардын, жүгүртүү каражаттарынын жана финансы ресурстарынын сакталышын жана натыйжалуу пайдаланылышын көздөгөн финансылык иш багытын уюштурат |
| ***Эл аралык кызматташуу бөлүмү*** | Улуттук банктын өнөктөш өлкөлөрдүн борбордук банктары, финансы жана интеграциялык институттары, ошондой эле башка тармактагы уюмдары менен эл аралык кызматташуусун түзүү, чыңдоо жана өнүктүрүү ишин жүргүзөт |
| ***Финансылык тобокелдиктерди контролдоо бөлүмү*** | Улуттук банктын операцияларын тышкы рыноктордо ишке ашыруу учурунда финансылык тобокелдиктерди тескейт |
| ***Коомчулук менен иш алып баруу бөлүмү*** | банктын коммуникациялык саясатына ылайык жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу Улуттук банктын иши жана саясаты тууралуу коомчулукка маалымат берет, Кыргыз Республикасында финансылык сабаттуулукту жогорулатууга көмөк көрсөтөт |

| | |
|---|---|
| ***Курулуш жана ремонт иштери бөлүмү*** | Улуттук банктын объектилеринде курулуш-монтаждоо, ремонт жана долбоорлоо-изилдөө иштерин аткарат |
| ***Ички аудит кызматы*** | Улуттук банктын ишин өркүндөтүүгө багытталган тобокелдиктерди тескөө, контролдоо жана корпоративдик башкаруу процесстеринин натыйжалуулугуна баа берүү жана аны жогорулатуу боюнча системага салынган жана ырааттуу ыкманы пайдалануу менен Улуттук банк Башкармасына көз карандысыз жана объективдүү гарантияларды жана консультацияларды берет |
| ***Сатып алууларды уюштуруу тобу*** | Улуттук банкта колдонуудагы ченемдикукуктук актыларга ылайык сатып алууларды уюштурат жана жүргүзөт, ошондой эле эл аралык финансы уюмдарынын жана донор-өлкөлөрдүн Улуттук банк тарабынан же анын түздөн-түз катышуусунда ишке ашырылуучу долбоорлорун коштоп жүрөт |
| ***Окуу-ден соолукту чыңдоо борбору (“Толкун” пансионаты)*** | Улуттук банктын кызматкерлеринин катышуусунда семинарлардын, тегерек стол маектеринин, башка окутуу жана социалдык-маданий иш-чараларынын өткөрүлүшүн камсыз кылат |
| ***Улуттук банктын облásттык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү*** | борбордук банктын финансы кызмат көрсөтүүлөрүнүн жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү, төлөм системасын өнүктүрүү жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча саясатынын региондордо ишке ашырылышын камсыз кылат. Мындан тышкары, коммерциялык банктардын филиалдарын нак акча менен камсыз кылат; банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөйт |

*Улуттук банктын кызматкерлеринин саны*

2018-жылдын акырына карата Улуттук банктын кызматкерлеринин саны (стажерлорду кошкондо) 701 адамды түзгөн, анын ичинде 623 адам – борбордук аппаратта жана 78 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө эмгектенишет. Алардын ичинен аялдардын саны борбордук аппаратта 312 адамды, областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө – 27 адамды түзгөн. Пайыздык катышта аялдардын саны 48,0 пайызды, эркектердин саны – 52,0 пайызды түзгөн.

Ал эми 2017-жылы Улуттук банктын кызматкерлеринин саны 664 адамды түзгөн, анын ичинде 581 адам – борбордук аппаратта жана 83 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө эмгектенген. Пайыздык катышта аялдардын саны 47,0 пайызды жана эркектердин саны – 53,0 пайызды түзгөн.

*Персоналды окутуу*

Улуттук банк кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу максатында, адистерин жыл сайын окутуудан өткөрүп турат. 2018-жылы адистерди окутуу Борбордук (улуттук) банктардын персоналын кесиптик окутуу программасынын, КМШ өлкөлөрүндө жана алыскы чет өлкөлөрдө, ошондой эле Кыргыз Республикасында, анын ичинде Улуттук банктын базасында уюштурулган окутуу иш-чараларынын алкагында өткөрүлгөн.

Улуттук банк менен Эл аралык кызматташуу боюнча сактык кассалары фондусунун (Германия) ортосунда түзүлгөн узак мөөнөттүү кызматташуу меморандумун жүзөгө ашыруунун алкагында, “Банк иши. Банк кызматкерлерин дуалдык кесиптик окутуу” долбоорун ишке ашыруу улантылган. Отчеттук жыл

ичинде окутуунун жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын жана коммерциялык банктардын кызматкерлеринин ичинен 96 жаш адис даярдалган.

2018-жылдын сентябрь айында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү жана жаш адистер үчүн өлкөнүн борбордук банкынын иш процессине катышуу аркылуу банктык кесиптин көндүмдөрүнө ээ болуу мүмкүнчүлүгүн түзүү максатында, “Жаш кесипкөйлөр” программасын кайрадан ишке киргизген.

Жаш адистерди сынак аркылуу тандоо үч баскычта өткөрүлгөн, анын жыйынтыгында 67 талапкердин ичинен 31 талапкер Улуттук банкта иш боюнча такшалуудан өтүүгө кабыл алынган. Иш үзгүлтүксүздүгүн жана ишти улантып кетүүнү камсыз кылуу максатында, Улуттук банк “Жаш кесипкөйлөр” программасын мындан ары да улантууну көздөйт.

*Сынак аркылуу тандоо*

Улуттук банкка кызматкерлерди ишке кабыл алууда ачык-айкын, бирдей жана адилеттүү мамилени ишке ашыруу үчүн сынак өткөрүү аркылуу тандоо системасы колдонулат, ал кесиптик даярдыгын эске алуу менен кыйла квалификациялуу адистердиишке тартууга жана Улуттук банк тарабынан ага жүктөлгөн функциялардын талаптагыдай деңгээлде жүзөгө ашырылышын камсыз кылууга шарт түзөт.

Бош турган кызмат орундарына сынак өткөрүлө тургандыгы жөнүндө кулактандыруулар Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат.

2018-жылы 40 сынак, анын ичинен 7 сынак – областтык башкармалыктарда өткөрүлгөн. Бардыгы болуп сынакка 268 адам катышкан. Сынактын жыйынтыгы боюнча Улуттук банкка 29 адам ишке кабыл алынган.

2018-жылы кадрлардын иштен бошонуп кетиши 10,0 пайызды түзгөн, ал эми 2017-жылы 13,0 пайыз чегинде катталган.

Персоналдын иш стажы жана жаш курагы боюнча түзүмү тиешелүүлүгүнө жараша 6.1.1 жана 6.1.2-графиктерде келтирилген.

***6.1.1-график.***

Адистердин Улуттук банктагы иш стажы боюнча курамы




МАЗМУНУ

***6.1.2-график.***

Адистердин жаш курагы боюнча курамы




Улуттук банктын негизги иш багыттары боюнча функцияларын жана милдеттерин натыйжалуу аткаруу максатында, комитеттер жана комиссиялар туруктуу негизде иштешет. 2018-жылдын акырына карата жети комитет, он комиссия, Улуттук банктын басылмаларынын алты редакциялык кеңеши жана илимий-эксперттик кеңеши иш алып барган, алардын иши тиешелүү жоболор менен жөнгө салынат.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын негизги комитеттеринин жана комиссияларынын максаттары жана милдеттери**

| | |
|---|---|
| ***Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети*** | ликвиддүүлүктү тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана аларды ыкчам кабыл алат. Күндөлүк абалга баа берүү, ачык жана валюта рынокторундагы операциялар боюнча чечимдерди иштеп чыгуу жана кабыл алуу, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык акча-кредит саясатынын инструменттерин колдонуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү карап чыгуу жана чечимдерди кабыл алуу, Улуттук банк Башкармасына, Улуттук банктын төрагасына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө акча-кредит саясатына тиешелүү маселелер боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат |

| | |
|---|---|
| ***Инвестициялык комитет*** | белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде эл аралык камдарды тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана кабыл алат. Инвестициялык саясаттын ишке ашырылышын карап чыгуу, жактыруу жана ага мониторинг жүргүзүү, финансы рыногундагы абалды эске алуу менен инвестициялык иштин натыйжалуулугуна баа берүү жана бекитилген саясаттын алкагында тактикалык чечимдерди жана Улуттук банк Башкармасы үчүн инвестициялык ишкердик маселелери боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү жана сунуштарды иштеп чыгуу комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат |
| ***Көзөмөл боюнча комитет*** | Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын ишин белгиленген компетенция чегинде жөнгө салуу жана көзөмөлдөө маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат |
| ***Аудит боюнча комитет*** | Улуттук банк Башкармасына Улуттук банкта ички контролдоо системасын талапка ылайык камсыздоого, бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүү жол-жоболоруна жана финансылык отчеттун даярдалышына контролду камсыз кылууга көмөк көрсөтөт |
| ***Төлөм системасы боюнча комитет*** | Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өнүктүрүү, жөнгө салуу жана көзөмөлдөө (оверсайт) чөйрөсүндөгү, ошондой эле төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялоо, жөнгө салуу жана пруденциалдык көзөмөлдөө маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат |
| ***Тобокелдиктер боюнча комитет*** | Улуттук банктын ишине мүнөздүү тобокелдиктерди идентификациялоо, аларга баа берүү жана чектөө жагында түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин координациялоо аркылуу Улуттук банктын ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди азайтуу жагында өз учурунда чараларды көрөт |
| ***Маалымат технологиялары боюнча координациялык комитет*** | маалымат технологияларын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт, Улуттук банкта маалымат технологияларын өнүктүрүү иш-чараларынын аткарылышын контролдойт жана маалымат технологиялары боюнча пландаштырылып жаткан долбоорлорду, аталган долбоорлорго же маалымат технологияларына тиешеси бар техникалык чечимдердин жана бизнес-процесстердин өзгөрүүсүн жана алардын жактырылышын координациялайт |
| ***Этиканы сактоо жана коррупцияга жол бербөө боюнча комиссия*** | Улуттук банктын ишин кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө мыйзамга ылайык, ошондой эле коррупцияга каршы багытталган иш-чараларды жүзөгө ашыруу жана мониторинг жүргүзүү аркылуу Улуттук банкта коррупцияны алдын алуу жана ага каршы аракеттенүү боюнча иш-чараларын камсыз кылат |

МАЗМУНУ

| | |
|---|---|
| ***Методологиялык комиссия*** | айрым ченемдик актылардын долбоорлорунун методологиялык жактан иштелип чыгышын карайт; Улуттук банктын ченемдик актыларында колдонулган терминдерди жана аларга карата түшүндүрмөлөрдү бекитет |
| ***Улуттук банктын ишин уюштурууну өркүндөтүү комиссиясы*** | Улуттук банктын ишин уюштуруу маселелерин карайт жана ал боюнча сунуштарды даярдайт. Улуттук банктын бизнес-процесстерин оптималдаштыруу жана уюштуруу түзүмүн өзгөртүү боюнча сунуштарды кароо жана сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу; Улуттук банктын бизнес-процесстерин оптималдаштырууга байланыштуу ишин координациялоо жана контролдоо комиссиянын негизги милдеттеринен болуп саналат |
| ***Эмгек маселелери боюнча талаш-тартыштарды жөнгө салуу комиссиясы*** | Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык Улуттук банкта жеке эмгек маселелери боюнча талаш-тартыштарды карайт |

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча уюштуруу түзүмү




МАЗМУНУ

## 6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдагы иши

*Жалпы маалымат*

Улуттук банк Башкармасы жогорку башкаруу органы болуп саналат жана ал Улуттук банктын негизги иш багыттарын бекитет. Улуттук банк Башкармасынын ыйгарым укуктары “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамында белгиленген.

Банк Башкармасы акча-кредит саясатын, банктардын, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишине көзөмөл жүргүзүү жана төлөм системасын өнүктүрүү саясатын аныктайт; жаңы үлгүдөгү жана номиналдагы акча белгилерин чыгаруу, банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн алуу тартибин белгилейт; ченемдик актыларды, жылдык отчетту бекитет, ошондой эле банк жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын секторунун, төлөм системасынын негизги өнүгүү багыттарын аныктайт.

Улуттук банк Башкармасынын иши бекитилген жылдык жана чейректик пландардын негизинде жүзөгө ашырылат. 2018-жылы 76 отурум (анын ичинде 17 маалыматтык отурум) өткөрүлгөн, анда 372 маселе каралып, 210 токтом кабыл алынган.

*Акча-кредит саясаты боюнча маселелерди кароо*

2018-жыл ичинде Улуттук банк Башкармасы акча-кредит саясатынын негизги инструменти болуп саналган Улуттук банктын эсептик чен өлчөмү жөнүндө маселени сегиз жолу карап чыккан. Эсептик чен боюнча чечимдер инфляциянын негизги факторлорун, тышкы чөйрөдө жана Кыргыз Республикасында түптөлгөн кырдаалды иликтөөнүн жана болжолдоонун негизинде кабыл алынган.

Акча-кредит саясатынын чаралары жана натыйжалары, өлкөдөгү жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү макроэкономикалык кырдаал тууралуу маалыматты, инфляциянын орто мөөнөткө каралган болжолдоолорун жана негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү камтыган акча-кредит саясаты тууралуу отчеттор чейректик негизде каралган жана бекитилген.

Улуттук банк Башкармасы 2018-жылдын декабрь айында Улуттук банктын 2019-жылга карата акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүн, расмий интернет-сайтта жарыяланган Улуттук банктын эсептик ченинин өлчөмү жөнүндө маселелер боюнча Улуттук банк Башкармасынын отурумдарынын 2019-жылга карата графигин жактырган.

Улуттук банк Башкармасы жыл сайын эл аралык камдарды тескөө жана камдык активдердин коопсуздугун камсыз кылуу жагында инвестициялык саясатты, ошондой эле эл аралык камдарды тескөө боюнча отчетту кароого алып бекитет.

Финансы системасында орун алган тобокелдиктерди жана алардын бүтүндөй финансы секторунун туруктуулугуна тийгизген таасирине талдап-иликтөөнүн натыйжалары камтылган Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет туруктуу негизде кароого алынып турган. Мониторингдин жана талдап-иликтөөнүн натыйжалары акча-кредит жана макропруденциалдык саясат маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууда эске алынган.

Бардыгы болуп акча-кредит саясаты жана эл аралык камдарды тескөө маселелери боюнча 2018-жылы 21 маселе каралып, 20 токтом кабыл алынган.

*Банк жана банк эмес уюмдардын ишин көзөмөлдөө боюнча маселелерди кароо*

Улуттук банк Башкармасы тарабынан банктардын жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын, анын ичинде операцияларды ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүргүзгөн банктардын жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо, көзөмөлдөө жана жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук базаны өркүндөтүүгө багытталган бир катар токтомдор кабыл алынган.

Кабыл алынган токтомдор банктардын ишин лицензиялоо, экономикалык ченемдер, банктардын ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди

төмөндөтүү, тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жайылтуу, ошондой эле банктарга жана банк эмес финансы-кредит уюмдарына карата таасир этүү чараларын колдонуу маселелерине тийиштүү болгон. Мындан тышкары, Базель III эл аралык стандарттарынын айрым элементтерин жайылтуунун алкагында банктардын капиталынын шайкештигинин стандарттарына тиешелүү токтомдор кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келтирүү максатында, кредиттөө жана күрөөнү өндүрүү маселелери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын бузууга жол берүүлөр жөнүндө иштердин Улуттук банк тарабынан кароого алынышы боюнча токтомдор бекитилген.

Ислам каржылоо принциптерин андан ары өнүктүрүү үчүн Улуттук банк Башкармасы тарабынан операцияларды ислам каржылоо принциптерине ылайык ишке ашырган финансы-кредит уюмдарынын операцияларынын тизмесин кеңейтүүгө, ошондой эле операцияларды ислам принциптерине ылайык ишке ашырган банктарда орун алган тобокелдиктерди тескөө системасын өркүндөтүүгө багытталган токтомдор кабыл алынган.

Мындан тышкары, операцияларды ислам каржылоо принциптерине ылайык ишке ашырган банк эмес финансы-кредит уюмдарын өнүктүрүү максатында, каржылоонун максималдуу чогуу алгандагы өлчөмүн көбөйтүүгө жана микрофинансылык уюмдардын уюштуруучуларынан (акционерлеринен) жана башка юридикалык жактарынан акча каражаттарын тартуу боюнча чектөөлөрдү алып салууга тиешелүү Башкарманын токтомдору бекитилген. Айрым токтомдор микрофинансылык компанияларда жана кредиттик союздарда активдерди классификациялоо системасын өркүндөтүүгө багытталган.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын финансы секторунда орун алган кризис жагдайларын алдын алууга жана аларга туруштук берүүгө багытталган кризиске каршы программасы бекитилген.

2018-жыл ичинде Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын банк секторун 2018-2021-жылдар аралыгында өнүктүрүүнүн негизги багыттары боюнча иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө отчеттор каралган, анда орто мөөнөттүк мезгилге карата банктык финансы-кредит секторунун алдында турган максаттар жана милдеттер чагылдырылган. 2018-жылга каралган бул программадагы иш-чараларды жүзөгө ашыруу колдонууга ыңгайлуу, туруктуу жана социалдык жактан жоопкерчиликтүү кредиттөөнү институционалдык өнүктүрүү үчүн экономикалык, мыйзам чыгаруу жана жөнгө салуу боюнча алгылыктуу чөйрө түзүүгө багытталган белгиленген көрсөткүчтөргө жетишүүгө өбөлгө түзгөн.

Улуттук банк тарабынан лицензияланган айрым коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын ишине тиешелүү бардыгы болуп 90 маселе каралып, 64 токтом кабыл алынган, алардын ичинен 28 токтом – алардын ишин жөнгө салган ченемдик базага тиешелүү болгон.

Отчеттук жылы Улуттук банк Башкармасы тарабынан төлөм системасын өнүктүрүү, төлөм системаларынын операторлорунун, төлөм уюмдарынын жана эл аралык төлөм системаларынын ишин лицензиялоо жана жөнгө салуу маселелери боюнча бир катар ченемдик укуктук актылар бекитилген.

*Төлөм системасы боюнча маселелерди кароо*

Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны андан ары жүзөгө ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын “Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны (үчүнчү баскыч) бекитүү жөнүндө” биргелешкен токтомуна кол коюлган.

Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары алдында акчалай милдеттенмелердин кепилдигин камсыз кылуу максатында, эл аралык акча которуу системаларынын операторлоруна карата талаптар кайра каралган.

Эл аралык төлөм системаларынын карттары боюнча акыркы эсептешүүнү улуттук валютада жүргүзүүдө коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин өз учурунда аткарылышын камсыз кылуу үчүн Улуттук банк Башкармасы тарабынан камсыздандыруу (камдык) фондун түзүү тартибин жөнгө салуучу Жобо каралып бекитилген.

2018-жыл ичинде Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өнүктүрүүнүн 2018-2022-жылдарга негизги багыттары боюнча иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө отчеттор каралып, анда төлөм системасын орто мөөнөттүк мезгилде өнүктүрүүнүн максаттары, милдеттери жана багыты чагылдырылган. 2018-жылга карата планда каралган иш-чаралардын ишке ашырылышы нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүүгө жана төлөм системасынын коопсуздугун камсыз кылууга багытталган, белгиленген көрсөткүчтөргө жетүүгө өбөлгө түзгөн.

Төлөм системасынын иштеши жана аны жөнгө салуу маселелери боюнча бардыгы болуп, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 33 маселе каралып, алар боюнча 16 токтом кабыл алынган.

*Башка маселелер*

2018-жылдын 1-январынан тартып Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын (ФОЭС) "Финансылык инструменттер" деп аталган 9-стандарты колдонула баштагандыгына байланыштуу, Улуттук банк Башкармасы тарабынан "Финансылык активдерди жана милдеттенмелерди классификациялоо жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын финансылык активдери боюнча күтүлүп жаткан кредиттик чыгымдарга камдарды эсептөө жөнүндө" жобо бекитилген, ошондой эле Улуттук банктын эсептик саясатына жана аталган жобого карата ФОЭС 9-стандартынын талаптарына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Улуттук банктын ички ченемдик документтерине ылайык иштелип чыккан өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Ушуну менен эл аралык тажрыйбага ылайык ФОЭС 9-стандартынын талаптары жайылтылган финансылык активдерди жана милдеттенмелерди классификациялоо тартиби, бизнес-моделдер, Улуттук банктын финансылык активдери боюнча күтүлүп жаткан кредиттик чыгымдарга камдарды эсептөө методологиясы аныкталган.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан отчеттук жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ишин уюштуруу маселелери жана башка маселелер каралып, алар боюнча 110 токтом кабыл алынган.

## 6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү

*Күчүнө кирген мыйзамдар*

Отчеттук жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасында банк жана банктык эмес иши жөнгө салган мыйзамдар базасын өркүндөтүү жана өнүктүрүү боюнча иштерди жүргүзгөн.

Алсак, 2018-жылы "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамын колдонууга киргизүү жөнүндө" мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынган. Бул мыйзамда банктарга Убактылуу администрация режимин киргизүү жана аларды жоюу жол-жобосун жүргүзүүнү оптималдаштыруу каралган, ошондой эле жоюучуга жана убактылуу администраторго сый акыны аныктоо тартибин белгилейт. Бул мыйзам Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын

Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамын колдонууга киргизүү жөнүндө” мыйзамдары күчүнө кирген күндөн, б.а. 2017-жылдын 22-июнунан тартып күчүнө кирген.

Отчеттук жылы төлөм инфраструктурасын кеңейтүү максатында, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзамы кабыл алынган. Аталган мыйзамда коммерциялык банктарды банктык жабдууларды (банкоматтарды, POS-терминалдарды, төлөм терминалдарын жана банк киоскаларын) алып келүүдө 2022-жылдын аягына чейин КНСти төлөөдөн бошотуу каралган. Бул банк секторуна региондордо нак эмес төлөмдөрдү өткөрүү үчүн инфраструктураны кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

*Мыйзам долбоорлору*

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасында кепилдик фонддор жөнүндө” мыйзам долбоору жаңы редакцияда иштелип чыккан, анда бизнести өнүктүрүүгө, өндүрүштү кеңейтүүгө, негизги каражаттарды сатып алууга жана модернизациялоого, жаңы технологияларды, инновациялык иштерди ишке киргизүүгө жана гарантияларды (кепилдиктерди) берүү жолу менен жаңы ишканаларды ачууга багытталган банк кредиттерине чакан жана орто ишкердик субъектилеринин жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында, республиканын финансы-кредит системасын андан ары өркүндөтүү каралган, бул Кыргыз Республикасынын экономикасын андан ары өнүктүрүүгө кошумча өбөлгө түзөт. Мыйзам долбоорунда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкын кепилдик фонддордун ишин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу орган катары аныктоо каралган.

Мындан тышкары, Улуттук банк тарабынан “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын “Күрөө жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасында лицензиялык-уруксат берүү системасы жөнүндө” мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоору иштелип чыккан. Бул мыйзам долбоору турак жай-сактык кредит компанияларын түзүүгө жана ишин жүргүзүүгө, ошондой эле, Улуттук банкка турак жай-сактык кредит компанияларын лицензиялоо боюнча ыйгарым укуктарды берүү үчүн ченемдик укуктук базаны түзүүгө багытталган. Турак жай-сактык кредит компанияларын түзүү Кыргыз Республикасынын жарандарынын акча каражаттарын турак жай-сактык аманаттарына тартууга жана аларга кредиттик келишимдин шарттарына ылайык, узак мөөнөткө максаттуу кредиттерди берүүгө негизделген турак жайды орто мөөнөткө каржылоо системасын түзүүнү болжолдойт.

## 6.4. Финансылык консультанттын милдетин аткаруу

Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин жана Өкмөтүнүн финансылык маселелер боюнча консультант милдетин аткаруунун чегинде Улуттук банк 2018-жыл ичинде төмөнкү иш-чараларды жүзөгө ашырган:

– туруктуу негизде акча-кредит саясатына, банк жана төлөм системаларынын абалына тиешелүү маселелер боюнча маалыматтарды жана аналитикалык материалдарды Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешине жана Өкмөтүнө сунуштап турган;
– мыйзам долбоорлоруна жана башка ченемдик укуктук актыларга, финансы жана банк маселелери же Улуттук банктын ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнө тиешелүү маселелерди козгогон чечимдерге экспертиза жүргүзгөн;
– республикалык бюджеттин долбоорун карао учурунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө консультацияларды берип турган;
– финансы жана банк системасы маселелери боюнча консультацияларды жана сунуш-көрсөтмөлөрдү Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешине жана Өкмөтүнө (министрликтерди жана ведомстволорду кошо алганда) сунуштап турган.

Туруктуу негизде Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешине жана Өкмөтүнө сунушталуучу аналитикалык маалыматтарда Улуттук банктын акча-кредит саясатынын негизги багыттары, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү болжолдоолор, экономиканын тышкы секторунда орун алган жагдай, банк жана төлөм системасынын, банк эмес финансы-кредит уюмдары системасынын абалы, республиканын валюта рыногундагы жагдай жөнүндө маалыматтар камтылган.

Улуттук банк тарабынан республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктары жана орто мөөнөттүү мезгил аралыгына болжолдоолору, туруктуу өнүгүү максаттарын жүзөгө ашыруунун жана мониторинг жүргүзүүнүн алкагында көрсөткүчтөрү жана индикаторлору, жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү келечектери, инфляцияны болжолдоо, тышкы карыз алуулар, төлөм теңдеминин жана алмашуу курсунун абалы, улуттук валютаны бекемдөө боюнча чаралар жөнүндө маалыматтар сунушталып турган.

Финансылык консультанттын милдетин аткаруунун алкагында, Улуттук банк отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик бийлик органдарынын дарегине бардыгы болуп 400дөн ашык кат жөнөткөн.

*Мыйзам долбоорлоруна экспертиза жүргүзүү*

Улуттук банк отчеттук жылы 30дан ашуун мыйзам долбооруна экспертиза жүргүзгөн, анын ичинде:

- “Кыргыз Республикасынын 2019-жылга республикалык бюджети жана 2020-2021-жылдарга болжолу жөнүндө”;
- “Баалуу металлдар жана асыл таштар жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө”;
- “Ломбарддардын иши жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө”;
- “Мамлекеттик ички финансылык контролдоо жөнүндө”;
- “Жабыркагандарга компенсация төлөө фонду жөнүндө”;
- “Товардык кампалар жана кампа күбөлүктөрү жөнүндө”;
- “Жарандардын үлүштүк курулушка катышуусу жөнүндө”;
- “Мамлекеттик стратегиялык башкаруу жана пландаштыруу жөнүндө”;
- Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Салык кодексине, “Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө” мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасынын “Аудитордук иш жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Жер кодексине, “Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө”, “Күрөө жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Финансы рыногу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “2018-жылдын 6-ноябрында Москва шаарында кол коюлган Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин финансы рыногу чөйрөсүндөгү мыйзамдарын шайкеш келтирүү жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралуу” ж.б.

МАЗМУНУ

2018-жылы Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин актыларынын, Өкмөтүнүн токтомдорунун, буйрууларынын 40тан ашуун долбоорлоруна экспертиза жүргүзүлүп, алар боюнча сунуштар даярдалган, анын ичинде:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Биримдик. Ишеним. Жаратмандык” программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2023-жылдарга иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө;
- “Таза коом” санариптик трансформациялоо концепциясын бекитүү жөнүндө;
- Чет өлкөдө эмгектенген мигранттарды жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн колдоо боюнча 2019-2020-жылдарга каралган “Мекеним” пилоттук программасын бекитүү жөнүндө;
- 2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын программасын жана 2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын жактыруу жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын зергерчилик өнөр жайын 2023-жылга чейин өнүктүрүү концепциясын бекитүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин убактылуу бош каражаттарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына жайгаштыруу тартибин бекитүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Башкаруучу компанияларды тандоо укугун пайдаланбаган камсыздандырылган адамдардын пайдасына түзүлгөн пенсиялык топтоо каражаттарын Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан башкаруунун эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-августундагы №534 “Мамлекеттик ипотекалык насыянын базалык пайыздык ченине колдонулуучу коэффициенттерди эсептөөнүн тартибин бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Ишкердик иш-аракетти жүзөгө ашырууда тобокелдик даражасын баалоо критерийлерин бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;
- Кыргыз Республикасынын “Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 1-мартындагы №81 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жана мамлекеттик ишканалардын финансылык агымын тейлөө боюнча коммерциялык банктарды тандоонун критерийлери жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;
- “Мамлекеттик ипотекалык компания” ачык акционердик коомуна бюджеттик кредитти бөлүп берүү жөнүндө;
- “Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” ачык акционердик коомунун уставдык капиталын көбөйтүү жөнүндө;
- Мамлекеттик инвестициялык долбоорлордун экономикалык натыйжалуулугун баалоо жөнүндө;
- инвестициялык долбоорлордун ишинин артыкчылыктуу түрлөрүн белгилөө жөнүндө ж.б.

*Мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу*

2018-жыл ичинде Улуттук банк бир катар мамлекеттик программаларды жана пландарды иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга катышкан, анын ичинде:

- 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Биримдик. Ишеним. Жаратмандык” программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылга иш-чаралар планы;
– Кыргыз Республикасынын Президентинин “2018-жылды Региондорду өнүктүрүү жылы деп жарыялоо жөнүндө” жарлыгын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы;
– Кыргыз Республикасынын өнөр жайын 2019-2024-жылдарга туруктуу өнүктүрүү стратегиясы;
– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн экспортту 2018-2023-жылдарга өнүктүрүү боюнча программасы;
– Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча меморандумду ишке ашыруу боюнча 2015-2018-жылдарга каралган иш-чаралар планы;
– 2016-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу программасы;
– Алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнүн кесепеттерин минималдаштыруу, товарларга, кызмат көрсөтүүлөргө баалардын кескин жогорулашына жол бербөө жана экономикалык өсүш арымдарын сактоо боюнча 2018-2019-жылдарга каралган чаралар планы;
– Кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) жана террористтик ишти каржылоо тобокелдиктерин төмөндөтүү боюнча 2018-2019-жылга каралган иш-аракеттер планы;
– Кыргыз Республикасында туруктуу каржылоо боюнча Жол картасы;
– Кыргыз Республикасы менен Ислам өнүктүрүү банкынын ортосунда узак мөөнөткө кызматташуу программасы ж.б.

*Эл аралык келишимдерге экспертиза жүргүзүү*

Кыргыз Республикасынын эл аралык жана мамлекеттер аралык уюмдарда катышуусунун алкагында, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын финансы жана банк системасына тиешелүү эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга экспертиза жүргүзгөн, анын ичинде:
– Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосунда Борбордук Азияда регионалдык жол катнаштарын жакшыртуу боюнча программанын үчүнчү баскычын каржылоо жөнүндө макулдашуунун долбоору;
– Кыргыз Республикасы менен Европа бирлигинин ортосунда кеңейтилген өнөктөштүк жана кызматташуу жөнүндө макулдашуунун долбоору;
– Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен Индиянын Резервдик банкынын ортосунда кызматташуу жана банктык кызматташуу чөйрөсүндө маалымат алмашуу жөнүндө меморандум долбоору;
– Кыргыз Республикасы менен Япониянын ортосунда инвестицияларды коргоо жана аны колдоо жөнүндө макулдашуунун долбоору;
– Кызмат көрсөтүүлөрдү эркин сатуу, уюштуруу, иш жүргүзүү жана инвестицияларды ишке ашыруу жөнүндө Көз каранды эмес мамлекеттердин шериктештигине мүчө мамлекеттердин келишим долбоору;
– Евразия экономикалык биримдигинин алкагында баалуу металлдар жана асыл таштар менен операцияларды ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө макулдашуунун долбоору;
– Кыргыз Республикасы менен Швейцария Конфедерациясынын ортосунда кирешеге жана капиталга карата салыктарга кош салык алууну четтетүү жөнүндө макулдашуунун текстине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу протоколдун долбоору ж.б.

Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоорлоруна, Кыргыз Республикасынын Президентинин актыларынын долбоорлоруна, Өкмөттүн токтомдорунун жана буйрууларынын долбоорлоруна, эл аралык келишимдер менен макулдашуулардын долбоорлоруна жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна

экспертиза жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча корутунду чыгарылып, Улуттук банктын ыйгарым укуктарына кирген маселелер боюнча сунуш-көрсөтмөлөр жана сын-пикирлер берилген.

*Ведомстволор аралык комиссияларда иш алып баруу*

Отчеттук жылы Улуттук банктын өкүлдөрү 25тен ашык ведомстволор аралык жумушчу топтун жана комиссиялардын курамында төмөнкү маселелер боюнча иштерге катышкан:

– ЕАЭБ аймагында валюталык жөнгө салуу жана валюталарды контролдоо;
– ЕАЭБ бирдиктүү бажы тарифинин бажы алымдарынын ченине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча Кыргыз Республикасынын позициясын түзүү;
– мигранттардын акча каражаттарын Кыргыз Республикасынын экономикасына тартуу механизмдерин талдап-иликтөө жана изилдөө;
– Кыргыз Республикасында жашыл экономиканы өнүктүрүү модели;
– макроэкономикалык статистика методологиясын өнүктүрүү жана мамлекеттик финансы статистикасынын көрсөткүчтөрүн шайкеш келтирүү;
– контракттык турак жайга каражат топтоо механизмин ишке киргизүү;
– Кыргыз Республикасынын аймагында майнингди жана криптовалюталарды колдонууну мыйзам чегинде жөнгө салуу боюнча ыкманы иштеп чыгуу;
– “Балага сүйүнчү” бир жолку төлөө боюнча пилоттук долбоордун алкагында электрондук форматта маалымат алмашуу механизмин иштеп чыгуу;
– Кыргыз Республикасында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу үчүн бааларга мониторинг жүргүзүү ж.б.

Ведомстволор аралык жумушчу топтордун жана комиссиялардын курамында тиешелүү иштерге катышуунун жыйынтыгында, Улуттук банк өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча тиешелүү маалыматтарды берген жана сунуштарды киргизген.

## 6.5. Ички аудит жана ички контролдоо системасы

*Укуктук негиз*

Улуттук банктын ички аудити Улуттук банк Башкармасына отчет берүүчү Ички аудит кызматы тарабынан жүзөгө ашырылат. Улуттук банкта ички контролдоо системасы Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына жана эл аралык таанылган ички контролдоо принциптерине ылайык уюштурулган. Талаптагыдай ички контролдоо системасын камсыз кылуу, ошондой эле бухгалтердик эсепти жүргүзүү, Улуттук банктын финансылык отчетун даярдоо жол-жоболорун контролдоо максатында, Улуттук банк Башкармасы Аудит боюнча комитеттин курамын аныктайт. Аудит боюнча комитеттин курамына Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү жана Улуттук банктын кызматкери болуп саналбаган көз карандысыз эки эксперт кирет.

*Ишти жүзөгө ашыруу*

Ички аудиттин негизги максаттарынан жана милдеттеринен болуп, Улуттук банкта ички контролдоо, тобокелдиктерди тескөө жана корпоративдик башкаруу системасынын шайкештигине жана натыйжалуулугуна көз карандысыз баа берүү, Улуттук банктын финансылык отчетуна жыл сайын аудит жүргүзүү боюнча тышкы аудиторлор менен жана Улуттук банктын Аудит боюнча комитети менен өз ара иш алып баруу саналат.

2018-жылы техникалык жардам берүүнүн алкагында Дойче Бундесбанктын эксперттери тарабынан ички аудиттин ишинин сапатына көз карандысыз тышкы баа берилген. Ички аудиттин эл аралык кесиптик стандарттарына ылайык, ички аудит ишине көз карандысыз баа беш жылда бир жолу берилет. Тышкы баа берүүнүн жыйынтыгы боюнча Дойче Бундесбанктын эксперттери ички аудит Ички аудиторлор институтунун этика кодексине жана ички аудиттин эл аралык кесиптик стандарттарына толук шайкеш келет деген баа берген.

Отчеттук мезгилде Улуттук банктын негизги иш багыттары, анын ичинде тышкы экономикалык көрсөткүчтөрдү түзүү жана талдап-иликтөө, төлөм системаларынын операторлоруна жана төлөм уюмдарына көзөмөл жүргүзүү, банктык эсептешүүлөрдү уюштуруу, улуттук валютаны чыгарууну уюштуруу, банктык көзөмөл жана банк эмес финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө, ошондой эле башка багыттар боюнча ички аудитордук текшерүүлөр жүргүзүлгөн. Аталган аудитордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча тиешелүү сунуш-көрсөтмөлөр берилип, алардын аткарылышына мониторинг ички аудит тарабынан жүргүзүлгөн.

*Тышкы аудиторлор менен өз ара иш алып баруу*

Улуттук банктын 2018-жыл үчүн финансылык отчетуна тышкы аудит Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген “Делойт жана Туш” ЖЧК аудитордук уюму тарабынан жүргүзүлгөн.

*Аудит боюнча комитеттин отчету*

Аудит боюнча комитеттин иши ички контролдоо системасынын натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшүүнү, тобокелдиктерди тескөөнү жана корпоративдик башкарууну, ички аудит кызматына көзөмөл жүргүзүүнү, бухгалтердик эсепке алуу стандарттарынын шайкеш колдонулушун камсыз кылууну, финансылык отчеттун сапатына байкоо жүргүзүүнү, тышкы аудитордун ишинин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген стандарттарга ылайык келүүсүнө баа берүүнү камтыйт.

2018-жылы Аудит боюнча комитет тарабынан 19 отурум өткөрүлгөн, анда ички аудиттин иши тууралуу материалдар, ички жана тышкы аудиттин сунуш-көрсөтмөлөрүнүн аткарылышына жүргүзүлгөн мониторинг, ички контролдоо системасы боюнча жалпы маалымат кароого алынган. Аудит боюнча комитет өзүнүн иши тууралуу маалыматты жарым жылдык негизде Улуттук банк Башкармасынын кароосуна сунуштап турган. Аудит боюнча комитеттин мүчөсү болгон көз карандысыз эксперт Улуттук банктын тышкы аудиторун тандоого катышкан. Тышкы аудиторлордун көз карандысыздыгынын кепилдигин камсыз кылуу максатында, Аудит боюнча комитет жыл ичиндеги финансылык отчеттун аудити боюнча тышкы аудиторлордун жооптуу өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөргөн.

# ТИРКЕМЕЛЕР

Улуттук банктын
2018-жыл үчүн жылдык отчетуна карата
**1-тиркеме**

## 2018-жылы акча-кредит чөйрөсүндө болуп өткөн негизги окуялар хронологиясы

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 11-январь | “Элфинанс” МКК жоопкерчилиги чектелген коомуна эсептик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк берилген. |
| 22-январь | Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу комиссиянын 9-отурумуна катышуу. |
| 25-31-январь | Экономика чөйрөсүндө түптөлгөн акыркы тренддерди жана кеңейтилген кредиттик механизмдин (ECF) алкагында ЭВФ тарабынан колдоого алынган үч жылдык экономикалык программанын аткарылышын талкуулоо максаты менен ЭВФ миссиясы келген. |
| 31-январь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан:<br>– валюталык своп-операцияны эки тараптуу негизде жүргүзүү жана валюталык своп-операциянын аяктоо мөөнөтүн өзгөртүү мүмкүнчүлүгү жагында “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын валюталык своп-операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган;<br>– уюштуруучулар (акционерлер) болуп саналбаган юридикалык жактардан, ошондой эле ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдардын уюштуруучулары (акционерлери) – юридикалык жактардан жана жеке адамдардан акча каражаттарын тартууга чектөөлөрдү алып салуу жана каржылоонун максималдуу чогуу алгандагы өлчөмүн көбөйтүү максатында Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. |
| 8-февраль | Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин Финансы рыноктору боюнча консультативдик комитетинин Россия Федерациясынын Москва шаарында болуп өткөн отурумуна катышуу. |
| 14-февраль | Эл аралык төлөм системасынын карттары менен улуттук валютада өлкө ичиндеги эсептешүүлөрдүн алкагында таза позициялардын акыркы эсептешүүсүн жүргүзүүдө катышуучулардын милдеттенмелеринин өз убагында аткарылышын камсыз кылуу максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Төлөм карттар менен эл аралык эсептешүү системалары үчүн камсыздандыруу (камдык) фонду жөнүндө” убактылуу жобо бекитилген. |
| 16-февраль | “Диджитал Пэйментс-К” жоопкерчилиги чектелген коомунун төлөм системасынын операторунун ишин ишке ашыруу укугуна лицензия берилген. |
| 19-февраль | Улуттук валютанын 2000 сом номиналындагы эстелик банкноту жогорку коргоо элементине ээ болуу боюнча High Security Printing Europe (Польша) эл аралык конференцияда “2018-жылдын мыкты регионалдык банкноту” номинациясынын жеңүүчүсү аталган. |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 22-февраль | “Мир Финанс” МКК жоопкерчилиги чектелген коомуна эсептик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк берилген. |
| 26-февраль | Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмүн 5,00 пайыз деңгээлинде калтыруу чечими кабыл алынган жана 2017-жылдын IV чейреги үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет жактырылган. |
| 27-февраль | • Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө чечимине тиешелүү Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусунда пресс-конференция өткөрүлгөн.<br>• Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын экономика саясатынын 2018-жылга каралган негизги багыттары тууралуу биргелешкен билдирүүсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Улуттук банк Башкармасы тарабынан жактырылган. |
| 28-февраль | • Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр бекитилген:<br>– Улуттук банктагы депозиттик валюталык эсептерге валюталык активдерди жайгаштыруу мүмкүнчүлүгүн коммерциялык банктарга сунуштоо шарттарын жөнгө салуучу “Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында ачылган депозиттик эсептерине жайгаштыруу тартиби жөнүндө” жобо;<br>– “Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары тарабынан милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр. Бул өзгөртүүлөр кошо жоопкерчиликтүү топко берилген кредиттердин көлөмүнө да тиешелүү.<br>• “Ак Банк” ачык акционердик коомунда убактылуу администрация атайын режими токтотулган. |
| 5-март | Төлөм системасы боюнча Банктар аралык кеңештин отуруму болуп өткөн. |
| 12-20-март | Кыргыз Республикасынын Дүйнөлүк акча жумалыгына катышуусунун алкагында балдар жана жаштардын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча иш-чаралар өткөрүлгөн. |
| 14-март | “Элкарт” улуттук төлөм карттары менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасын башка өлкөлөрдүн улуттук/эл аралык төлөм системаларына интеграциялоо долбоору үчүн эсептешүү агентин тандоо критерийлери жөнүндө убактылуу жобого ылайык, төлөм карттарынын улуттук системалары менен кызматташуунун алкагында Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Элкарт” улуттук төлөм карттары менен эсептешүүлөрдүн системасын “Мир” төлөм системасына (Россия) интеграциялоо долбоору үчүн эсептешүү агентин тандоо жөнүндө чечим кабыл алынган. |
| 26-март | Улуттук банк Башкармасы эсептик чен өлчөмүн 5,00 пайыз деңгээлинде калтыруу чечимин кабыл алган. |
| 27-март | Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө чечимине тиешелүү Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусунда пресс-конференция өткөрүлгөн. |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 28-март | • Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын биргелешкен токтому менен Кыргыз Республикасында Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга каралган мамлекеттик программа (үчүнчү баскыч) бекитилген, ал нак жана нак эмес акча жүгүртүүнүн оптималдуу жана тең салмактуу катышына жетүүгө багытталган.<br>• Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген:<br>– алмашуу бюролорунун ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү тартибин жөнгө салуучу ченемдерди белгилөө максатында, “Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө” нускоого;<br>– ислам банк иши жана каржылоо принциптерине туура келүүчү “товардык мурабаха” бүтүмдөрү боюнча операциялар тизмегин кеңейтүү максатында Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына. |
| 29-март | Евразия экономикалык биригине мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын Валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин Россия Федерациясынын Москва шаарында болуп өткөн 16-отурумунда катышуу. |
| 30-март | • “Элет-Капитал” МКК жоопкерчилиги чектелген коомунун “Элет-Капитал” МФК” жабык акционердик коомуна кайра өзгөртүлүп түзүлүшүнө байланыштуу улуттук жана чет өлкө валюталарында айрым банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берилген.<br>• Мамлекеттер аралык банктын кеңешинин Россия Федерациясынын Москва шаарында болуп өткөн 56-отурумунда катышуу. |
| 2-апрель | Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” мыйзамы кабыл алынган, мында финансылык жылдын жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын уставдык капиталынын жана милдеттүү камынын суммасы Улуттук банктын монетардык милдеттенмелеринен он пайыз аз болгон учурда, Улуттук банктын пайдасынын 90 пайызын Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кирешесине которуу каралган.<br>Мыйзамдын талаптары Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине Улуттук банктын 2017 жана 2018-жылдардын жыйынтыгы боюнча пайдасын которууга таркатылат. |
| 2-4-апрель | Евразия экономикалык биригине мүчө мамлекеттердин Макроэкономика боюнча консультативдик кеңешинин Россия Федерациясынын Москва шаарында болуп өткөн отурумуна катышуу. |
| 8-апрель | Кыргыз Республикасы үчүн каралган Эл аралык валюта фондусунун кеңейтилген кредиттик механизми (ECF) боюнча үч жылдык экономикалык программасы аягына чыккан. |
| 12-апрель | “Эверест Финанс” МКК жоопкерчилиги чектелген коомуна эсептик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк берилген. |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 20-апрель | • Кыргыз Республикасында Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча ведомстволор аралык комиссиянын отуруму өткөрүлгөн.<br>• “Барс Мани” жоопкерчилиги чектелген коомуна төлөм уюмунун жана төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензия берилген. |
| 24-апрель | Улуттук банк акционер катары “Банктар аралык процессинг борбору” жабык акционердик коомунун акционерлеринин кезектеги жалпы жыйынына катышты. |
| 26-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Нак чет өлкө валюталары менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензияларды берүү тартиби жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган, ал сезондук негизде иштеген юридикалык жактарга 500 миң сом өлчөмүндөгү жүгүртүү каражаттарынын өлчөмү менен алмашуу бюролорун жана бир алмашуу бюросуна дагы кошумча төрт алмашуу бюросун ачуу мүмкүнчүлүгүн сунуштайт. |
| 27-апрель | Банк тутуму үчүн күндөлүк актуалдуу маселелерди, ошондой эле банк тутумунун Евразия экономикалык бирлигине интеграциялоо келечектерин талкуулоо боюнча коммерциялык банктардын, Депозиттерди коргоо боюнча агенттиктин, Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондусунун, бир катар микрофинансылык уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда банктык тегерек стол маеги өткөрүлгөн. |
| 8-май | “Кемин” МКК жоопкерчилиги чектелген коомуна карыздык милдеттенмелерди (факторинг) сатып алууга жана кийинчерээк сатуу укугуна лицензия берилген. |
| 10-май | Улуттук банктын улуттук валютанын жүгүртүүгө чыгарылышынын 25 жылдыгына, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын улуттук валютасына 25 жыл” жана “Комуз” коллекциялык монеталарынын жүгүртүүгө чыгарылышына арналган пресс-конференция өткөрүлгөн. |
| 11-май | Улуттук валютанын жүгүртүүгө чыгарылышынын 25 жылдыгын майрамдоого байланыштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Өкмөтүнүн өкүлдөрүнүн, Швейцариянын, Чехиянын, Россиянын, Казакстандын, Грузиянын, Өзбекстандын, Армениянын, Тажикстандын, Молдованын, Монголиянын борбордук банктарынын, эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда эл аралык конференция өткөргөн. |
| 16-май | Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2017-жыл үчүн Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет каралган жана эске алынган. |
| 21-май | Улуттук валютанын 2000 сом номиналындагы эстелик банкноту “Banknote 2018” (АКШ) эл аралык конференцияда “Банкноттук индустриянын мыкты инновациясы” номинациясында сынактын жеңүүчүсү аталган. |
| 22-25-май | Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук системасына өз ара баа берүү жөнүндө отчет бекитилген, Кытай Эл Республикасынын, Нанкин шаарында болуп өткөн Евразия тобунун 28-пленардык отурумуна катышуу. |
| 28-май | Улуттук банк Башкармасы Улуттук банктын эсептик ченин 4,75 пайызга чейин төмөндөтүү жөнүндө чечимин кабыл алган жана 2018-жылдын I чейреги үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет жактырылган. |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 30-май | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына, анын ичинде жеке адамдардан, юридикалык жактардан аманаттарды кабыл алуу укугуна ээ эмес микрофинансылык уюмдардын, кредиттик союздардын ишин жөнгө салуучу Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын эң мыкты эл аралык тажрыйбага ылайык келтирүү максатында, активдерди классификациялоо маселелери жагында ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган. |
| 1-2-июнь | "Кыргызстан банктарынын союзу" юридикалык жактар бирикмесинин Улуттук банк менен биргеликте уюштурган "Финансы чөйрөсүндөгү тренддер. Андан ары өнүктүрүү вектору" деп аталган Бишкек эл аралык финансы форуму (BIFF) өткөрүлгөн. |
| 6-8-июнь | Россия Федерациясынын Санкт-Петербург шаарында болуп өткөн Эл аралык финансылык 27-конгресске катышуу. |
| 8-июнь | "Росинбанк" ачык акционердик коомуна тике банктык көзөмөл атайын режими киргизилген. |
| 15-июнь | Беларусь Республикасынын Раубичи кыштагында өткөн Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин Финансы рыноктору боюнча консультативдик комитеттин отурумуна катышуу. |
| 19-июнь | • "Аманбанк" ачык акционердик коомунда тике банктык көзөмөл режими алты айга узартылган.<br>• Улуттук банк Башкармасы тарабынан "Ак Банк" ачык акционердик коомуна Убактылуу администрация атайын режими алты ай мөөнөткө киргизилген. |
| 20-июнь | • Коммерциялык банктарга тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүн киргизилишине байланыштуу Улуттук банк Башкармасы тарабынан:<br>– "Банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жөнүндө" нускоо бекитилген;<br>– коммерциялык банктарда тобокелдиктерди тескөө маселелери боюнча Улуттук банктын бир катар ченемдик укуктук актылары кабыл алынган.<br>• "БТА Банкы" жоопкерчилиги чектелген коомуна ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык "ислам терезеси" аркылуу улуттук жана/же чет өлкө валюталарында банктык операцияларды жүргүзүү укугуна лицензия берүү жөнүндө Улуттук банк Башкармасынын чечими кабыл алынган. |
| 21-июнь | • Улуттук төлөм системаларынын өнүгүшүн координациялоо боюнча жумушчу топтун Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында болуп өткөн 5-отурумуна катышуу.<br>• "RPS Asia" жоопкерчилиги чектелген шериктештиги эл аралык электрондук акча системасынын оператору катары катталган.<br>• "ГЛОБПЭЙ" жоопкерчилиги чектелген коому эл аралык электрондук акча системасынын оператору катары катталган. |
| 22-июнь | "ФедПэй" акционердик коому эл аралык акча которуу системасынын оператору катары катталган. |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 25-июнь | Улуттук банк Башкармасынын Улуттук банктын эсептик ченин 4,75 пайыз деңгээлинде сактоо жөнүндө чечими кабыл алынган. |
| 26-июнь | • Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө чечимине тиешелүү Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусунда пресс-конференция өткөрүлгөн.<br>• Улуттук банкта жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү үчүн ачык эшик күнү өткөрүлгөн. |
| 28-июнь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан:<br>– 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өнүктүрүүнүн 2018-2022-жылдарга каралган негизги багыттарын аткаруу тууралуу отчет каралган жана, эске алынган;<br>– “Евразия Сактык Банк” ачык акционердик коомуна Убактылуу администрация атайын режими алты ай мөөнөткө киргизилген. |
| 28-июнь-11-июль | Эл аралык валюта фондусунун миссиясы экономикада түптөлгөн акыркы тенденцияларды жана келечектеги мүмкүнчүлүктөрдү талкуулоо максатында келген. |
| 4-июль | Евразия кеңешинин борбордук (улуттук) банктарынын Тажикстандын Душанбе шаарында болуп өткөн 38-отурумуна катышуу. |
| 11-июль | Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” мыйзамы кабыл алынган, ага ылайык Улуттук банк Евразия экономикалык бирлигинин алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте Кыргыз Республикасы тарабынан түзүлгөн эл аралык уюмдарга алардын Кыргыз Республикасынын экономикасын жеңилдетилген шартта каржылоо долбоорлору жана программалары боюнча төлөп берүү, мөөнөттүүлүк, кайтарымдуулук шартында улуттук валютада акча каражаттарын чет өлкө валютасынын же Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарынын камсыздоосу астында берүүгө укуктуу. |
| 18-июль | • Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын банк секторун өнүктүрүүнүн 2018-2021-жылдарга каралган негизги багыттарынын иш-чаралар планынын аткарылышы тууралуу 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн отчет кароого алынып, эске алынган.<br>• Улуттук банк Башкармасы “Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан банктарда тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобону кабыл алган. |
| 26-27-июль | Кытай Эл банкынын Үрүмчү филиалынын делегациясы Улуттук банкка иш сапар менен келген. |
| 31-июль-2-август | Ислам өнүктүрүү банкынын миссиясы айыл чарбаны өнүктүрүүнү микрокаржылоо маселеси боюнча Улуттук банкка иш сапар менен келген. |
| 6-август | “Народный банк” акционердик коому эл аралык акча которуу системасынын оператору катары катталган. |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 7-август | "КИВИ Банк" акционердик коому эл аралык электрондук акча системасынын эмитенти катары катталган. |
| 15-август | • Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр бекитилген:<br>– Кыргыз Республикасынын депозиттерди коргоо системасынын финансылык туруктуулугун камсыз кылуу, аманатчылардын кызыкчылыгын коргоо, системалуу тобокелдикке жол бербөө жана банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу максатында "Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигине кредит берүү жөнүндө" жобо;<br>– банктардын ишинде тобокелдиктерди, экономиканын долларлашуу деңгээлин жана кредиттер боюнча пайыздык чендерди төмөндөтүү, ошондой эле коммерциялык банктарга айыл-чарбаны жана экспортко багытталган жана импортту алмаштыруучу ишканаларды каржылоого байланыштуу мамлекеттик программаларга катышуусуна түрткү берүү максатында, Улуттук банктын бир катар ченемдик укуктук актыларына сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор;<br>– коммерциялык банктардын агенттери аркылуу банк инфраструктурасын жана региондордо калктын банктык чекене кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын банктык төлөм карттары жөнүндө" жана "Банктык чекене кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча агенттик келишим түзүүдө коммерциялык банктардын ишине негизги талаптар жөнүндө" жобого сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор.<br>• Улуттук банк Башкармасынын "РСК Банк" ачык акционердик коомуна Улуттук банк тарабынан эмитирленген, аффинаждалган өлчөнгөн куймалар түрүндөгү баалуу металлдар менен нак жана нак эмес формада операцияларды жүргүзүү укугуна уруксат берүү тууралуу чечими. |
| 17-август | Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча ведомстволор аралык комиссиянын отуруму болуп өткөн. |
| 23-август | "АЙБИЭС МА" жоопкерчилиги чектелген коомуна төлөм уюмунун жана төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензия берилген. |
| 28-август | • Улуттук банк Башкармасы Улуттук банктын эсептик ченин 5,00 пайыз деңгээлинде сактоо жана 2018-жылдын II чейреги үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчетту жактыруу чечимин кабыл алган.<br>• Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө чечимине тиешелүү Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусунда пресс-конференция өткөрүлгөн.<br>• "Дүйнөлүк көчмөндөр оюну" сериясынан "Улак тартыш" жана "Кыргыз каганатынын доору" сериясынан "Кыргыз боз үйү" коллекциялык монеталар жүгүртүүгө чыгарылган. |
| 1-сентябрь | Кыргыз Республикасынын "Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө" мыйзамы күчүнө кирген. |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 3-7-сентябрь | КМШнын борбордук банктарынын өкүлдөрү үчүн “Ислам банкинги, банк көзөмөлү” деген темада семинар өткөрүлгөн. |
| 13-сентябрь | Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча акча которууларды жүргүзүү эрежелерине акча которуу системаларынын операторлорунун Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары алдында акчалай милдеттенмелери боюнча гарантиялар жагында сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган. |
| 17-сентябрь | • Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын Валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин Армян Республикасынын Ереван шаарында болуп өткөн 17-отурумуна катышуу.<br>• Мамлекеттер аралык банктын кеңешинин Армян Республикасынын Ереван шаарында болуп өткөн 57-отурумуна катышуу. |
| 19-сентябрь-3-октябрь | Кыргыз Республикасы үчүн ЭВФ тарабынан колдоого алынган экономикалык программанын мазмунун талкуулоо максатында ЭВФ миссиясы иш сапар менен келген. |
| 24-сентябрь | Улуттук банк Башкармасы Улуттук банктын эсептик ченин 5,00 пайыз деңгээлинде сактоо чечимин кабыл алган. |
| 25-сентябрь | Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө чечимине тиешелүү Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусунда пресс-конференция өткөрүлгөн. |
| 26-27-сентябрь | ISO 20022 “Финансылык кызмат көрсөтүүлөр. Финансы индустриясынын универсалдуу билдирүүлөр схемасы” эл аралык стандартын жайылтуу жагында кызматташуу маселелерин талкуулоо максатында, Беларусь Республикасынын, Россия Федерациясынын жана Казакстан Республикасынын улуттук/ борбордук банктарынын эксперттеринин жолугушуусу болуп өткөн. |
| 3-октябрь | Салык-бюджет жана акча-кредит саясат чараларын макулдашуу максатында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Улуттук банктын ведомстволор аралык координациялык кеңешинин отуруму болуп өткөн. |
